КЫРГЫЗСТАН МУСУЛМАНДАР ДИН БАШКАРМАСЫ

# ЭКСТРЕМИЗМГЕ КАРШЫ КҮРӨШҮҮ

## ИМАМДАР ҮЧҮН КОЛДОНМО

БИШКЕК 2016

УДК
ББК

**Эратов Р., Жаркынбаев К.**
**Э** Экстремизмге каршы күрөшүү. Имамдар үчүн колдонмо.
- Б. : Maxprint, 2016. – 136 с.

**ISBN 987-**

Диний экстремизм жана анын кесепети катары – терроризм менен такфиризм коркунучу бүгүнкү күндө Кыргызстан мусулмандарынын гана эмес, дүйнө элдеринин эң актуалдуу жана көйгөйлүү маселелеринен болуп келет.

Колуңуздардагы чакан китеп диний экстремизм, такфиризм деген эмнени билдирерин, аларды кантип алдын алуу керектигин Ыйык Курандын жана Пайгамбарыбыз Мухаммаддын (с.а.в) Сүннөтүнөн алынган анык окуяларга негизделип, илимий-популярдуу тилде түшүндүрүүгө арналган. Орто кылымдарда ар кандай агымдар ислам үммөтүнүн биримдигин бузуп жик салып келсе, акыркы убактарда мусулман коомчулугунун башына болуп көрбөгөндөй балаа түштү, эскиден калып унутулган такфиристтердин фитнасы, ошону менен катар чынжырлуу такфир деп аталуучу фитна кайрадан жанданды.

Мына ушул максатта  бул китеп аалымдарга, мечит Имамдарына, медресе окутуучуларына, диний кызматкерлерге колдонмо курал катары сунушталат. Мындан тышкары, бул китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө да кызыктуу жана пайдалуу болушу мүмкүн.

Иш жүзүндө бул колдонмо азыркы замандагы экстремизмдин башаты тууралуу, шайкеш келүүчү түшүндүрмөлөрдү сабаттуулук менен колдонуу, террористтик уюмдардын пайда болуусунун өбөлгө шарттарын, мүнөзүн, алардын кыймылдаткыч күчтөрүн таанып билүүгө жардам берет. Алардын ишениминин көмүскө жактарын, аларга каршы туруудагы ар кандай стратегияларды, аны менен катар кыйынчылыктарды түшүнүүгө жол ачат.

Ошондой эле бул басылмада Кыргызстан мусулмандарынын Дин башкармалыгынын диний экстремизмге каршы багытталган ишмердүүлүгү тууралуу кыскача маалымат берилген.



# Олуттуу маселе

## Бисмиллаа хиррохмаанир рохиим

Мактоо-алкыш Мээримдүү, Райымдуу, Жаратуучубуз Улуу Алла Таалага, Анын саламы жана салаваты пайгамбарыбыз Мухаммад Мустафа соллооллооху алайхи васалламга болсун.

Ислам дини тынчтыктын, мээримдүүлүктүн, тазалыктын, ынтымактын, адилеттүүлүктүн, боорукердиктин, жалпылап айтканда, коомдо жашаган ар бир адамдын эки дүйнө бактылуулугун камсыз кылуучу дин. Акыркы мезгилде согушчандар Исламдын атын жамынышып алып, жазыксыз элге алып келип жаткан кан төгүүнүн, зордук-зомбулуктун, адилетсиздиктин, бөлүп-жаруунун, талкалоонун дини эмес. Бул Алладан келген ар бир жеке да, үй-бүлөлүк да, жамааттык да жашоонун, бактылуулукту камсыз кылуучу өтө кылдат тартиби.

Бүгүнкү күнү бүтүндөй дүйнө коомчулугунун эң көйгөлүү маселелеринин бири болгон диний экстремизм жана анын кесепетинен келип чыккан терроризм жана такфиризм коркунучу, динди Алла Таала Курани Карим аркылуу сунуштаган, пайгамбарыбыз Мухаммад (с.а.в.) өзүнүн даанышман хадистери, иш жүзүндө сахабаларына көргөзгөн даанышман сүннөт амалдары жана аларды илим кылып иштеп чыккан сахабалардын, алардан кийинки таабииндердин шарияты аркылуу тутпастан, акылына таянышып, динди бурмалап, өзүнчө иштеп чыгууга аракет кылган топтордун кесепетинен келип чыгууда. Бул көйгөй дүйнөдөгү Ислам аалымдарынын дагы тынчсыздануусун козгоодо. Буга 2014-жылы 10-12-декабрда, Москвада (Россия),2015-жылы 15-17-апрелде Бишкекте, ушул эле жылы Алматада (Казакстан) өткөрүлгөн Ислам аалымдарынын экстремизм, терроризм жана такфиризм жана

алардын коркунучу боюнча өткөрүлгөн илимий форумдар, симпозиумдар далил болуп эсептелет.

Мына ушундай шартта илгертеден эле мусулман болуп ыйманды туу тутуп келген кыргыз элибизге, мамлекетибизде жашаган бардык мусулман журтуна, диний экстремизм деген, такфиризм деген эмне экендигин жана анын алдын кантип алуу керектигин илимий негизде туура түшүндүрүү бүгүнкү күндө эң актуалдуу маселе. Мына ушул максатта республикабыздын мечит имамдарына, медресе окутуучуларына, диний кызматкерлерге Куран жана сүннөттүн негизинде иштелип чыккан, колдонмо курал катары сунушталып жаткан колуңуздардагы чакан китеп, диний экстремизм, такфиризм илдетинен сактанууда пайдалуу курал болуп берет деген үмүттөбүз.

Жараткан Алла Таалабыз чексиз мээрими менен элибизге туура жолду насип кылып, адашуудан сактасын. Бүткүл Ислам үммөтүнө бүткүл дүйнө жүзүнө тынчтык, бейпилчилик, ынтымак берсин, согуш, жаңжалдардан сактасын.

**Максатбек ажы Токтомушев, Кыргызстан мусулмандарынын Азирети Муфтийи**

## Кириш сөз

Чексиз мактоолор жана шүгүрлөр бардыгыбызды жоктон бар кылып, жандуу макулуктарынан айырмалап адам кылып, акыл-эс берип, эки дүйнөдө бактылуу болсун деп мусулман кылып жана ошол бактылуулугуна ээ болуш үчүн Ислам динин берип жараткан Алла Таалага болсун жана Анын саламы жана салаваты ааламдын мээрими, пайгамбарлардын имамы, бүткүл адамзаттын үлгүсү, эки дүйнө бактылуулугунун жол башчысы Мухаммад саллооллооху алайхи васалламга болсун.

Алла Таала Курани Каримде:

الْيَوْمَ أَكْمَلْتُ لَكُمْ دِينَكُمْ وَأَتْمَمْتُ عَلَيْكُمْ نِعْمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ الْإِسْلَامَ دِينًا

“**Бүгүн силерге диниңерди толук кылдым, нематымды-жакшылыгымды кемчиликсиз толук кылып бердим жана силер үчүн Исламды (гана) дин кылып тандадым...”**, дейт[1]. Демек, динибиз эч бир кемчиликсиз, андыктан пенде акылына таянып, динден кынтык, кемчилик табуу бул чоң адашуу, бактысыздык.

Динде жашоо бул адам баласынын тынчтыкта, бейпилчиликте, өмүрүнүн ар бир учурунда Пайгамбарыбыздын сүннөтүнө ылайык жашоосу. Алла Тааланын илимине сугарылган Ислам дини адамдын бул жарык дүйнөгө келгенден баштап, өлгөнгө чейинки рухий да, дүйнөлүк да, жеке да үй-бүлөлүк да, жамааттык да жашоосун камтып, өзүнүн көрсөтмөсү менен жашаган момун-мусулмандын кандай муктаждыгы болбосун чечип, бул дүйнөдөгү да акыреттеги да жашоосунун бактылуулугун камсыз кылат, буга эч кандай шек жок.

Исламдын бир өзгөчөлүгү универсалдуулугу, мындайча айтканда, бардык замандарга болсун, бардык жерге, улутун, коомдогу ээлеген ордун, адамдардын бай, кедейлигин, мансаптуу, мансапсызын, тектүү тексизин ылгабастан бардык элдерге бирдей кызмат кылган дин. Пайгамбарыбыз Мухаммаддын (с.а.в.)

---

[1]***(Мааида, 3)***

пайгамбарчылыгынан бери он төрт кылымдан ашык мезгил өтсө дагы, эскирбестен, күнү бүгүнкүдөй адамзатка кызмат кылып келе жатат жана Кыямат күнүнө чейин кызмат кыла бермекчи.

Исламдын дагы бир улуу өзгөчөлүгү анын ортолук принциби. Мындайча айтканда, Ислам момун-мусулманды жашоосунун кандай учурунда болбосун, башына мусийбат-кайгы түшкөндө, кыйынчылыкка, жокчулукка, жоготууларга жана башка ушундай абалдарга учураганда, же бир ийгилик, бактылуу мезгилдеринде, адамдар менен болгон алака-мамилелерде өтө кайдыгерликке, же кайгы-муңга чөмүлбөй, ачууга, шашкалактыкка алдырбай, сүйүнүчтөн өзүн жоготуп койбой, сабырдуу, оор басырыктуу абалда болууга тарбиялайт.

Ислам мусулмандын ибаадатта да ахли сунна вал жамаат акыйдасынын, шариятынын көрсөтмөлөрүнүн чегинен чыгып, ашыкча кетүүгө да жол бербейт. Алла Таала Курани Каримде:

**وَكَذَٰلِكَ جَعَلْنَاكُمْ أُمَّةً وَسَطًا**

**“Биз силерди ортočо үммөт кылдык”,** дейт [2].

Бүгүнкү күндө бүткүл адамзаттын коркунучуна айланган диний экстремизм жана такфиризм көйгөйү да илимсиздиктин, моюн сунбоонун, Исламдын “васатия” – ортолук принцибинен четтеп, аша чабуунун кесепетинен келип чыгууда. Бүгүнкү күндө экстремизм жалаң эле биздин эмес, бүткүл дүйнөнүн көйгөйүнө айланууда. Ошондуктан, Кыргызстан мусулмандарынын диний Башкармасы, имамдар, дин кызматкерлери элдин аң-сезиминин радикалдашуусунун алдын алуу жана экстремизмге каршы туруу боюнча дагы өз салымын кошуу керек. Ошол максатта биз имамдарга ушул колдонмону сунуштап жатабыз.

[2] ***(Бакара, 143)***

# I Глава
## Имамдын ролу жана жоопкерчилиги жөнүндө

Бүгүнкү күндө динибиздин эки дүйнө бактылуулугун камсыздай турган Алланын илимине сугарылган тынчтыктын, бейпилчиликтин дини экендигин, максатка жетүүдө ахли суннати вал жамаат акыйдасы жана ханафий мазхабынан четтеп кетпей туура тутуу керектигин түшүндүрүп, жамаат мүчөлөрүнө акыйда, фикх жана башка шарият илиминен таалим берип, алардын радикалдык көз караштагы терс агымдарга кошулуп кетпөөлөрү үчүн туура багыт берүүдө илимдүү мечит имамдарынын ролу өтө зор. Имамдардын ролу ушунчалык жогору экендиги, Жаратуучубуздан адамзаттын жападан жалгыз жашоо эрежеси болуп келген Ислам динибизди кандай түшсө дал ошондой, алымча кошумчасыз таза бойдон өзүнүн даааваты менен да, ар бир момун-мусулман күндөлүк жашоосунун эреже-тартиби кылып алса адашпай турган үлгүлүү-жүрүш турушу менен, адамдарга кылган бийик адеп-ахлагы менен, үй-бүлөдөгү да, коомдогу да жакшынакай мамилеси менен жалпысынан алганда даанышман сүннөтү менен эң кыска убакытта адамзатка жеткирген жамааттын эң алгачкы имамы Мухаммад (с.а.в.) пайгамбарыбыздын жашоосунан көрүнөт. Ошондуктан, мечиттин ар бир имамы ушул улуу жоопкерчиликти сезип, мечиттин жамаатынын алдында милдетин такыбалык менен так аткаруусу өтө зарыл. Таза нерсеге жуккан кымындай кир дароо көзгө урунган сыяктуу, имамдын кетирген кичинекей кемчилиги, катасы да көпчүлүктүн көзүнө дароо урунат. Адамдар кемчилик, ката кетирген имам жөнүндө “баланча имам бастанча кемчилик ката кетирди” дебейт, “молдолордун бардыгы ушундай”, деп жалпы имамдарга эле эмес, динибизге сөз тийгизет. Ошондуктан, ар бир имам жүктөлгөн вазыйпасын, такыбалыкты өзүнүн нафсисине көзөмөлдөөчү кылып алуу менен таза аткаруу керек.

Динибизде имамдын орду өтө жогору бааланган. Мухаммад (с.а.в.) пайгамбарыбыздын даанышман хадисинде имамдын орду тууралу «... Алла Таала жети кишини эч бир нерсенин көлөкөсү болбогон Кыямат күнү Арштын саясында көлөкөлөтөт”- деп айтылган. Ошол жетөөнүн бири адилеттүү имам. Имам Алланын алдында адамдардын намазына жана башка иштерде өз артында ээрчиген адамдарга жоопкер. Бул тууралуу төмөнкү хадистерде:«*Силер баарыңар жооптуусуңар. Өз кол астыңардагы нерселерге жооп бересиңер. Имам өз кол астындагы адамдарга жооп берет. Киши өз үй-бүлөсүнө жооп берет. Аял өз күйөөсүнүн үй оокаттарына жооп берет. Кызматчы өз кожоюнунун малына жооп берет», деп имамдын жамааттын астындагы жоопкерчилигин өтө жогору койгон.(Бухарий,849/893)*

## Имам кандай болуу керек?

Имам сөзү арабдын “амаама” деген сөзүнөн алынып, сөздүктөгү мааниси “алдыңкы” дегенди билдирет. Мындайча айтканда, имам деген жамаат намаздарында намаз окуучулардын алдында туруп, элди намазга жыга турган, канча адам намаз окуй турган болсо, ошончо адамдын намазынын милдетин мойнуна жүктөгөн адам. Жамаат өзүнүн арасынан эң илимдүү, Куранды жакшы окуй турган, такыба, үлгүлүү мүнөзү, жүрүш-турушу, адеп-ахлагы менен айырмаланган адамды имам шайлап алат жана жалаң эле намазда эмес, бардык шарият маселелеринде да, жашоодо да ага баш ийип, айткандарын жетекчиликке алат.

Ошондуктан, имам – бул адамдарды туура жолго чакырган, жамандыктан кайтарган,аларга насаат айткан,муктаждарга туура кеңеш берген, билбегенин үйрөткөн,кайдигерликтен куткарып,туура жол көрсөткөн, диний кызматкер,элди жетектөөчү. Демек,имамадамдардын коомдук жашоого чоң таасир көрсөтүүчү,

аларды туура жолго үндөөчү таасирдүү киши. Ошондуктан имам эң жакшы сапаттар менен үлгү болушу керек.

Кандай адам имам болушу керек, деген маселеде Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) хадистерине кайрыла турган болсок, сахабалардын риваяттарында төмөндөгүдөй келет. Азирети Абу Масьуд Ансарийден (р.а.) риваят, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айтты: «Коомдун ичинен ким Алланын Китебин эң жакшы окуса, ошол киши имам болот. Эгер Куранды окууда баары бирдей болсо, сүннөттү эң жакшы билгени, эгер сүннөттү жакшы билүүдө да баары бирдей болсо, алгачкы хижрат (көчүү) кылганы болот. Эгер хижрат кылууда да бирдей болсо, жашы улуусу болот. Жана бир киши экинчи кишинин өкүм жүргүзүүчү  жайында имам болбосун жана анын өзүнчө олтура турган жайына, анын уруксаты болмоюнча олтурбасын» *(Муслим)*.

Түшүндүрмө: Хадистеги «Алланын Китебин эң жакшы окуганы» дегендин мааниси, Куранды жагымдуу үн менен окуу менен бирге эле, Курандын маанисин жакшы түшүнүү, арамын арам деп билип, андан сактануу, адалын адалын деп билип, ага амал кылуу.

Азирети Абдуула ибн Умардан (р.а.) риваят, Алланын Элчиси (с.а.в.) айтты: «Ким бир коомго имамчылык кыла турган болсо, Алладан корксун жана билип алсын, жоопкер киши моюнундагы жүктөлгөн иши тууралуу суралуучу. Эгер өз милдетин жакшы аткарган болсо, ага уюп артында намаз окуган кишилерге берилген сооптон эч бир кемитилбестен, ошончо сооп берилет жана кетирген кемчиликтин баары имамдын мойнуна жүктөлөт» *(Канзил Амаал)*.

Азирети Абу Хурайрадан (р.а.) риваят, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айтты: «Силердин бирөөңөр элге имам болуп намаз окуса, жеңил кылып окусун. Себеби, алардын ичинде оорулуусу, алсызы

жана картаңдары бар. Ал эми бирөөңөр өзү үчүн (жалгыз) намаз окуса, каалаганча узартып окуй берсин» *(Бухарий, Муслим)*.

Азирети Абу Хурайрадан (р.а.) риваят, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айтты: «Имамдан мурда кыймыл-аракет кылбагыла. Качан имам такбир тахриманы айтканда силерда такбир айткыла жана качан «валаззооллиийн» дегенде силер «аамиин» деп айткыла. Качан «самиьаллооху лиман хамида» деп айтканда, силер «роббана лакал хамд», дегиле» *(Канзул ьамаал)*.

Азирети Абдулла ибн Умардан (р.а.) риваят, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айтты: «Араңардан жакшы кишилерди имам кылгыла. Себеби, алар (имамдар) силер менен Роббиңердин ортосундагы ортомчуңар».

## Имамды дайындоо

Ар бир аймактагы намаз окуган кишилер имамчылыкка ылайыктуу кишини имам кылып дайындап алуулары зарыл. Бирок, имамчылыкка дайындалуучу кишиге эли-журтунун бардыгынын пикири дал келбеши мүмкүн. Мындай учурда көпчүлүктүн пикирине жараша чечим кабыл алынат.

Эгер имамчылык сыпаттарына ээ болбогон адам имам болуп дайындалып калса, сүннөткө амал кылынбай калгандыктын себебинен, эл экиге бөлүнүп, келишпөөчүлүктөр туулушу мүмкүн.

Ошондуктан шариятыбыз төмөндөгү сыпаттардын негизинде имам дайындоону бекиткен:

1.Намаздын маселелерин жана намазга жетишээрлик Курандын сүрөөлөрүн жакшы билүү;

2.Куранды жакшы окуу, мындайча айтканда, тажвид эрежелери менен ачык, даана, так окуу;

3.Баарынан такыба болуу;

4.Жашы улуурагы;

5.Сырткы келбети, турпатынын жагымдуу болуусу;

6.Кийген кийимдеринин тазалыгы.

Жыйынтыктап айтканда, өзүнүн мойнуна жогоруда баса белгиленип кеткен улуу милдеттерди жүктөгөн имам:

-Билимдүү

- Акылдуу
- Такыба
- Адамгерчиликтүү
- Чынчыл
- Адилеттүү
- Сабырдуу,оор басырыктуу
- Ак-көңүл
- Ички жана тышкы тазалыгы
- Жакшы кулк-мүнөздүү
- Жөнөкөй, жупуну
- Үлгүлүү
- Айтканына өзү амал кылган
- Сөзгө чечен
- Жарашыктуу кийинген
- Кереметтүү Куран жана хадистин негизинде сүйлөгөн адам болушу керек.

## Имамдын жоопкерчилигине кирген иштер

Коомдо болуп жаткан иштерге назар салып, ислам баалулуктарын айтып, адашкандарга жол көрсөтүп, чыр-чатактардын алдын алууга кам көрүү, жакшылыкка чакыруу жамандыктан кайтаруу, урушкандарга насаат айтып, жараштыруу, өз карамагындагы адамдарды бардык иштерде туура жолго жетектеп, өз ара мамилени оңдоп, ар андай бузук иштерден кайтарып турууга милдеттүү. Ошондуктан имамдын жоопкерчилигине кирген төмөндөгү иштерге ар бир имам амал кылуусу зарыл.

- Кереметтүү Куран жана Хадистердин жардамы менен насаат айтуу.
- Ахлу сунна акыйдасынын негизинде Алла Тааланы таанытуу.
- Элдин айт, жума, беш убак намаздарына имамдык кылуу.
- Кудай алдында жана коом, мекен, эл-журталдындагы адамдардын укук милдеттери жөнүндө айтып, эскертип, алардын диний сабатын жоюу.
- Шарияттагы адал менен арамды, жакшы менен жаманды таанытуу.
- Эл биримдигин чыңдоо, зордук зомбулукка каршы туруу.
- Өз жамаатын ар түрдүү адашкан агымдардан жана аша чапкандардан коргоо.
- Чатакташкандарды жараштырып, уруш жаңжалдын алдын алуу.

-Элдин күнүмдүк турмушуна керектүү дин маселелерин айтуу, суроолоруна жооп берүү.

## Жоопкерчиликтен качуу күнөө иш

Жана ошондой эле имам жоопкерчиликтен да качпоо керек. Чындыкты, адамдардын көңүлүнө тийип калат, эл жаман көрөт деп, айтпай коюу күнөө иш. Көбүнчө кээ бир салтка айланып калган бидаат иштерди, мисалга, кайтыш болгон маркумду үч күн кармоо, маркумдун сөөгү жаткан боз үйгө анын сүрөтүн илип коюу, элдин сөзүнө калбайын деп, материалдык мүмкүнчүлүгүнө карабастан ыксыз ысырапка жол берип союш союп, карызга батуу сыяктуу иштердин жана ошондой эле ар кандай мааракe, тойлордо берилип жаткан арак-шарап ичимдиктердин арам экендигин, шариятка жатпастыгын, чоң күнөө болоорун элге Куран, хадистин негизинде түшүндүрбөстөн, мурунтан бери болуп келе жаткан көрүнүш, деп көз жумдуга салып коюу, имам үчүн эч жол берилбей турган нерсе.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) өзүнүн даанышман хадистеринде:

«Кайсы бир жетекчиге мусулмандардын жооптуу иши тапшырылса, ал аларга кыянаттык кылып дүйнөдөн өтсө, Алла Таала ага бейишти арам кылат*».(Бухарий 6732)*

«Кайсы бир адамга мусулмандардын жетекчилик иши тапшырылса жана ал өз ишине жетээрлик аракет кылбаса, аларга насаат айтпаса, алар менен чогуу бейишке кирбейт”, деп белгилеп кеткен*(Муттафакун алайхи).*

## II Глава
## Ислам тынчтыктын дини

Ислам – бул бир мааниси, саламатчылык, амандык, тынчтык дегенди дагы бир маанисинде баш ийүүнү билдирген Алла Тааланын пенделерине насип кылган жашоо эрежеси. Андыктан ар бир адам өзүнүн жамаатындагы адамдарга Исламдын жол-жобо эрежелерин түшүндүрүп, адамдарды тынчтыкта, бейпилчиликте жашоого, бирөөлөргө колунан да, тилинен жамандык кылбай, гайбат кылбай, ушак таратпай, өзүнүн мусулман туугандарынын кемчилигине көтөрүмдүү болууга, аларды жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтарууга үйрөткөн, боорукер илимдүү, камкор мусулман болуш керек.

Алла Таала Курани Каримде мындай дейт:

**وَاعْتَصِمُوا بِحَبْلِ اللَّهِ جَمِيعًا وَلا تَفَرَّقُوا وَاذْكُرُوا نِعْمَةَ اللَّهِ عَلَيْكُمْ إِذْ كُنْتُمْ أَعْدَاءً فَأَلَّفَ بَيْنَ قُلُوبِكُمْ فَأَصْبَحْتُمْ بِنِعْمَتِهِ إِخْوَانًا وَكُنْتُمْ عَلَى شَفَا حُفْرَةٍ مِنَ النَّارِ فَأَنْقَذَكُمْ مِنْهَا كَذَلِكَ يُبَيِّنُ اللَّهُ لَكُمْ آيَاتِهِ لَعَلَّكُمْ تَهْتَدُونَ**

**“Бардыгыңар Алланын жибин (гана) карманып, бөлүнүп-жарылбагыла! Силер бири-бириңерге душман болуп турган учурда жүрөктөрүңөрдүн аралыгын жакындаткан, Анын жакшылыгы менен бир тууганга айланганыңарды эстегиле! Тозоктун бир чуңкурунун кырында турган кезиңерде Ал силерди куткарды. Силер Туура жолго түшүүшүңөр үчүн Алла Өз аяттарын ушундай кылып баяндайт”.**[3]

**وَأَطِيعُوا اللَّهَ وَرَسُولَهُ وَلا تَنَازَعُوا فَتَفْشَلُوا وَتَذْهَبَ رِيحُكُمْ وَاصْبِرُوا إِنَّ اللَّهَ مَعَ الصَّابِرِينَ .**

---

[3]*(Аали Имран, 103).*

**“Аллага жана Анын элчисине баш ийгиле; коркпооңор, кубатыңар кетпеши үчүн талашып-тартышпагыла. Сабырдуу болгула. Чындыгында, Алла сабырдуулар менен бирге”[4]**

**قال الله تعالى : "وتعاونوا على البر والتقوى ولا تعاونوا على الإثم والعدوان واتقوا الله إن الله شديد العقاب**

**“Жакшылыкта, такыбалыкта бири-бириңерге көмөктөш-күлө. Ал эми жамандыкта жана душмандыкта көмөктөшпөгүлө Алладан корккула чындыгында Алла катуу азаптоочу”.**[5]

Тилекке каршы бүгүн биздин коомдо ушул аятта айтылгандай чыныгы мусулмандар азайып баратат.Турмушта ата менен баланын, кошуна менен кошунанын, дос менен достун, бир эл менен экинчи элдин ортосунда уруш-талаш, жаңжалдашуу көбөйүүдө. Коомдогу чыр-чатактардын айынан көпчүлүк учурда карапайым эл, жаш балдар, аялдар карыялар жапа чегишет. Кээде кан төгүлүп, кимдир бирөөнүн жаны кыйылганга чейин барат. Чыр бар жерден ырыскы качат, тынчтык жоголот. «Ырыс алды ынтымак»-деп ата бабалар бекер айткан эмес. Ошондуктан тынчтыкты сактоо,урушкандарды жараштыруу ар бир адамдын ыйык милдети. Бул ыйык милдетти аркалагандар Аллага жаккан инсандар болушат. Алла Таала Курани Каримде момундарды бири бири менен бир тууган деп атаган.

**إِنَّمَا الْمُؤْمِنُونَ إِخْوَةٌ فَأَصْلِحُوا بَيْنَ أَخَوَيْكُمْ**

**«Чынында момундар бир туугандар, ошондуктан бир туугандардын ортосун ондогула».[6]**

---

[4]***(Анфаал, 46).***
[5]***(Маида, 2).***

Жана ошондой эле сүйүктүү Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) даанышман хадистеринде:

« Бири- бирине үч күндөн ашык кек сактап, таарыныч катып жүрүү мусулман адамдарга туура келбейт. Алардын кимиси биринчи болуп салам берсе,ошонусу жакшыраагы болот», деп айтылган. *(Бухарий 6077\ 507\10)*

Абдуллах ибн Амр ибн Аастан (р.а.) риваят, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) : "Бирөөгө тили менен да, колу менен да зыян жеткирбеген адам- мусулман.Кимде ким күнөөдөн оолак болсо, Алла Таала тыйю салган нерселерден сакатанса, демек ал күнөөдөн аруу адам"- деп айткан.*(Бухарий 1/11/10).*

Абу Дарда (р.а.) риваят кылат. Пайгамбар (с.а.в.): «Силерге орозонун, намаздын, садаканын дагы даражасынан абзел нерсе жөнүндө кабар берейинби?»-деди. Сахабалар: «Ооба кабар бериңиз»- дешти. Ошондо Пайгамбарыбыз (с.а.в.): «Ал өз ара ортоңордогу мамилени оңдоо. Анткени өз ара мамиленин бузулушу, ал кыруучу нерсе»- деди. Дагы бир риваятта: «Ал кыруучу нерсе чачты кырат дегени эмес, ал динди кырат дегени»- деп айткан. *(Абу Дауд 4273, Тирмизий 2433).*

Пайгамбарыбыз (с.а.в.): «Мусулман мусулмандын бир тууганы, ага зулумдук кылбайт, аны сатпайт. Ким бир мусулмандын ишин бүтүрсө, Алла Таала анын ишин бүтүрөт »

«О, мусулмандар! Бир-бириңерге көрө албастык, ичи тардык, душмандык кылбагыла, бир-бириңерди артыңардан аңдыбагыла, бир-бириңердин соодаңарды бузбагыла. Алла үчүн бир тууган пенделеринен болгула».*(Муслим 258)*

---

[6] ***(Хаж, 10)***

«Ким бир мусулмандын айыбын жапса, Алла Таала анын айыптарын Кыямат күнү жабат»

«Ким бир мусулманды бир  кыйынчылыктан куткарса, Алла Таала аны Кыямат күнүндөгү кыйынчылыктардан куткарат»- деп айткан.*(Муслим 4/2074/37*

## Чатакташкандардын амалы коркунучта

Алла Таала адам баласын бул дүйнөдө Өзүнүн жалгыздыгына ыйман келтирип ага сыйынып,  ибадат кылуу үчүн жараткан. Жасаган жакшы амалдардын кабыл болуусун Алладан тилеп, аны сактаганга аракет кылуу мусулмандын милдети.

Эгер кайсы бир мусулман өзүнүн мусулман бир тууганы, же досу же башка бир улуттагы адам   менен  урушса же душмандашса, окуган намаздары, туткан орозолору, окуган Курандары, берген зекеттери ж.б амалдары   кабыл болбой, артка кайтарылат. Анткени ал башкалар менен урушуп, араздашып жатат. Сүйүктүү Пайгамбарыбыздын (с.а.в.)  хадисинде:

**عن أبي هريرة قال : قال النبي صلى الله عليه وسلم;**

**تُفْتَحُ أَبْوَابُ الْجَنَّةِ يَوْمَ الاثْنَيْنِ وَيَوْمَ الْخَمِيسِ ، فَيُغْفَرُ لِكُلِّ عَبْدٍ لا يُشْرِكُ بِاللَّهِ شَيْئًا إِلا رَجُلا كَانَتْ بَيْنَهُ وَبَيْنَ أَخِيهِ شَحْنَاءُ ، فَيُقَالُ : أَنْظِرُوا هَذَيْنِ حَتَّى يَصْطَلِحَا ، أَنْظِرُوا هَذَيْنِ حَتَّى يَصْطَلِحَا ، أَنْظِرُوا.. أي : أَخِّرُوهُمَا حَتَّى يَرْجِعَا إِلَى الصُّلْح وَالْمَوَدَّة " . انتهى" ( أَنْظِرُوا هَذَيْنِ )  هَذَيْنِ حَتَّى يَصْطَلِحَا**

Азирети Абу Хурайра рываят кылат. Пайгамбар  (с.а.в.) айтты; «Экинчи жана бешинчи күндөрү бейиштин эшиктери ачылат. Анан ар бир Алла Таалага шек келтирбеген пенденин күнөөлөрү кечирилет. Бирок, өзүнүн бир тууганы менен урушкан кишинин күнөөсү кечирилбейт, (ал урушкан кишилерге): «Бул экөө жарашып, бири бирин жакшы көрүп  калганга чейин (күнөөлөрүнүн

кечирилүүсүн) кечиктирип артка таштап койгула!»-деп үч ирет айтылат.

Ошондуктан, Жаратканга кайрылып, шайтандын чакырыктарынан алыс бололу. Айланага көз чаптырып көрөлү тынтыктын мааниси канчалыкбаалуу экенин байкайбыз. Биричи болуп достукка жарашууга кол суналы. Ансыз деле жашоо кыска, бул дүйнө баарыбыздан калат. Урушууга кажет жок. Акыретке жакшы амалдарды алып кетели.Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) хадисинде:

قال رسول الله صلى الله عليه وسلم " لا يحل لمسلم ، أن يهجر أخاه فوق ثلاث ليال يعرض هذا ويعرض هذا ، وخيرهما الذي يبدأ بالسلام

«Бири- бирине үч күндөн ашык кек сактап, таарыныч катып жүрүү мусулман адамдарга туура келбейт. Алардын кимиси биринчи болуп салам берсе, ошонусу жакшыраагы болот», деп айтылган. *(Бухарий 6077\ 507\10)*

Эл арасында элдештирүү улуу иштерден, ал улуу ишти аткарган кишилер Алла Таалага моюн сунган, табияты таза, көөдөнү аруу инсандар болушат. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (с.а.в.) өзү дагы урушкандардын ортосун элдештирген.

ولقد كان رسول الله صلى الله عليه وسلم يصلح بنفسه بين المتخاصمين، عن سهل بن سعد –رضي الله عنه- أن أهل قباءٍ اقتتلوا حتى تراموا بالحجارة، فأخبر رسول الله صلى الله عليه وسلم بذلك، فقال: «اذهبوا بنا نصلح بينهم» (البخاري: 2693).

Сахл бин Саьд айтат: «Кубалыктар чатакташып кетишти, акыры бири бирин таш менен ура башташты. Пайгамбарыбызга (с.а.в.) кабар жеткенде: «Жүргүлө, аларды жараштырып коелу»-деп айтты .

Эл арасында урушкандарды элдештирүү адамдар ортосунда махабатты, үйлөргө тынчтыкты, мамлекетке өнүгүүнү алып келет.

Бул иштин сообу дагы чоң, ошого жараша көйгөйү дагы көп. Ошондуктан сабырдуу жана эки тарапка адилет карап иш тутуу зарыл. Элдештирүү,эки адамдын ортосуна адилеттүүлүктү тургузат,эки араздашканды жараштырат, эки душманды жакындатат.

Алла Таала айтат:

**وَلاَ تَجْعَلُوا اللَّهَ عُرْضَةً لأَيْمَانِكُمْ أَنْ تَبَرُّوا وَتَتَّقُوا وَتُصْلِحُوا بَيْنَ النَّاسِ**

**«Өзүңөрдүн жакшылык кылуудагы, такыба болууңардагы жана адамдардын ортосун жараштыруудагы антыңар үчүн Алланы калкан кылбагыла![7]»**

**وَإِنْ خِفْتُمْ شِقَاقَ بَيْنِهِمَا فَابْعَثُوا حَكَمًا مِنْ أَهْلِهِ وَحَكَمًا مِنْ أَهْلِهَا إِنْ يُرِيدَا إِصْلاَحًا يُوَفِّقِ اللَّهُ بَيْنَهُمَا**

**«Эгерде силер жубайлардын араздашуусунан корксоңор, анда күйөө тараптан жана аял тараптан бирден калыс жибергиле. Эгер алар жарашууну каалашса, анда Алла алардын ортосуна ынтымак салат»[8].**

**وَإِنِ امْرَأَةٌ خَافَتْ مِنْ بَعْلِهَا نُشُوزًا أَوْ إِعْرَاضًا فَلاَ جُنَاحَ عَلَيْهِمَا أَنْ يُصْلِحَا بَيْنَهُمَا صُلْحًا وَالصُّلْحُ خَيْرٌ**

**«Эгерде аял өзүнүн күйөөсү өзүнө тийешелүү милдеттерин аткарбайт деп же ал андан баш тартуусунан корксо, анда алар өз ара макулдашуу түзүүлөрүндө күнөө жок»[9].**

---

[7] ***(Бакара, 224)***
[8] ***(Ниса, 35)***
[9] ***(Ниса,128)***

لَا يَنْهَاكُمُ اللَّهُ عَنِ الَّذِينَ لَمْ يُقَاتِلُوكُمْ فِي الدِّينِ وَلَمْ يُخْرِجُوكُمْ مِنْ دِيَارِكُمْ أَنْ تَبَرُّوهُمْ وَتُقْسِطُوا إِلَيْهِمْ إِنَّ اللَّهَ يُحِبُّ الْمُقْسِطِينَ إِنَّمَا يَنْهَاكُمُ اللَّهُ عَنِ الَّذِينَ قَاتَلُوكُمْ فِي الدِّينِ وَأَخْرَجُوكُمْ مِنْ دِيَارِكُمْ وَظَاهَرُوا عَلَى إِخْرَاجِكُمْ أَنْ تَوَلَّوْهُمْ وَمَنْ يَتَوَلَّهُمْ فَأُولَئِكَ هُمُ الظَّالِمُونَ

**«Алла Таала дининңер үчүн силер менен согушпагандарга жана мекениңерден кууп чыкпагандарга жакшылык кылууңарга жана аларга адилеттүү болууңарга тыюу салбайт. Акыйкатта, Алла адилеттүүлөрдү сүйөт».**[10]

Мусулман адам башкаларды сөкпөйт, каргабайт, артынан сүйлөбөйт, адамдардын ортосуна бүлүк салбайт, бузуку иштерди жасабайт, мындайча айтканда, колунан да, тилинен да жамандык келбтирбейт. Тилди тыюу эң эле татаал иштердин бири. Эгерде адам тилин жаман нерселерден тыйса ал көп ийгиликке жетишет.

**ولهذا قال النبي صلى الله عليه وسلم لمعاذ بن جبل :" أفلا أخبرك بملاك ذلك كله"؟ قلت: بلى يا رسول الله ، فأخذ بلسان نفسه وقال:" كفّ عليك هذا" قلت: يا رسول الله ، وإنا لمؤاخذون بما نتكلم به، يعني هل نؤاخذ بالكلام؟ فقال :" ثكلتك أمك يا معاذ، وهل يكبّ الناس في النار على وجوههم- أو قال على مناخرهم- إلا حصائد ألسنتهم"(**

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (с.а.в.) Муаз ибни Жабалга кайрылып: «Жакшылык иштердин башатынан кабар берейинби» деди, ошондо ал: «Ооба, о, Алланын Элчиси», дегенде, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) өз тилин кармап: «Момуну тыйгын», деди. Анда Муаз: «О, Алланын элчиси! Биз эмне, сүйлөгөн сөзүбүзгө жооп беребизби?», деп сурады. Пайгамбар (с.а.в.): «Аттиң ай, Муаз билсең гана, адамдардын отко ыргытылышы бир гана тилинен экендигин» - деп жооп берди.

Коомчулукта кенен жайылган ар кандай ушак айыңдарга ишенип, аларды тактабастан туруп эл арасында таркатуу ислам динибизде чоң күнөөлөрдөн болуп саналат. Бул жөнүндө Алла Таала Ыйык Куранда мындай дейт:

---

[10] ***(Мумтахина,8)***

**يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِن جَاءكُمْ فَاسِقٌ بِنَبَأٍ فَتَبَيَّنُوا أَن تُصِيبُوا قَوْمًا بِجَهَالَةٍ فَتُصْبِحُوا عَلَى مَا فَعَلْتُمْ نَادِمِينَ.**

"**Эй, ыймандуулар! Эгер силерге бир бузуку (адам) кабар алып келсе, кайсы бир коомго байкабастык кылып, кийин өкүнүп калбаш үчүн оболу аныктагыла!**"[11].

**إِنَّ الَّذِينَ يُحِبُّونَ أَنْ تَشِيعَ الْفَاحِشَةُ فِي الَّذِينَ آمَنُوا لَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ فِي الدُّنْيَا وَالْآخِرَةِ والله يعلم وأنتم لا تعلمون .**

**"Момундардын ичинде чагымчылык, жалаа таркалуусун жактыргандарга дүйнөдө жана акыретте катуу азап бар. Алла – билет, силер билбейсиңер!"[12]**.

Момундардын абийрин төгүп, алардын жашыруун сырларын жалпы элге ашкере кылгандардын күнөөсү сүткорлуктан да оор. Бул жөнүндө Пайгамбарыбыз (с.а.в.) мындай дейт:

**قالَ عليه الصلاةُ والسلام ": إنَّ مِنْ أربَى الرِّبا الاستطالةَ في عِرضِ المُسلمِ بغَيرِ حَق" .**

"**Сүткорлуктан да өткөн күнөө бул, бир мусулмандын абийрине акысыз кол салып чектен ашуу**".

**عَنِ ابْنِ عُمَرَ قَالَ:**
**صَعِدَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ الْمِنْبَرَ فَنَادَى بِصَوْتٍ رَفِيعٍ فَقَالَ يَا مَعْشَرَ مَنْ أَسْلَمَ بِلِسَانِهِ وَلَمْ يُفْضِ الْإِيمَانُ إِلَى قَلْبِهِ لَا تُؤْذُوا الْمُسْلِمِينَ وَلَا تُعَيِّرُوهُمْ وَلَا تَتَّبِعُوا عَوْرَاتِهِمْ فَإِنَّهُ مَنْ تَتَبَّعَ عَوْرَةَ أَخِيهِ الْمُسْلِمِ تَتَبَّعَ اللَّهُ عَوْرَتَهُ وَمَنْ تَتَبَّعَ اللَّهُ عَوْرَتَهُ يَفْضَحْهُ وَلَوْ فِي جَوْفِ رَحْلِهِ .**

Ибн Умардан риваят, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) минбарга чыгып бийик добушу менен мындай деди:

---

[11] ***(Хужурат, 6)***
[12] ***(Нур, 19)***

“Эй, тили менен мусулман болуп, жүрөгүнө ыйман кирбегендер! Мусулмандарга ыза келтирип, аларды кемсинтип, айыптарын издебегиле. Кимде-ким мусулман тууганынын айыбын издесе, Алла Таала анын айыбын издейт. Эгер Алла Таала кимдин айыбын издөөчү болсо, анда анын абийрин өз үйүндө болсо да ашкере кылат”. *(Абу Дауд 4724 Ахамд 4880)*

# III Глава
## Ислам дини экстремизмге жана терроризмге каршы

Пайгамбарыбыз Мухаммад (с.а.в.) бүткүл адамзатты наадандыктын карангылыгынан ислам нуруна чыгаруучу, адамзатка туура жол көрсөтүүчү, тарбиялоочу болуп келген. Ал ар бир адамдын ички дүйнөсүн, өз нафсысын өзү күзөтүүчү кылып, боорукерлик сезимди орнотуу менен коомдогу көйгөйлөрдү түп-тамыры менен чечкен. Көйгөйлөргө алып бара турган жолдордун алдын тосуп, коомду тарбиялай турган эрежелерди тургузган. Ошондуктан коом тынч бири бирин урматтап жашаган.

Бүгүнкү күнү зордук-зомбулук, экстремизм, терроризм дүйнөдө бардык адамзатка тынчтык бербей, жашоодо чоң коркунучтарды жаратууда. Дүйнөдө өзүн экстремизмдин жана терроризмдин коркунучтарынан толук корголгонбуз деп эсептеген бир дагы мамлекет же улут жок. Өкүнүчтүүсү экстремисттер өздөрүнүн көздөгөн саясий же башка максаттарына жетүүдө динди пайдаланууда. **Натыйжада диний экстремизм деген термин же түшүнүк пайда болуп, экстремизмдин башка түрлөрүнө салыштырмалуу диний экстремизм кеңири таралып жатат. Экстремисттик жана террористик аракеттердин глобалдык кесепеттери, массалык маалымат каражаттарынын шыкагы менен айрым жерлерде исламофобияны - исламды жек көрүүнү күчөтүп жатат. Экстремисттердин жана террористердин кылган иштерин исламга же мусулмандарга жүктөө туура эмес.**

Бүгүнкү күндөгү кээ бир өлкөлөрдөгү зордук-зомбулуктун жанакүч колдонгон эктремизмдин, терроризмдин көйгөйлөрүнө токтоло турган болсок, ал өтө коркунучтуу көрүнүштөргө негизделген жана алардын айынан көптөгөн бейкүнөө адамдар, аялдар, жаш наристе балдар, кары-картаңдар зордук-зомбулукка дуушар болуп келүүдө.

Мурунку доордогу зордук-зомбулуктун жана терроризмдин көйгөйлөрүнө токтоло турган болсок, ал көйгөйлөр дагы

коркунучтуу көрүнүштөргө негизделген жана күнүмдүк турмушта укуктук норма катары колдонулган. Ошол көрүнүштү Жафар ибн Аби Тоолибтин Эфиопиянын Падышасы Нажжашийге ошол кездеги мусулман эмес курайш коомунун абалын айтып жаткан сөздөрүнөн байкаса болот. “О, падыша биз, буттарга сыйынган, арам өлгөн малдын этин жеген, кошунага жаман мамиле кылган, ортобузда тыюу салынган арам иштерди жасап, кан төгүү жана башка иштерди жасаган бир бутпарас коом элек..... ”

**فها هو ذا جعفر بن أبي طالب ؓ يصف للنجاشي حال المجتمع غير المسلم في قريش قائلاً: "أيها الملك، كُنَّا قومًا على الشرك؛ نعبد الأوثان، ونأكل الميتة، ونُسِيءُ الجوار، يستحلُّ المحارم بعضُنا من بعض في سفك الدماء وغيرها، لا نُحِلُّ شيئًا ولا نُحَرِّمه ).[1]"...**
***[1]ابن هشام: السيرة النبوية 335/1، والسهيلي: الروض الأنف 111/2، وابن كثير: السيرة النبوية 20/2 (***

Эгер биз ошол коомдун кыз наристелерди тирүүлөй жерге көмүп өлтүрүү деген мыкаачы, жапайы салтын ала турган болсок, андан зордук- зомбулуктун, таш боорлуктун, терроризмдин кубулуштарын табылат. Ислам дининде адамзаттын жашоосунда, бардык коомдо тынчтык жана амандыкты орнотуунун жана экстремизмдин пайда болуучу, өбөлгө түзүүчү себептерин жок кылуунун, ошондой эле зордук-зомбулуктун бардык көрүнүштөрү менен күрөшүүнүн бүт чаралары көрүлгөн. Анткени экстремизм, терроризм, зордук-зомбулук Ислам дини үндөгөн тынчтыктын маанисине, адамдар ортосунда бири-бири менен мамиле кылуудагы бийик адеп-ахлакка дал келбейт. Алла Таала Курани Каримде мындай деп айткан:

**....فَإِذَا الَّذِي بَيْنَكَ وَبَيْنَهُ عَدَاوَةٌ كَأَنَّهُ وَلِيٌّ حَمِيمٌ ادْفَعْ بِالَّتِي هِيَ أَحْسَنُ**

**“Жакшылык менен жамандык тең эмес. Жамандыкты жакшылык менен жойгун. Ошентсең сени менен анын ортосунда душмандык болгон адам да өтө жакын дос болуп кетет** *”[13]*.

[13]***(Фуссилат, 34)***

Ал эми Пайгамбарыбыздын(с.а.в.) жашоосу ушул айтылган максатка эн сонун дал келет. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) жашаган ошол коомдогу алтын доор, азыр бир дагы коомдон табылбайт. Алла Таала Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) кулк-мүнөзүн баяндап мындай деген:

**وَإِنَّكَ لَعَلى خُلُقٍ عَظِيمٍ**

**"...Сен улуу кулк мүнөздүн ээсисиң"**[14].

**لَقَدْ جَاءَكُمْ رَسُولٌ مِنْ أَنْفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُمْ بِالْمُؤْمِنِينَ رَءُوفٌ رَحِيمٌ**

**"Чындыгында,силерге өз араңардан (чыккан) ызаттуу элчи келди. Ага силердин түйшүгүңөр оор келсе да, ал силерге өтө камкор. Момундарга мээримдүү, боорукер"**[15].

**فَبِمَا رَحْمَةٍ مِنَ اللهِ لِنْتَ لَهُمْ وَلَوْ كُنْتَ فَظًّا غَلِيظَ القَلْبِ لَانْفَضُّوا مِنْ حَوْلِكَ فَاعْفُ عَنْهُمْ وَاسْتَغْفِرْ لَهُمْ وَشَاوِرْهُمْ فِي الأَمْرِ فَإِذَا عَزَمْتَ فَتَوَكَّلْ عَلَى اللهِ إِنَّ اللهَ يُحِبُّ المُتَوَكِّلِينَ**

**"Алланын ырайымы менен сен аларга жумшак мамиле кылдың. Эгер сен катуу жүрөк, орой болгонунда, анда алар сенин айланаңдан чачылып кетмек. Аларды кечир жана алар үчүн кечирим сура. Бирок иш тууралуу алар менен кеңеш. Эгер чечим кабыл алган болсоң, анда Алла тобокел кылгандарды сүйөт"**[16].

**لَقَدْ كَانَ لَكُمْ فِي رَسُولِ اللهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ لِمَنْ كَانَ يَرْجُو اللهَ وَاليَوْمَ الآخِرَ وَذَكَرَ اللهَ كَثِيرًا**

---

14 ***(Калам, 4)***
15 ***(Тообо,128)***
16 ***(Аали Имрон, 159)***

**“Чындыгында, силер үчүн да, Алланы,акырет күнүн үмүт кылгандар жана Алланы көп эске алган адамдар үчүн да Аллахтын элчисинде көркөм өрнөктөр бар”.**[17]

Ислам дининде күнөөсүз адамдардын канын төгүү, адам лтүрүү чоң күнөө, арам иштерден деп эсептелет. Анткени Алла Таала Курани Каримде мындай деген:

**وَلاَ تَقْتُلُوا النَّفْسَ الَّتِي حَرَّمَ اللَّهُ إِلاَّ بِالْحَقِّ**

**“..Алла тыюу салган эч бир жанды укуксуз түрдө өлтүрбөгүлө”**[18]

Пайгамбарыбыз (с.а.в.)айткан:

**عن أبي سعيد الخدريقال رسول الله" ﷺ: لَوْ أَنَّ أَهْلَ السَّمَاءِ وَأَهْلَ الأَرْضِ اشْتَرَكُوا فِي دَمِ مُؤْمِنٍ لأَكَبَّهُمُ اللَّهُ فِي النَّارِ[18]"**

**. الترمذي عن أبي سعيد الخدري: كتاب الديات، باب الحكم في الدماء (1398)، وقال عنه: "هذا حديث**

“Эгер асмандагылар жана жер жүзүндөгүлөр бир момундун канын төгүүгө шерик болушса, Алла Таала пешенеси менен сүйрөп тозокко алып кирет”.

---

[17] ***(Ахзаб, 21)***
[18] ***(Аль-Исра, 33).***

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) коркутуунун бардык түрлөрүнө тыюу салган.

Абдурахман ибн Аби Лайли Пайгамбарыбыз (с.а.в.) менен сапарда бара жаткан эле. Бир киши уктап калды. Арадан бир киши туруп жипти алып аны коркутууга аракет кыла баштады. Ошондо Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айтты: “Мусулманга башка бир мусулманды коркутуу адал эмес”.

Ошондой эле Ислам growninде күнөөсүз тынч жаткан элди коркутуу дагы арам кылынган күнөө иштерден болуп эсептелет. Элди коркутууга алып бара турган ар бир ишке, себептерге, жолдорго тыюу салынат. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айткан:

**فقال رسول الله" : ﷺ مَنْ أَشَارَ إِلَى أَخِيهِ بِحَدِيدَةٍ فَإِنَّ الْمَلاَئِكَةَ تَلْعَنُهُ، حَتَّى وَإِنْ كَانَ أَخَاهُ لأَبِيهِ وَأُمِّه. مسلم عن أبي هريرة: كتاب البر والصلة والآداب، باب النهي عن الإشارة بالسلاح إلى مسلم (2616)**

Ким өзүнүн бир тууганына бир темир кезесе, анда периштелер ага каргыш айтат. Эгер ал адам бир ата бир эненин балдары болсо дагы. (*Муслим 2616)*

Бул хадисти жыйынтыктап айтсак болот: Ислам дининде адамдарга курал эмес жөнөкөй эле темир көтөрүү жана аларды коркутуу, адамдарга зыян берүүчү иштерди жасоо арам кылынган

күнөө иштерден экени ачык айкын белгиленди. Буга Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) жашоосу эң жакшы үлгү.

Жогоруда келтирилген аяттардын жана даанышман хадистерди жыйынтыктап жатып, Ислам дини адам затка тынчтыкты, бейпилчиликти, эки дүйнө бактылуулугун камсыз кылуучу дин экендигин, азыркы учурда адамзаттын көйгөйүнө айланган экстремизм, такфиризм, терроризм менен эч байланышпай тургандыгын, ал эмес, ага каршы күрөшөөрүн белгилеп кеткибиз келет. Ислам done экстремизмдин пайда болуучу, өбөлгө түзүүчү себептерин жок кылуунун, ошондой эле зордук-зомбулуктун бардык көрүнүштөрү менен күрөшүүнүн бардык чаралары көрүлгөн. Анткени экстремизм, терроризм, зордук-зомбулук Ислам дини үндөгөн тынчтыктын маанисине, адамдар ортосунда бири-бири менен мамиле кылуудагы бийик адеп-ахлакка дал келбейт.

# IV Глава.
# ЭКСТРЕМИЗМ, РАДИКАЛИЗМ, ТЕРРОРИЗМ[19]

«Экстремизм» термини латын сөзүнөн которгондо «чектен чыккан» деген түшүнүк менен дал келет. Сөздүктөрдө жана башка маалымат булактарында «экстремизмдин» төмөндөгү аныктамасын кездештирүүгө болот:

«Чектен чыккан көз-карашка жана радикалдуу аракеттерге ыктоо».

## Экстремизмдин укуктук аныктамасы

Кыргыз Республикасынын «Экстремисттик аракеттерге каршы туруу» жөнүндөгү Мыйзамынын 1-беренеси. 17.08.2005 ж. № 150

* 1-берене. Негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамдын максатын жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгү негизги түшүнүктөр колдонулат:

экстремисттик аракет (экстремизм):

1) коомдук бирикмелердин же диний уюмдардын, менчигинин түрүнө карабастан жана башка ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын же жеке адамдардын төмөндөгүлөрдү пландаштырууга, уюштурууга, даярдоого жана ишке ашырууга багытталган аракеттери:

- Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин күчкө салып өзгөртүү жана бүтүндүгүн бузууга;

---

19 КР ИИМдин 10-башкы башкармалыгынын кызматкери Жээнбеков Э.Т. "Диний экстремизм" аттуу китебинен алынды.

- Кыргыз Республикасынын коопсуздугун бузууга;

- бийликтин ыйгарым укуктарын тартып алууга же ээлеп алууга;

- мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөрүн түзүүгө;

- террористтик аракеттерди жүзөгө ашырууга;

- расалык, улуттук же диний араздашууларды козутууга, ошондой эле күч колдонууга же күч колдонууну үгүттөө менен байланышкан социалдык араздашууларды козутууга;

- улуттук ар-намысты кемсинтүүгө;

- идеологиялык, саясий, расалык, улуттук жүйөөлөр же диний жек көрүү, ошондой эле ошого тете кандайдыр бир социалдык топторго карата жек көрүү жүйөлөрү боюнча же душмандык кылып массалык тополоңдорду, ээнбаштык аракеттерди жасоого уурдап, талап-тоноого;

- динге, социалдык, расалык, улуттук, диний же тилге тиешелүүлүгү жагынан жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоого;

2) нацисттик атрибутиканы же символиканы же болбосо нацисттик атрибутикага же символикага аралашуу деңгээлине чейин окшош болгон атрибутиканы же символиканы пропагандалоого жана эл алдында көрсөтүүгө;

2.1. экстремисттик уюмдардын атрибутикаларын же символикаларын пропагандалоого;

3) аталган аракеттерди жасоого элди үндөө же аталган аракеттерди жасоого;

4) аталган аракеттерди каржылоо же аны жасоого көмөк көрсөтүүгө же аталган аракеттерди жасоого, анын ичинде аталган аракеттерди жасаганга финансы каражаттарын, кыймылсыз мүлктү, окуу, полиграфиялык жана материалдык-техникалык базаны, телефон, факсимилдик жана байланыштын башка түрлөрүн берүү, маалымдоо кызматтарын көрсөтүүгө, дагы башка материалдык-техникалык каражаттарды берүүгө;

Экстремисттик уюм

* Жогорудагы Мыйзам менен каралган негиздер боюнча экстремисттик аракеттерди жасоого байланыштуу болгон иштерди жоюу же тыюу салуу тууралу соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген коомдук бирикме же диний уюм же башка уюмдар.

Экстремисттик материалдар

* экстремисттик аракеттерди жасоого үндөгөн, мындай аракетти ишке ашыруунун зарылдыгын негиздеген улуттук жана (же) расалык артыкчылыкты негиздеген же актаган, кандайдыр бир этникалык, социалдык, расалык, улуттук же диний топту толук же жарым-жартылай жок кылууга багытталган согуштук же дагы башка кылмыштарды жасоону актоого арналган жарыялоолор, документтер же башка сактагычтардагы маалыматтар;

Экстремисттик уюмдардын атрибутикалары жана символикалары

* Жогорудагы Мыйзамда каралган негиздер боюнча экстремисттик аракеттерди жүзөгө ашырууга байланыштуу жоюу же тыюу салуу жөнүндө мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечими кабыл алынган уюмдун атрибутикалары менен символикалары.

* **Экстремизм**
* Идеологиялык негиз
* Уюшкандуулук
* Ишмердүүлүк

## Экстремизмдин кеңири жайылган түрлөрү

* Диний экстремизм
* Саясий экстремизм
* Этникалык экстремизм
* Саясий-диний экстремизм
* Жаштар экстремизми

∗ Маданий экстремизм
∗ Спорттук экстремизм
∗ Экономикалык экстремизм
∗ Криминалдык экстремизм

### Диний экстремизм

∗ *Диний экстремизм* – диний бирикмелердин, уюмдардын же болбосо адамдардын диний мамилелерде чектен чыккан көз-караштарга жана радикалдуу аракеттерге ыктоосу. Башкача айтканда диний булактарды чечмелөөдө, диний карым-катнаштарда радикалдуу ыкмаларды тандоосу ж.б.

## Диний экстремизмде кездешкен айрым белгилер:

∗ Диний көз-караштарда жана аракеттерде чектен чыгуунун болуусу;

∗ Башка диний идеяларды же диний көз-караштардын системасын жокко чыгаруу жана таанбоо.

∗ Диний радикалдуу булактарды, ыкмаларды, методдорду жактаган, актагандай өңүттө чечмелөө.

∗ Диний кастыкты, жек көрүүчүлүктү козутууга байланышкан аракеттер.

### Радикализм

∗ Радикализм (лат. *radix* — *тамыр*) — кандайдыр бир көз-карашка же болбосо концепцияга чектен чыгуу, аша чапкандык менен ыктоо.

∗ Радикализмдин негизги өзгөчөлүгү - «аша чапкандык, катаал мамиле»

## Фундаментализм

∗ Фундаментализм (лат. *fundamentum* — негиз). Фундаментализм заманбап коомдогу глобалдашуу процессине каршылык көрсөтүү катарында мүнөздөлөт.

## Фанатизм

∗ Фанатизм - өзүнүн пикирине, идеясына аябай берилип, башканын пикирине такыр чыдабоочулукту көрсөтүү (көбүнчө диний жана саясий көз-караштарда)

## Терроризм

∗ Терроризм – бул коомдо коркуу атмосферасын жаратууга багытталган психологиялык курал.

∗ Терроризмдин негизги объектиси курман болгондор эмес, тескерисинче, тирүү калгандар.

∗ Терроризмдин максаты – адамдын жанын кыюу эмес, тирүү калгандарды коркутуу жана үркүтүү.

## Экстремизмдин теологиялык аспектиси

Пайгамбардын (с.а.в.) доорунда адамдар Ислам динин түшүнүүдө бир жолдо болушкан. Бирок кийин динди туура эмес түшүнүүдөн улам ар кандай агымдар келип чыкты. Бул келип чыккан туура эмес агымдардын өтө коркунучтуусу, мусулмандарды күнөөлөрү себептүү каапырга чыгаруу. Бул көрүнүш аша чапкандык, Исламдын табиятына жат көрүнүш.

Экстремизм жана терроризмдин дини да мекени да жок деп айтылат. Кээ бир адамдар кайсы бир диндин өкүлү катары өздөрүн дин адамы катары көрсөтүүгө аракет кылып, өз аракеттерин туура деп ойлойт. Же болбосо эч кандай динге тиешеси жок эле адамдар

динге жамынып алып, өзүнүн жеке кызыкчылыгын ишке ашыруу үчүн, башка бирөөлөргө күч колдонуу менен же кан төгүү менен экстремистик максатын ишке ашырат.

Зордук-зомбулуктун жана аша чапкандыктын, экстремизмдин келип чыгышынын бир канча себептерин белгилеп кетсек болот.

1.Аша чапкандыктын же экстремизмдин келип чыгуусунун бир себеби, ошол кээ бир аша чапкандар өздөрүн башкаларга караганда динди жакшы түшүнөм деп ойлошконунан болууда. Өздөрү илимден жана фикхтен, шарият өкүмдөрүнүн фарз, ваажиб, сүннөт, мустахаб, арам, макрух амалдарынын баскычтары тууралуу эч нерсени билбей туруп, аалымдардан озунуп сөз сүйлөп аша чаап кетип жатышат.

Ошентип кээ бир жаштар мустахаб ишти андан жогору турган амалдан жогору коюп, ошол эле учурда кээ бир Алла Тааланын фарз, важибдеген амалдары калып кетип жатат. Бул өз кезегинде шарият эрежелеринен чыгып, Алла Тааланын буюрганын кылбагандыкка жатат. Мунун бардыгы адамдын ыйманын алсыратууга, өзүн өзү мактагандыкка, өзүн өйдө санаган текеберчиликке, Алла Таала белгилеген чектен ашууга алып барат.

2.Чектен чыккандыктын дагы бир түрү, катуулукту бекем кармоо. Динде ар бир адамдын жеке жашоосунда (Азиймат)- эң жакшы деген иштерди аткаруусуна уруксат. Ал эми башкаларга диндин бардык өкүмдөрүн тануулоого, күчкө салуу менен чакырууга тыюу салынган. Анткени диндеги катуулук адамдарга оорчулукту жана жийиркеничти пайда кылат.

3.Аша чапкандыктын же экстремизмдин келип чыгуусунун дагы бир себеби такфиризм. Такфиризм - мусулмандарды капырлыкка айыптоо. Бул ишеним Исламдын табиятына жат, анын тарыхында болбогон көрүнүш. Бул бузук ишеним негизи

илимсиздиктен жана Ислам динин, Куранды, Хадисти туура түшүнбөгөндүктүн айынан келип чыгууда. Натыйжада көйгөйлөрдүн, кайгы-муңдардын башталуусуна жол ачып жатат.

Россия Федерациясынын Мусулмандар Диний Башкармасынын төрагасынын биринчи орун басары Дамир хазрат Мухеддинов Бишкекте өткөн (2015) "Эктремизм жана Такфиризмдин коомго келтирген коркунучу" аттуу Эл аралык симпозиумда жасаган докладында диний экстремизм жана такфиризмдин пайда болуу себептерин мындайча баяндады:

"Бүгүнкү күнү алгачкы харижизм такфиризм түрүндө кайра жаралууда. Ар кандай топтордун жактоочулары мусулмандардын басымдуу бөлүгүн каапырлыкка, мунафыктыкка же мушриктикке айыптоо менен, өздөрүнүн оюна макул болбогондордун бардыгын диний-саясий өңүттөн өлтүрүүнүн зарылдыгы идеясын таратышууда. Чындыгында такфиризм алар тарабынан, өздөрүнүн уюмдарынын согуштук кызыкчылыктары үчүн коюлган. Зарылдык туулуп калса, ким болбосун каапыр деп жарыяланат.

Мындай идеядагы топторду биз бүгүн Ирак, Сирия жана башка мамлекеттерден көрүп жатабыз. Жана Алланын Элчиси (с. а. в.) эскертүү менен булар жөнүндө да: "*Алар ар бир кылымда пайда болуп турат жана талкаланышат...",* деп айткан ("Сунан", Ибн Маажа).

Жалпы көрүнүшүндө такфиристтердин идеялык-теориялык принциптери өзүнөн мурункуларды кайталап турат. Аларды төмөндөгүлөргө топтосо болот:

1. *Абдан бекем тартип*. Такфиристтер тышкы дүйнөгө хаосту жана баш аламандыкты таратканы менен, алардын ички түзүлүшүн бийликтин темирдей тартиби өзгөчөлөнтөт. Катаалдык, каржылык сыйлыктар менен жана жетекчиликтин тынч калкка жана кулдарга көрсөтүлгөн эч себепсиз ырайымсыздыктарды, зордуктарды, талап-тоноолорду колдоолору менен жана төмөнкү катмардын согуштук олжолорду бөлүштүрүүгө катышуулары менен акталып кетет, ал эмес капкачан калып калган жана ислам тарабынан тыюу салынган кул ээлөөчүлүк кайра киргизилип жатат.

2. Бири-бирине кепил болуу системасы аркылуу жарамдуу согушчандар тартылган *туташ зордук-зомбулукка* таянуу, террор

жана тынч калкты коркутуу. Чындыгында такфиристтердин бардыгы кылган кылмыштары үчүн тиешелүү жоопкерчилигин тартат, ошондуктан алар бири-бирине кызыкдар.

3. *Алардын бийик чегине жеткирилген фанатизми*, бардык зордук-зомбулуктарын актоо кызматын кылат. Принциптери – *“жеңиш бардыгын жоёт”,“максат каражаттарды жана курмандыктарды актайт”, “эч кандай олку-солкулук”, “бейиш бул жерде жана азыр”, “ким биз менен болбосо, ал бизге каршы”* такфиристтердин тилинде бул “ким биз менен болбосо, ал капыр, андай болгон соң, анын жаны да малы да адал”, башкача айтканда өлтүрсө да, тоносо да болот дегенди билдирет.

4. *Популизм.* Такфиристтердин лидерлери өздөрүнүн жактоочуларына алар эмнени каалаган болсо, ошону айтышат жана эмнени алгысы келген болсо, ошону беришет. Диний курулай чечендиктери, жактоочуларына бир нерселерди берип туруу менен бекемделет.

5. *Согушчан билимсиздик, жапайылык, антиинтеллектуализм.* Такфиристтер интернетте, алар Иракта жана Сирияда адамзаттын маданий мурастарын кантип жок кылып жатышкандыктарын үстөккө-босток көрсөтүшөт.

Бүгүнкү күндө сырткы душмандардын жана ички кризистердин салмагынан курчуп кеткен ислам дүйнөсүнүн бул өнөкөт оорусуна даба боло турган дары барбы? Идеяны бомба менен жеңүүгө болбосу түшүнүктүү. Сөзгө жана ойго бир гана сөз жана ой каршы тура алат.

Ислам тарыхы улуу Абу Ханифа (ага Алланын мээрими болсун) такфиризмге каршы иштеп чыккан жана ийгиликтүү колдонгон эмдөөдөн дагы таасирдүүрөөгүн билбейт. Ал диний-укуктук нормалар менен негиздеп, харижиттерди идеологиялык жактан талкалоого жетишкен.

Мисалы, харижиттер, чоң күнөө кылган ар бир мусулман каапыр, – деп тастыкташкан. Алардын идеялык оппоненти Абу Ханифа, тескерисинче, “Устаз жана окуучу” деген трактатында: “Куфр” сөзүнүн анык мааниси бар, ал – толук четке кагуу. Арабдар Алла Таала Куранды түшүргөн өздөрүнүн араб тилиндеги бул сөздүн маанисин дал ушундай түшүнүшөт. Жана мусулман эгер четке какпай туруп диний милдетин таштап койсо ал күнөөлүү деп аталат”, – деген. Абу Ханифанын бул формуласы боюнча

“Кыбыланын адамдарынын эч кимисин” күнөөлөрү үчүн каапырлыкка чыгарууга болбойт: эч кимисинин ыйманын четке кагууга болбойт; жакшылыкка (буйрулган нерселерге) үндөп жана жамандыктан (арам нерселерден) кайтарып туруу керек.

Абу Ханифанын диний мурасынын бардыгында, акыркы максатын түзгөн, диний өлтүрүүлөрдү актап болбой тургандыгы жөнүндө идеялар бар. Ошондой идеялардын биринде ыйман менен амал экөө барабар эмес, – деген тезис бар. “Амал ыйман эмес жана ыйман амал эмес; амалын жоготкон ыйманын жоготкон болуп эсептелбейт, анткени ал ыйманга амалсыз ээ болгон”, – деп аныктайт Абу Ханифа өзүнүн трактатында.

Бул баа жеткис, Куран илими менен бекемделген тажрыйба бүгүнкү күндө бизге аба сыяктуу зарыл. Биздин аалымдар бизге акылга сыярлык дин илимин эле калтырбастан, ар бир социалдык көйгөйлөрдү чечүүнүн практикалык жолун дагы калтырып кетишкен. Алла Таала Куранда бизге мындай дейт:

“Эгерде билбесеңер, илим ээлеринен сурагыла”(21:7), башкача айтканда, жообун аалымдардан, адистерден, илимге жана тажрыйбага ээ болгондордон сурагыла.

Ислам дининин ханафий мазхабынын, матуридия акыйдасынын аалымдары, Улуу Имамдын теориясын терең өнүктүрүштү. Бекеринен Уралдын Волга жээгиндеги, Сибирдин, Казакстандын жана Орто Азиянын элдери эч качан диний ураандын алдындагы такфиризм жана терроризм сыяктуу коркунучтуу алааматтарды билишкен эмес. Бул бизде мамлекеттик атеизмдин кулашы менен сырттан келген, акыркы он жылдыктын оорусу. Өзүбүздүн мазхабга таянуу менен гана биз Евразия мейкиндигинде жана бүткүл дүйнө жүзүндө тынчтыкты жана мусулман элдеринин гүлдөп, өнүгүп-өсүүсүн камсыздай алабыз”*(“Экстремизм жана такфиризмдин коомго келтирген коркунучу”, Бишкек, 2015).*

## Зордук - зомбулук, экстремизмге каршы туруу жолдору

Исламда диний экстремизмге каршы туруунун комплекстүү иш чаралары эле каралбастан, алардын аткарылуусунун зарылдыгы да айтылат. Бул үчүн коомдогу экстремизмдин өнүгүүсүнө өбөлгө түзө турган шарттарды жок кылуучу, жалпы комплекстүү программаны иштеп чыгуу зарыл. Мындай экстремизм сыяктуу коркунучтуу кубулуштун алдын алуу ишинде, коомдук институттар жана диний бирикмелер өзгөчө ролду ээлеш керек.

Экстремизмге каршы туруунун жүрүшүндө, жүктү жарандык коомдун бир катмарына эле жүктөп койгон туура келбейт, бирок руханий жол башчылардын жана диний бирикмелердин өздөрүн активдештирүү керек. Экстремизмге каршы туруу чаралары дин кызматкерлердин жалгыз өзүнүн эле милдети болбостон, жалпы коомчулуктун дагы иши болуп эсептелет. Экстремизм менен күрөшүү мамлекеттик органдардын жана жарандык коомдун институттарынын биргелешкен күчү менен натыйжалуу болот.Ошондуктан экстремизмге каршы турууда жана анын кесепеттерин жоюуда мамлекеттик органдардын, жарандык коомдун институттары жана дин кызматкерлери профилактикалык иштерди жүргүзүүсү зарыл.

Коомдун бөлүгүн түзгөн диний бирикмелер, диний экстремизмге каршы туруунун иш-чараларын жүргүзүүдө, экстремизмдин таралышына ириде алар өздөрү каршы туруп, коомчулуктун диний чөйрөсүн коргош керек. Диний мекемелерге, мечиттерге, Куран жана Сүннөттөн илими бар диний аалымдарды даярдап, экстремисттердин идеологиясына каршы туруу чараларын көрүү зарыл. Анткени экстремисттердин идеологиясын туура диний идеологияменен гана  жеңүүгө болот. Мындай келишкис терс көз караштарга жана  идеяларга каршы турууда, терең диний илими бар адамдардын эмгеги талап кылынат.

Мечиттердин имамдары жана имам-хатибдери бардык күч-аракеттерин ар кандай радикалдык идеялардын мечитке кирип кетпөөсү үчүн жума намаздарынын алдындагы хутбаларда жана намаз окуучуларга өз ара түшүнүшүүгө, ханафий мазхабына, ахли сүннөт ишенимине, адеп-ахлакка, мекенди сүйүүгө, сабырдуулукка жана бири-бирин урматтоого чакырууда Куран аяттарын жана

пайгамбарыбыз Мухаммаддын (с.а.в.) хадистериндалилдер менен түшүндүрүү, диний экстремизмге каршы туруууда бир топ жакшы натыйжа берет. Мечитте ыйманга чакыруу хутбаларынын жүрүшүндө, жаштарды руханий өсүүгө, патриоттуулукка, илим алууга, өз улутун сүйүүгө, динибизге шайкеш каада-салттарды үйрөнүп билүүгө, коомдун жыргалчылыгы үчүн эмгектенүүгө чакыруу сөздөрү дагы айтылып туруу керек. Абумансури Матуридинин акыйдасын, ханафий мазхабынын маселелерин кенен түшүндүрүү зарыл. Мындай түшүнүктүн негизинде исламга эзелтеден мүнөздүү толеранттуулук жана ачыктык жатат. Жөнөкөй мусулманга исламдын чыныгы тынчтыкты сүйгөн, жакшылыкка чакыруу түшүнүгүн жеткирүү керек.

## Экстремизмге каршы турууда Пайгамбарыбыздан САВ сабак

Зордук-зомбулуктун жана терроризмдин көйгөлөрү ар бир доордо ар түрдүү көрүнүштө болуп келген. Анын байыркы жана азыркы замандагы көрүнүштөрү окшош, ал өтө коркунучтуу көрүнүштөргө негизделген. Анын кесепетинен бүткүл дүйнө жабыркап келет. Аны чечүү үчүн Пайгамбарыбыздан (с.а.в.) эң сонун жол көрсөтүлгөн. Ал чыныгы исламдык баалуулуктар менен чечүү жолу. Ар бир адамды чыныгы исламдык баалуулуктар менен жашоого үйрөтүп, адамдарга акылдуулук, боорукерлик, даанышмандык менен мамиле кылууну үйрөткөн, ар бир адамдын жүрөгүнө Алла Таала мени көрүп турат деген ишенимди салып, өз нафсын өзү күзөтүүчү сезимин салуу. Ушул сезим аркылуу адам, Алла Тааланын өкүмдөрүн жана адамдардын укуктарын сактоого аракет кылып, зордук-зомбулукка, терроризмге барбайт. Анткени Алла Таала анын жүрөгүндө, Ал Билүүчү, Ал анын бардык иштеринен кабардар экенине ишенет.

Азирети Мааз Пайгамбарыбызга (с.а.в.): "О, Алланын Элчиси, мага насаат кылыңыз"- деп кайрылды. Анда Пайгамбарыбыз (с.а.в.): "Алла көрүп турат деген ишеним менен ибадат кылгыныӊ!"- .деп насаат кылган.

Аталган көйгөйлөрду чечүүдө Пайгамбарыбыз (с.а.в.) көрсөткөн жолду ар бир адам өзү жашаган коомго жайылтуусу

зарыл. Ислам баалуулуктары менен коом дагы жакындан таанышып амал кылуусу керек.

Өнүккөн жакшы коом түзүү үчүн бир катар баалуу, зор мааниге ээ принциптер сакталган болушу керек.

Биринчиден, өзүбүздүн жарандарыбыздын ортосунда ак көңүлдүүлүктүн жана адилеттүүлүктүн духун өнүктүрүү, туткан динине, улутуна же жынысы боюнча дискриминацияга жол бербөө зарыл. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айткан:

**عائشة رضي الله عنها قالت: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «إن الله رفيق يحب الرفق ويعطي على الرفق ما لا يعطي على العنف وما لا يعطي على سواه»، وقال** ***شعيب الأرناءوط: إسناده صحيح على شرط الشيخين، والطبراني: المعجم الكبير (17131) 175/20 واللفظ له، وابن أبي شيبة: المصنف 8/***

“Алла Таала Мээримдүү Зат, мээримдүүлүктү жакшы көрөт, ошондой мээримдүүлүккө зордук-зомбулукка жана башка нерселергеберилбей турганнерселерди берет”

Экинчиден, ката кетирген адамдарга ырайымдуу болуу. Бул өтө маанилүү баалуулуктардын бири, анын саясында мусулман коомчулугу өсүп-өнүгөт жана зордук-зомбулуктун жана терроризмдин чакырыктарынан алыс болгон гумандуу, боорукер коомду түзүүгө жол ачат.

Бул маанилүү баалуулуктардын баркын түшүнүү үчүн Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) жашоосуна назар салалы.

**فعن أنس بن مالك ﵁ أنه قال: بينما نحن في المسجد مع رسول الله ﷺ إذ جاء أعرابيٌّ] فقام يَبُولُ في المسجد، فقال له أصحاب رسول الله ﷺ: مَهْ مَهْ. قال: قال رسول الله ﷺ: "لاَ تُزْرِمُوه، دَعُوهُ". فتركوه حتَّى بال، ثمَّ إنَّ رسول الله ﷺ دعاه، فقال له: "إِنَّ هَذِهِ الْمَسَاجِدَ لاَ تَصْلُحُ لِشَيْءٍ مِنْ هَذَا الْبَوْلِ وَلاَ الْقَذَرِ؛ إِنَّمَا هِيَ لِذِكْرِ اللَّهِ وَالصَّلاَةِ وَقِرَاءَةِ الْقُرْآنِ". ثم أمر رجلاً من القوم فجاء بدلوٍ من ماءٍ فَشَنَّه عليه. البخاري: كتاب الوضوء، باب صب الماء على البول في المسجد (217)**

Азирети Анас айтат: “Күндөрдүн биринде биз Пайгамбарыбыз (с.а.в.) менен мечитте элек. Аңгыча бир (араби) бедуин келип, мечитте туруп даарат сындыра баштады аны көргөн сахабалар токтот деп (уруша баштады). Анас айтат: Пайгамбарыбыз (с.а.в.): “Токтотпогула”, деди. Аны тек коюшту. Ал заарасынан бошонгондо Пайгамбарыбыз (с.а.в.) чакырды дагы: “Бул мечит, бул жерде даарат сындырууга болбойт. Мечит Алла Таалага зикир кылууга жана намаз окууга, Куран тилават кылууга курулган”- деп түшүндүрдү. Анан бир кишиге бул жерге бир чака суу алып келип куюп салууну буюрду. Мына ушинтип Пайгамбарыбыз (с.а.в.) сахабаларга ката кетирген адамды коркутпастан, чоочутпастан мамиле жасоону үйрөттү.

Үчүнчүсү, ортолук, мээлүүн жолду тандоо, динде аша чапкандык кылбоо. Динде аша чапкандык зордук-зомбулукка жана күч менен өз пикирин тануулоого алып бара турган жол. Анткени Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айткан:

**؛ لقول رسول الله" :ﷺ إِنَّ الدِّينَ يُسْرٌ، وَلَنْ يُشَادَّ الدِّينَ أَحَدٌ إِلاَّ غَلَبَهُ؛ فَسَدِّدُوا، وَقَارِبُوا، وَأَبْشِرُوا، وَاسْتَعِينُوا بِالْغَدْوَةِ وَالرَّوْحَةِ وَشَيْءٍ مِنَ الدُّلْجَةِ[12]" البخاري عن أبي هريرة: كتاب الإيمان، باب الدين يسر (39)، والنسائي (5034)، وابن حبان (351**

“Албетте дин жеңил, ким динге катуулук кылса ал утулат. Ошондуктан түздөнгүлө, жакындаштыргыла, куш кабар бергиле, жардамдашкыла, жакшы кабар бергиле, эртели кеч жана түндөсү бир аз убакыт Алладан жардам сурагыла”.

Төртүнчүсү, адамдардын ортосун жараштыруу. Бул баалуулук Алла Тааланын алдында жана коомдун алдында эң жогорку даражалуу экени баса белгиленген.

**فقال: يا رسول الله، أي المسلمين ﷺ أنه قال: جاء رجل إلى النبي ؓ ، فعن جابر**
**مَنْ سَلِمَ " :أفضل؟ فقال**
**.[14]"الْمُسْلِمُونَ مِنْ لِسَانِهِ وَيَدِهِ**

Азирети Жаабир айтат: “Бир киши Пайгамбарга келип, “ким эң жакшы мусулман”- деп сурады. Пайгамбарыбыз (с.а.в.): “Кайсы мусулман анын колунан да, тилинен да мусулмандар тынч болушса”-деп жооп берди.

Ислам динин жайылтууда, үгүт-насаат жүргүзүүдө адамгерчиликтүү сылыктык, сыпалык өтө маанилүү. Адамдарды динге ар түрдүү кыйынчылыкка сабырдуу болуу менен даанышмандык ырайымдуу жол менен чакыруу зарыл.

# V Глава
# Жихад жана анын Исламдагы түшүнүгү

## Жихад сөзүнүн мааниси жана өкүмдөрү

Бүгүнкү күндө жихад деген сөз элдин арасында өтө көп таралып, анын акыйкатын, маанисин, өкүмдөрүн билбестен эле элди коркутуп-үркүтүп Исламды жаман көрсөтүп жүргөн адамдар деле жок эмес. Жихад кылабыз деп жихадды жамынып, өздөрү ислам маданиятынан, ислам дининен, ислам таалимдеринен алыс болуп туруп, терроризмди жихад деп тааныштырып келген адамдар да бар. Ошонун негизинде жихад деген сөздү саясатка айлантып, жихад менен терроризмдин айырмасын билбей туруп Исламды, мусулмандарды жаман көрүп, алардын карманып келген акыйкат динине шек келтирген саясатчылар пайда болууда. Ошондуктан биз жихад деген сөздүн маанисин, максатын, өкүмдөрүн, түрлөрүн Куран, Хадистин, жана мазхабтын негизинде туура так чечмелегенди ылайык көрдүк.

Бул жерде жихад менен киталдын ортосундагы айырмачылыкты түшүнүү зарыл. Анткени бул экөөнүн маанилерин билбегендиктен, чоң адашуу болуп жатат. Бул эки сөз сөздүк жагынан дагы, шарияттык мааниси жагынан дагы эки башка сөздөр.

Жихад деген сөз "جهود" "жухууд" сөзүнөн чыгарылып - мээнет кылуу, күрөшүү деген маанини берет. Демек жихад деген сөздүн мааниси - күрөшүү.

Ханафий мазхабынын эң чоң атак-даңктуу аалымы Ибн Аабидийн (рахм.ал.) өзүнүн "Роддул Мухтар Ъалаа Дуррул Мухтар" деген атактуу китебинде "жихад" сөзүн мындайча

баяндайт: Адам жаны менен, малы менен, тили менен өзүнүн колунан келген күч-кубатын Алла жолуна жумшоо. Ал эми “китал” деген сөз “Ал-Китал”-деген сөздөн чыгарылып- согушуу деген маанини берет. Киталдын маанисин түшүнүү үчүн алгач Куран жана суннага кайрылуу керек.

## Жихаддын түрлөрү

Аалымдар жихадды төрт түрү жөнүндө баяндашат:

1.Нафс менен күрөшүү;

2.Шайтан менен күрөшүү;

3.Мунаафыктар[1] менен күрөшүү;

4.Каапырлар менен күрөшүү.

1. **Нафс менен күрөшүү өзү дагы төрткө бөлүнөт**:

а) Ислам динин окуп-үйрөнүп, илимге эмгек кылуу жана ушул дин менен гана адам эки дүйнөдө бактылуу болот деп ишенүү. Илимсиз калса эки дүйнөдө тең бактысыз болот. Ар бир мусулман пендеге, өзүнө фарз болгон нерселердин илимин үйрөнүү зарыл жана ага аракет кылуу керек. Мына ушул нафс менен күрөшүү деп аталат. М: намаз окууну, даарат алганды, ата -эненин акысын бергенди жана күнүмдүк колдонулуучу мамилелерди үйрөнүү.

б) Илим алгандан кийин, ошол алган илимине амал кылганга аракет кылуу. Себеби амалсыз илим

[1]Мунафык – сыртынан Аллага ишенген түр көрсөтүп, бирок, ичинен ишенбеген эки жүздүү адам

пайда бербейт. Ал эми Алла Таала бизге фарз кылган амал - ал биз үйрөнгөн илимге амал кылуу зарыл. Бул дагы нафс менен күрөшүүнүн түрүнө кирет. Анткени Алла Таала айткан:

لاَ يُكَلِّفُ اللَّهُ نَفْسًاإِلاَّوُسْعَهَا

**Алла эч кимди күчү жетпеген нерсеге буйрубайт[20].**

в) Илимди таратуу, билбегендерге үйрөтүү. Андай кылбаса илимди жашыргандардын катарына кирип, күнөөкөр болуп калат. Себеби, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айткан:

بَلِّغُواعَنِّي وَلَوْآيَة

**“Менден бир аят болсо да жеткиргиле”**

г) Даават кылууда, илим таратууда элден келген кыйынчылык сыноолорго сабыр кылуу, Алла үчүн андай ызаларды көтөрө билүү.

Мына ушул нафс менен болгон күрөшүүнүн төрт даражасын басып өткөн адам, өзү да туура жолдо жүргөн, элди да туура жолго баштоочу болгон Алланын алдында даражалуу адам болот.

2. **Шайтан менен күрөшүү.**

Мунун дагы эки даражасы бар:

а) Шайтан тарабынан келүүчү адамдын ыйманына зыян бере турган азгырыктар, жаман ойлор менен күрөшүү. Мунун жолу якинди (көрүп тургандай болгон бекем ишенич) бекемдеп шайтандан келген жаман ой, шек- күмөндөрдү жеңип, шайтандын азгырыгына азгырылбастан, аны менен күрөшүү.

---

[20] ***(Бакара 286)***

б) Шайтан тараптан келген шахваттан (жыныстык катнашууга болгон кумар) өзүн сактоо. Аны менен күрөшүүнүн жолу сабырдуулук. Шахватка алдырып, күнөөгө барбастан сабырдуулук менен шайтандан келген шахватты жеңүү. Шахватка каршы жихад кылуу керек. Анткени шахват шайтандын кире турган жери. Ошондуктан Алла Таала Куранда мындай деп айткан:

**إِنَّالشَّيْطَانَ لَكُمْ عَدُوٌّ فَاتَّخِذُوهُ عَدُواً إِنَّمَايَدْعُو حِزْبَهُ لِيَكُونُوا مِنْ أَصْحَابِ السَّعِير**

**"Чындыгында, силерге шайтан душман. Ошондуктан, силер да аны душман деп билгиле. Акыйкатта, шайтан өз тобун тозок ээлеринен болууга чакырат"[21].**

**قالتعالى زُيِّنَ لِلنَّاسِ حُبُّ الشَّهَوَاتِ مِنَ النِّسَاءِ وَالْبَنِينَ وَالْقَنَاطِيرِ المُقَنطَرَة مِنَ الذَّهَبِ، وَالْفِضَّةِ وَالْخَيْلِ المُسَوَّمَةِ وَالأَنْعَامِ وَالْحَرْثِ ذَلِكَ مَتَاعُ الحَيَاةِ الدُّنْيَا وَاللَّهُ عِندَهُ حُسْنُ المَآب**

**"Адамдарга аялдар, балдар, алтын-күмүштөн жыйналган казыналар, күлүк аттар, мал-мүлк жана эгинзарларга болгон сүйүү кооз көрсөтүлдү. Бул (аталгандар) – ушул дүйнөдө пайдалуу нерселер. Бирок, Алланын алдында кайтып бара турган кооз жай бар"[22].**

Ушул айтылган жихаддын эки түрү фарзу ъайн (кааласаң да каалабасаң да милдеттүү түрдө аткарылуусу зарыл болгон амал). Ар бир мусулман эркек болсун аял болсун муну аткарууга милдетүү.

3.**Каапырлар жана мунафыктар** менен күрөшүүнүн төрт даражасы бар. Жүрөк менен, тил менен, мал менен, жан менен.

- Жүрөк менен күрөшүү дегени бул- каапырларга да жакшылык каалап, алар да Алланын пендеси болгондуктан динди

---

[21] *(Фаатир, 6)*
[22] *(Аали Имран, 14)*

түшүнүп, Алланы таанып, мусулман болуп жашап калса жакшы болот деген мээримдүүлүк.

- Тили менен күрөшүү дегени - тили менен аларды жакшылыкка ыйманга чакыруу.

- Жаны жана малы менен күрөшүү дегени –өз жаны жана малы менен Алла жолуна чыгып, Алла Тааланын динин адамдарга туура түшүндүрүп таратуу. Ошондой эле каапырлар тарабынан тынч жаткан мусулмандардын мекенине кол салынса, андай учурда өз жаны, малы менен чыгып өзүнүн жерин, элин, мамлекетин, ыйманын, акыйдасын сактап калганга аракет кылуу.

"Жихад" сөзү Куранда 41 жерде колдонулган. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) хадистеринде да "жихад" сөзү бир канча жолу учурайт. Жихад аяттарынын кээ бирлери Меккеде түшүрүлгөн. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) Меккеде жашаган учурда каапырлар менен жихад кылган эмес. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) ал учурдагы милдети мусулмандардын нафсын, акыйдасын, динин оңдоо гана болгон. Ал эми каапырлар менен бир гана Ислам дининин акыйкат экенин, өзүнүн чыныгы пайгамбар экенин далилдеп, алардын ишенимдери, багыттары туура эмес экенин баяндаган. Ошол себептүү сахабалар да жихаддан кайткан учурда: "Биз кичине жихаддан чоң жихадга баратабыз", деп айтышкан. Ар бир мусулман эң биринчи өзүнүн ыйманын, акыйдасын, адеп-ахлагын кандай кылса жакшы болоорун изилдеп үйрөнүп, өзүн оңдоп шайтан менен нафстын азгырыктарына азгырылбай, ар дайым күрөштө болуусу зарыл. Себеби, шайтан менен нафс адамдан ажырабай анын дайыма коштоп жүргөн душманы. Ал эми каапырлар болсо алыста турган душман. Акылдуу адам биринчи жанында турган душманынан сактанат.

## Жихад кылуунун максаты

Жихаддын максаты Алланын динин бийик кылуу.

Ким өзүнүн бийлигин, байлыгын сактоо үчүн, же бир мансапка келүү, элди бөлүп-жаруу, бузукулук, саясат үчүн жихад кылам десе, андай адамды шарият жихад кылуучу деп эсептебейт. Тескерисинче, Ислам дининде андай адам күнөөкөр эң жаман адам деп эсептелет.

Жогоруда белгилегендей "жихад" сөзүнүн мааниси дин жолунда мээнет кылуу дегенди түшүндүрөт. Ал эми курал менен согушуу араб тилинде "قتال" "китаал" деп айтылат. Жихад сөзү Куранда жана хадисте көп келген, ошондуктан жихад кылуу фарз деп кыйкыргандар "жихад" сөзүн жалаң курал менен согушуу деп туура эмес түшүнүп алышкан. Туура, Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) доорунда каапырларга каршы согушуу жихад деп аталган жана андай жихадга (согушууга) кызыктыруучу аяттар түшүп турган жана Пайгамбарыбыз(с.а.в.) өзү да согушуп жихад кылууга үндөп турган. Бирок аны төмөнкүдөй мааниде түшүнүү керек. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) баш болгон мусулмандар Меккеде бир топ кысымчылыктарга учураганда Алла аларды Мединага көчүүгө буюрган. Алар Мединага келип жайгашкандан соң да Меккелик каапырлар аларды жайына койбой улам-улам кол салып турган. Мына ушундай учурда пайгамбарыбыз Мухаммад (с.а.в.) каапырлар менен согушууну "жихад" деп атады, б.а. "Силер колуңарга курал алып, динди, кары-картаң, жаш балдарды, аялдарды коргоо үчүн кол салганы турган каапырлар менен согушсаңар бул "китаал" согушу эмес, бирок дин үчүн мээнет кылган катары сооп алуучу "жихад” болот" деп атаган.

Жихад кылуу үчүн сөзсүз колго курал алып согушуу шарт эмес. Б.а. жихад сөзүнүн маанисин жалаң каапырлар менен

согушуу деп түшүнүп алуу туура эмес. Курандагы жана хадистердеги "жихад" сөзүн бүгүнкү күндө толук дин үчүн куралсыз эле жүрөгү менен, тили менен, малы менен, убактысын сарптоо менен мээнет кылуу деп түшүнүү максатка ылайыктуу болот. Анткени Алланын дини Ислам бүгүнкү күндө каапырлардан согушуу жолу менен корголууга муктаж эмес.

Эгерде Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) доорундагы каапырлар менен болгон согуш дин үчүн болбогондо, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) аны эч качан "жихад" деп атабайт эле.

Бүгүнкү күндө динден, акыйдадан эч кандай кабары жок туруп эле жана жихаддын эмне экендигин жакшылап аңдап түшүнбөй туруп, интернет булактарындагы азгырууларга азгырылып, эмоцияга алдырып, учурда жүрүп жаткан араб өлкөлөрүндөгү алардын өздөрүнүн ич ара согушуп жатканын көрүп билбей эле ал жакка "жихад" деп кетип жаткандарга бооруң ооруйт. Ал жакта мусулман мусулман менен согушуп атса, анан акыйкат кимиси тарабында экени белгисиз болсо, кантип аларга барып кошулуу дурус болсун?! Аларга биздин жардамыбыз, алар үчүн дуба кылуу гана.

Кайсы бир мусулман адамдын өлкө башчысынын же бир жооптуу имамдын уруксатысыз эле каапырлар менен салгылашууга үгүттөөсүнө же кызыктыруусуна шариятта уруксат берилбейт. Анткени, Алла Таала ошол өлкө башчысын жана дин кызматкерлерин мусулмандар менен каапырлардын ортосуна тосмо сыяктуу өкүл кылган.

Абу Хурайрадан (р.а) риваят, Пайгамбарыбыз (с.а.в) айтты: “Акыйкатта имам – ал калкан сыяктуу. Артындагылар менен чогуу согушат же алар менен сактанат. Эгер элди такыбачылыкка (Аллахтан коркуугa) чакырса жана алардын ортосунда адилеттуу

болсо, анын бул иши өзү үчүн чоң ажыр, сооп болот. Эгерде андан башкага буйруса, анда өзүнө зыян.”

Алла Таала ыйманыбызды бекем кылып, туура жолдон адаштырбасын!

## “Экстремизм жана такфиризмдин коомго келтирген коркунучу” аттуу I Эл аралык симпозиум

2015-жылдын 16-17-апрель күндөрү Бишкек шаарында “Экстремизм жана такфиризмдин коомго келтирген коркунучу” аттуу I эл аралык симпозиум өттү. Симпозиум Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-2020-жылдарга КРнын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы жөнүндө жарлыгынын алкагында Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармасы, Ыйман фонду жана Кыргыз Республикасынын дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы тарабынан уюштурулду.

Симпозиумга 17 өлкөдөн 50 өкүл жана жалпы 650 делегат катышты. Атап айтканда Казакстан, Тажикстан, Россия, Белоруссия, Украина, Татарстан, Монголия, Пакистан, Индия, Сауд Арабия, Кувейт, Мисир, Иран, Иордания ж.б. мамлекеттеринен, белгилүү аалымдар, муфтийлер, диний жана коомдук ишмерлер, илимий кызматкерлер, мугалимдер, мамлекеттик бийлик органдары жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү болушту. Мындан сырткары аймактык казылар, жергиликтүү дин кызматкерлери да катышты.

## Эл аралык симпозиум экстремизм жана такфиризмди айыптады

Катышуучулар симпозиумда чыгып сүйлөгөн сөздөрүндө акыркы жылдары жайыла баштаган экстремизм жана такфиризм терс көрүнүшүн айыпташты. Бул терс көрүнүштөрдүн исламга карама-каршы келээрин белгилешти. Демейки адамдардын мусулмандарды капырсың деп күнөөлөөгө акылары жок. Мындай чечим чыгаруу шарияттык соттун укугуна гана тиешелүү жана чоң жоопкерчиликти камтыйт. Мусулмандар болсо бөлөктөрдүн пикирине, жалаң эле исламдын алкагында эмес, анын тышында да көтөрүмдүү жана сый-урматта болуулары керек. Иорданиялык, кувейттик, Сауд аравиялык жана пакистандык аалымдар исламдын бул жобосун, Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) сахабаларынын жүрүм-турум мамилелеринен далилдерди келтирүү менен негиздешти. Экстремизм жана такфиризм радикалдык секталардын алгачкысы болгон харижиттерге мүнөздүү өзгөчөлүк экендигин белгилешти. Бул топтун ишмердүүлүгүнүн кесепетинен исламдын алгачкы жылдарында көп кан төгүлүүлөр болуп, Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) күйөө баласы жана сахабасы, төртүнчү такыба халиф Али ибн Абу Талиб өлтүрүлгөн. Азыркы такфиристтер жана экстремисттер болсо, ошол сектанттардын кандуу жолу аркылуу бара жатышат.

Чыгып сүйлөгөндөр Кыргыз Республикасы көп кылымдуу тарыхы бар, кооз жаратылыштуу көркөм көрүнүштүү тоолуу өлкө, калкынын көпчүлүгү мусулмандар экендпгин, акыркы жылдарда исламдын өнүгүүсүн. миңдеген мечиттер, ислам университети, көптөгөн медреселер бар экендигин. Бишкекте чоң борбордук мечиттин курулушун, Муфтий Токтомушев Максатбек ажы жетектеген Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы республикада калкка Исламды туура түшүндүрүү боюнча жана экстремисттик көз караштардын жайылуусуна бөгөт коюу боюнча жигердүү иш алып бара жаткандыгын белгилешип, экстремизмдин

таралуу жолуна токтолушту. Жана мусулман өлкөлөрүнө бул илдет көбүнчө интернет тору аркылуу таратылып жаткандыгын белгилешти. Аалымдар жаштарга акыйкат маалыматтарды алууну, өздөрүн чыныгы окумуштуулрбыз деп жарыялоо менен калган пикирлердин бардыгын четке каккан жалган аалымдарды укпоого кеңеш беришти. Борбордук Азия аймагында ханафий мазхабындагы Ахли Сунна вал Жамаъанын Исламдын өнүгүү тарыхындагы өзгөчө ролу белгиленди. Ошондой эле бул даңктуу аймакта көптөгөн улуу ислам аалымдарынын төрөлгөндүгү жана иштегендери айтылды. Алардын ичинен улуу аалымдар Ал-Бухари, Муслим, Ат-Тирмизи, Абу Дауд, Ас-Сарахси, Ан-Насафилердин ысымдарын атай кетүү жетиштүү болот.

Төмөндө симпозиумга катышкан көрүнүктүү Ислам аалымдарынын докладынан келтире кетели.



**Шейх Равиль Гайнутдин,**
РФ МДБ жана РМК төрагасы Муфтий

Урматтуу I эл аралык “Экстремизм жана такфиризмдин азыркы коомго келтирген коркунучу” аттуу симпозиумдун уюштуруучулары жана катышуучулары! Урматтуу азирети муфтий Максатбек ажы Токтомушев! Урматтуу Кыргыз Республикасынын Парламентинин вице-спикери Төрөбай Закирович Зулпукаров! Силер менен бирге эле Кыргызстандын жетекчилигин жана симпозиумдун жогорку президиумун куттуктайм!

Урматтуу симпозиумдун уюштуруучулары жана анын катышуучулары! Силер менен Орусия Федерациясынын мусулмандарынын Диний башкармалыгынын, Орусиянын муфтийлер кеңешинин, жалпы эле Орусиянын мусулмандарынын

атынан мусулмандардын салттуу учурашуусу менен учурашам "Ассалааму алайкум ва рахматуллоохи ва баракаатух – силерге Алла Тааланын тынчтыгы, мээрими жана берекеси болсун!

Мен сөзүмдүн башында бүгүнкү иш-чаранын катышуучуларын, Кыргызстандын бийлик органдарын жана жалпы эле Кыргыз Республикасынын элин Улуу ата мекендик согушунун жеңиши – мурунку СССРдын бардык элинин улуу жана жалпы жеңишинин 70 жылдыгы менен куттуктайм! XX кылымдын орто ченинде Евразия эли биригип, агрессорго сокку урду жана бүгүнкү күнү дагы бул улуу күндү Орусиянын, Борбордук Азиянын жана Казакстандын эли бардыгы биригип майрамдашат.

"Экстремизм жана терроризмдин азыркы коомго келтирген коркунучу" аттуу эл аралык симпозиумдун өткөрүлүүсү абдан актуалдуу жана учурдун талабы болуп жатат. Нигилизмдин бүгүнкү күнү мусулмандарга таңууланып жаткан бардыгын жокко чыгаруу, терсаяктык идеологиясы, Алла Тааланын оюна, Анын өкүм-буйруктарына түп тамырынан карама-каршы келүү менен, бүткүл үммөткө жана мусулман цивилизациясына жана ошондой эле бүткүл адамзатка коркунуч алып келет.

Бул коркунучка жооп катары консолидация жана биригүү зарыл. Коомдук консенсус жана коомдун бардык топтору менен болгон сүйлөшүүлөр аркылуу, чектен чыккан идеялар менен көз караштарга тосмо коюу керек. Тынчтыкты жана мыйзамдуулукту сактоо жана өркүндөтүү үчүн, бул багытта диний жетекчилер жана бийлик органдары кол кармашып иш алып баруулары зарыл. Акыркы жылдары Кыргызстандын Президенти Алмазбек Шаршенович Атамбаевдин демилгеси менен консенсус жана өз ара урматташуунун негизинде, республикада мамлекеттик-конфессионалдык диалогду өнүктүрүү аракеттери көрүлүп жатканы кубандырат.

Биздин симпозиумдун ишине чын жүрөктөн ийгилик каалоо менен, Уюштуруу комитетине бүгүнкү иш чараны даярдоодогу кылган эмгеги үчүн алкыш айтам, катышуучулардын бардыгына тынчтык жана ийгилик каалап дуба кылам.

Урматтуу симпозиумдун уюштуруучулары, катышуучулары! Урматтуу муфтийлер жана имамдар! Урматтуу Кыргызстан мусулмандарынын азирети муфтийи шейх Максатбек ажы! Мен өзүмдүн бүгүнкү сөзүмдү симпозиумдун аталышына үндөш "Экстремизм жана такфиризм бүткүл адамзаттын коркунучу" деп атагым келет. Диний адамдын көз карашында экстремизм эмнени билдирет? Бул – аша чабуу, чектен чыгуу, жүйөлүү ишти четке кагуу,өзүнүн оюна жакпаган, туура келбеген бардык нерсени четке кагуу. Такфиризм болсо бул диний боордоштукту четке кагуу, адамдын аны улуту, салты, үй-бүлөсү, мамлекети жана коому менен байланыштырып турган бардык нерсени толугу менен четке кагуу.

Азыркы дүйнөдө экстремизмдин, мамлекеттик деңгээлдеги экстремизм менен шарттуу түрдө дипломатиялык такфиризм деп атап коюуга боло турган, башкача айтканда альтернативдик ой-пикирлерди жүйөөсүз эле четке каккан, чыңалууга алып келген, бөлөк ой-пикирдин болуу укугун четке каккан эл аралык саясаттан тартып, анын көптөгөн түрүн кездештирип жатабыз. Өкүнүчтүүсү, сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүнө зыяны тийген аша чабуу жана душмандыкты жактоочулук дүйнөдө кеңири таралууда. Адамзат мамлекеттер аралык болсун же ички жарандык болсун, ал эмес жөнөкөй адамдык мамиледе болсун, сүйлөшүү маданиятын жоготууда.

Бүгүнкү күндө Жакынкы Чыгыш төгөрөктүн төрт бурчунан жүздөгөн, ал эмес миңдеген радикалдарды жана экстремисттерди жана ДАИШ деп аталган террористтик топту магнит сыяктуу өзүнө тартууда, анткени аймактык жарым жартылай талкаланган

мамлекеттүүлүктүн абалында куралдуу бандиттер каалагандай кара санатай кылмыштарын жүргүзүүдө. Бул жалдангычтардын бардыгы, мындан мен кенедей да шек кылбайм, диний сезимден эмес, тескерисинче, жалпы адамгерчилигин, Алла Таала менен болгон байланышын жоготуу менен жергиликтүү калкты өлтүрүп карактап, тоноп, жерин бүлүндүрүп, талкалап жатат, анткени ал ата-бабасынын жери эмес, Жакынкы чыгыштын жеринде мындай жалдангычтар үчүн аяй турган эч кандай касиеттүү, кымбат нерсе жок.

Бирок биз башка аспектти да түшүнүбүз керек: Жакынкы чыгышка келип жаткан жаңы аталган бандиттер жана киши өлтүргүчтөрдүн коомдорунда, баалуулук багытын жоготкон, жек көрүүчүлүк дартына чалдыккан, ыңгайлуу шарт боло калса киши өлтүрүүдөн кайра тартпаган адамдар көп. Зор кылмыштуу синдикат катары ДАИШ өзүнүн согушчандарын ондогон мамлекеттерден: исламдын да, ошондой эле батыштын да дүйнөсүнөн жалдап жатат. Өзүнүн кылмыштуу торуна түшүрүп алгандардын арасында, секуляризмдин жана либерализмдин баалуулуктарынан жана ошол баалуулуктар аркылуу бардыгы жыргалда жашай турган коомду курууга болоорунан көңүлдөрү калгандар көп болуп жатат.

Бирок батыш дүйнөсү азырынча өзүнүн калкына, анын ордуна башка нерсени сунуштоого даяр эмес. Бытыраган, карама-каршылыкка тушуккан, өкүнүчтүүсү, диндин фитна менен терсаяктыкты четке каккан өзгөчө жоболоруна негизделген, мамлекет жана коомдун бардыгын камтыган ырааттуу өнүгүүсүнүн үлгүсүн сунуштоого алсыз болуп жаткан ислам дүйнөсү сыяктуу. Демилгени радикалдар жана жалган диний экстремисттер алып кетүүдө.

Эгерде Ирак жана ага кошуна мамлекеттерде мындай татаал саясий абал жаралбаганда, бул алаңгазарлардын жамандыгы

өздөрүнүн мамлекеттерине жана такай жашап турган жерлерине тийерин эсепке албай коюуга да болбойт.

Пайгамбарыбыз Мухаммад САВ: “О, адамдар! Акыйкатта, силердин араңарда өнгөлөрдүн динден көңүлүн калтыра тургандар да бар”, – деген  (Бухарий). Бул хадиси менен Алланын Элчиси, жамаат намаздарын көпкө окуу менен мусулмандарды чаалыктыргандар жөнүндө айткан. Дүйнөгө мээрим болуп жиберилип, жумшактыкка, кечиримдүүлүккө, адилеттүүлүккө чакырган Пайгамбарыбыз (с.а.в.) бүгүнкү күнү исламдын атын жамынып алып, ээн баштык кылгандарга күбө болгондо эмне деп айтмак?

“Жеңил кылгыла, оор кылбагыла, татаалдаштырбагыла!”.

Биз КМШ мамлекеттеринин жаштарын мындан ары бары-жокту талкалоонун жана жек көрүүчүлүктүн үлгүсүнө, террористтик жана бандиттик ишмердүүлүккө тартып кетүүгө жол бербөө үчүн бардык аракеттерди кылуубуз керек.

Бүгүнкү иш-чаранын күн тартибине Орто Азиядагы ислам тарыхы пунктунун киргизилиши абдан адилеттүү жана негиздүү. Ислам цивилизациясы илимий, маданий, руханий жактан гүлдөөнүн эң бийик деңгээлине күчтүү жана легитимдүү мамлекеттүүлүктүн колдоосунда жетишкенин тарых тастыктайт. Бул легитимдүүлүк шайланган жетекчиликтин мыйзамдуулугу менен жана эл менен саясий истеблишменттин ортосундагы коомдук келишимдин  түзүлүүсү менен болгон.

Биз жаштарыбызга, анын ичинен “халифатта” жашоону эңсеген бөлүгүнө, биздин динибиз жана анын өкүлдөрү бардык адамзаттын цивилизациясынын өнүгүүсүн алдыңкы катарында болгондугун, Евразиядагы исламдын тарыхынын жакшынакай барактарынан айтып берүү үчүн, бардык мүмкүн болгон каражатты

колдонушубуз керек. Исламдын жана мусулмандардын күч-кубаты жана гүлдөөсү кан төгүлгөн жарандык согуштар, бандитизм жана жарандык калкты террорлоо аркылуу эмес, жасагыч эмгек аркылуу болгон. Өзүнүн мамлекетинин саясатына таасир берип, өзүнүн коомун жакшы жагына өзгөртүүнү каалаган мусулмандар, колдоруна курал алышкан эмес, алар илим менен куралданып, анысын кынтыксыз адеп-ахлактары аркылуу бекемдешкен.

Анткени, Ыйык Куранда:

قُلْ هَلْ يَسْتَوِي الَّذِينَ يَعْلَمُونَ وَالَّذِينَ لَا يَعْلَمُونَ إِنَّمَا يَتَذَكَّرُ أُولُو الْأَلْبَابِ

**"Билгендер менен билбегендер тең боло алабы?" – деп айт. Чындыгында, акыл ээлери гана (Курандан) насаат алат"**[23], деп айтылат.

Ким чын ниетинен коомуна жардам берүүнү кааласа, унутпасын, ар бир бекем жана көркөмдүү имарат жылдап курулат, ал эми аны талкалоо үчүн, бир нече саат же бир нече мүнөт гана жетиштүү, ошондуктан, исламды бир заматта гүлдөтүүгө болооруна убада берген диний үгүттөөчүнү жолуктуруп калсаңар, ойлонгула, ал силерди куруу үчүн эмес, талкалоо үчүн, мусулмандарды коргоо үчүн эмес, эзүү үчүн чакырып жаткан жокпу?

Ал эми ким шайтандын азгырыгына берилип, жүрөгүн жек көрүү ээлеп, колуна курал кармап алган болсо, биз бир гана Алла Тааладан аны акыйкаттын, эстүүлүктүн жана мээримдүүлүктүн жолуна салуусун суранабыз. Бул жерде сөз бир гана ДАИШтин согушчандары жөнүндө жүрүп жаткан жок, бирок анын бөлөк экстремисттик топтордогу өкүлдөрү жана согушчандары жөнүндө жана ошондой эле бүгүнкү күндө колуна курал алып, диний

---

[23]***(Зумар 9)***

түшүнүгүндө храмдарга жана динчилдерге кол салып жаткан бөлөк диний конфессиялардын өкүлдөрү жөнүндө да болуп жатат.

Коомдук биримдикке жетүүдө жана аны сактоодо маанилүү ролду шариятта камтылган ихтилаф – ой-пикирлердин ар түрдүүлүгү жана шура – чечим кабыл алуудагы кеңешме принциби ойногон.

**وَأَمۡرُهُمۡ شُورَىٰ بَيۡنَهُمۡ**

**“...өздөрүнүн ишин өз ара кеңешип чечкендер”.**[24]

Ошентип ислам ырааттуу түрдө коомдорго бир чечимгө келүүгө аракет кылууну жана ошого жетүүнү буюрат. Бул фундаменталдык түшүнүктөр бүгүнкү күндө өздөрүн “халиф” аташкандар тарабынан жана согушчандардын “амир” дегендери тарабынан четке кагылып жана тебеленип жатат. Аалымдардын милдети болсо, исламдын жоготкон жакшынакай укуктук механизмдерин өзүнүн мурдагы ээлеп турган бийик ордуна коюу жана ушул айтылган түшүнүктөрдүн көрүнүштөрүнүн бири болуп азыркы дүйнөдө шайланган парламенттер, анын ичинен мусулман калкы басымдуулук кылган мамлекеттердин парламенттери болуп эсептелет.

Мусулман аалымдарынын дагы бир маанилүү милдеттеринен болуп, симпозиумдун аталышы болгон: такфиризм жана экстремизм адамзаттын коркунучу тезисин түшүндүрүү, мына ушул себептен булар Мухаммад пайгамбар (ага Алланын саламы жана салаваты болсун) тарабынан кескин сындалган жана ал эмес тыюу салынган.

Исламдын пайгамбары, Алланын Элчисинин: “Акыйкатта, момундар – ааламдардын Роббисине, бардык нерсенин

[24]***(Шура 38)***

Жаратуучусу жана Жасоочусуна ыйман келтиргендер – бир туугандар! Бир туугандардын ортосундагыларды айыктыргыла, түздөгүлө!” деп айтып кеткен осуятын унутууга болбойт. Ал эми Алла Таала болсо буйруп жатат:

**“Жана жамандыкты сеппегиле, жерди аны жайлуу жайга айландырып алган соң, кайрадан талкалабагыла!”**

Ааламдардын Роббисинин бул мыйзамдары жана Мухаммад пайгамбардын (ага Алланын саламы жана салаваты болсун) осуяты бардыгыбыз үчүн, бардык замандарга жана Акыр Кыяматка чейин бардыгына таандык!

Сөзүмдү аяктап жатып биздин чогулушубузга ийгиликтүү ишти, алдыга коюлган милдеттерди чечүүнү жана исламдын жана мусулмандардын жыргалчылыгы, биздин мамлекеттердин жыргалчылыгы, дүйнө элдеринин жана диндердин ортосундагы тынчтык жана ынтымагы үчүн, адилеттүүлүктүн жана жакшылыктын салтанаты үчүн жемиштүү жыйынтыктарга жетүүсүн каалап кетүүгө уруксат бериңиздер!

Учурдан пайдаланып, өзүмдүн “Введение в шариат” аттуу кыргызчага “Шариатка киришүү” деп которгон китебибиз менен тааныштыра кетүүгө уруксат этиңиздер. Бул китеп экстремизм жана такфиризм менен күрөшүү ишине омоктуу салымын кошот деп ишенем. Биз ханафит мазхабы боюнча Орусияда жана КМШ мамлекеттеринде китеп басып чыгаруу жана аларды ар түрдүү тилдерге, анын ичинде кыргыз тилине да которуу ишин мындан ары да улантмакчыбыз.

Көңүл бургандыгыңыздар үчүн ыракмат айтам! Ассалааму алайкум ва рахматуллоохи ва баракаатух!



**Дамир хазрат Мухеддинов,**

РФ МДБнын төрагасынын биринчи орун басары

Диний ураандын астындагы экстремизм жана терроризм көйгөйлөрү глобалдык күн тартипке мындан он беш жыл мурун 11-сентябрдагы теракттардан соң кирди. Өкүнүчтүүсү, биз андан бери аларды чечүүгө көп жакындай элекпиз. Мунун себебине, бөлөк факторлордун ичинен мусулман коомунун атынан чыгып жаткан бардык радикалдык топтордун негизин түзгөн идеологиялык үрөнүнүн аныкталып табылбай жаткандыгын атай кетсек болот. Адистер азыр гана такфиризмдин, экстремизмдин жалпы теориясы жана практикасы экендиги жөнүндө кеп кыла башташты. Бирок бул коркунучтуу кесепетке каршы күрөшүүнүн ачык жалпы стратегиясы азырынчы сунуштала элек.

Такфиризмдин маңызы жөнүндө XX кылымдын аягынан бери сөз кылып келе жатабыз. Ошондой эле башында биз бул кесепеттин ислам тарыхында сейрек эместигин белгилегенбиз. Жана эң башкысы даана жана маанисин буйтактатпай, өз мезгилинде көңүлдү биринчи мусулман коомун ичтен бузуу коркунучуна алып келген такфиризм көйгөйүн жокко чыгарган диний-методологиялык негизге бурганбыз. Биз тараптан бул темага арналган бир топ эмгектер басылып чыккан. Алардын ичинен, ошол кездеги экстремист-такфиристтердин адашууларын түшүндүргөн улуу Имам Абу Ханифанын (ага Алланын рахматы болсун) трактаттары биринчи орунда турат.

Ислам тарыхында шексиз биринчи радикалдардан болуп “харижиттер” (арабча – хавариждер, башкача айтканда “моюн сунуудан чыккандар”) эсептелишет. Экстремисттик ызы-чуу канчалык таң калыштуу болбосун, такыба халиф Алиге (Алла анын

жүзүн нурдуу кылсын) каршы чыгуудан башталган. Бирок фанатиктер бир эле аны эмес, Муавияны да, Амр ибн аль-Асты да өлтүрүүнү чечишкен. Баарынан да бул мыкаачылыкты бир эле күнү – жума намазынын учурунда аткарууну болжошкон. Имам Али Ибн Мулжам аттуу фанатик-харижиттин колунан, Куфа мечитинин эшигинде каза тапкан. Натыйжада алтымыш жаштан бир аз ашкан курагында, мусулман тарыхында биринчи жалган исламчы террорист-жан кечтинин колунан төртүнчү такыба халиф шейит (дин үчүн курман) болду.

Террорист кутулуп кетүүнүн эч кандай мүмкүнчүлүгү жоктугун түшүнгөн. Ал ачык эле "өлүмгө барган" жана мунусу анын өзү кабыл алган чечими болчу.

Харижит тобунун болжогон нерселерин, негизинен атайын даярдалган террористтик чабуул деп эсептөө керек. Үч киши өлтүргүч бир эле убакта мусулман төрөлөрүнүн үч өкүлүнө, бир эле ураандын астында кол салышат. Заманбап түрдөгү комуникациялык түзүлүштөрдү жана өлтүрүү куралдарын эсепке албаганда, калган нерселердин бардыгы азыркы "туура ислам" үчүн деген жалган ураандын астында жүргүзүлүп жаткан террористтик актыларга төп келет. Канчалык таң калаарлык болбосун, харижит түшүнүгүн жактоочуларга сырткы динчилдик, абдан такыбалык жана ибадатка аябай берилгендик мүнөздүү эле. Буга мүнөздүү нерселерди биз бүгүн дагы көрүп жатабыз. Пайгамбар (с. а. в.) ушундай топтордун пайда болоорун эскертип, мындай деп айткан: "Акыйкатта, силердин намазыңар жана орозоңор алардын намазына жана орозолоруна салыштырмалуу болоор-болбос сезилип калат" (Сахих Муслим).

Харижиттер "Кудайдын падышалыгын" орнотуу идеясын турмушка ашырууга умтулушкан, бирок өздөрүнөн башкалардын бардыгы түбөлүк азапка калышат деп ойлошкон. Алардын согушчан идеализми көптөгөн жолун жолдоочуларды, өзгөчө

калыптана элек, ишенчээк жана сабатсыз жаштарды өзүнүн катарына тарткан. Бул кыймыл диний-фанатиктик кыймыл болсо дагы, ал акырындап өзүнө көптөгөн, кандай саясий бийлик болбосун, кандай тартип болбосун, алар менен келишпеген ызы-чуу салган топторду, бүгүнкү тил менен айтканда, ачык криминалды кошуп алган.

Харижиттердин бир бөлүгү (“азракиттер” деген ат менен белгилүү) ушунчалык радикалдык көз караштарды тутунушчу, алар борбордук бийликти жактагандарды эле эмес, алардын куралдуу акцияларына катышпагандардын бардыгын капырлыкка чыгарышчу. Алардын согуштук лагерлерине көчүп барбагандардын бардыгын “капыр” деп жарыялашчу. Ал эми көчүп баргандар болсо, туткундарды, кулдарды ал эмес харижиттердин башчыларынын оюу боюнча, “үйлөрүнө олтуруп алгандардын” бардыгын өлтүрүү менен сыноодон өтүшчү. Бул кылмышты аткаруудан баш тарткан жаңы кабыл алынгандар болсо,“мушриктөр”, же болбосо “мунафыктар” деп жарыяланып, өлүм жазасына тартылышчу.

Пайгамбарыбыз САВ алар жөнүндө мындай деген: “Бир эл чыгат, алар Куран окушат, бирок окугандары көмөкөйүнөн сырткары кетпейт. Алар мусулмандарды өлтүрүшөт жана мушриктерге даават кылышат. Алар исламдан, аңды жебе тешип өткөн сыяктуу чыгышат...” (Сахих аль-Бухари).

Ал радикалдык харижизм эбак эле тарыхка кеткен. Бирок өкүнүчтүүсү, анын XXII кылымда сээп кеткен үрөнү мезгил-мезгили менен ар кандай отоо чөп сыяктуу өнүп чыгууда. Бул үммөттүн, кризистердин, тышкы кол салуулардын же кыйынчылыктардын мезгилинде күчөп туруучу “өнөкөт оорусу” сыяктуу болуп калды. Мезгили келгенге чейин “уйкуда болуучу” баш аламандык маанайлары кылымдардын аралыгында мусулман

дүйнөсүнүн ар кайсы бурчундагы уруулардын жана калктардын арасында дүрт этип от алып турат.

Бүгүнкү күнү алгачкы харижизм такфиризм түрүндө кайра жаралууда. Ар кандай топтордун жактоочулары мусулмандардын басымдуу бөлүгүн капырлыкка, мунафыктыкка же мушриктикке айыптоо менен, өздөрүнүн оюна макул болбогондордун бардыгын диний-саясий өңүтүнөн өлтүрүүнүн зарылдыгы идеясын таратышууда. Чындыгында такфиризм алар тарабынан, өздөрүнүн уюмдарынын согуштук кызыкчылыктары кызматына коюлган. Зарылчылык туулуп калса, ким болбосун капыр деп жарыяланат.

Мындай идеядагы топторду биз бүгүн Ирак, Сирия жана башка мамлекеттерден көрүп жатабыз. Жана Алланын Элчиси САВ эскертүү менен булар жөнүндө да: “Алар ар бир кылымда пайда болуп турат жана талкаланышат...”, деп айткан (“Сунан”, Ибн Маажа).

Эң жалпы көрүнүшүндө такфиристтердин идеялык-теориялык принциптери өзүнөн мурункулардыкын кайталап турат. Аларды төмөндөгүлөргө топтосо болот:

1. Абдан бекем тартип. Такфиристтер тышкы дүйнөгө хаосту жана баш аламандыкты таратканы менен, алардын ички түзүлүшүн бийликтин темирдей тартиби өзгөчөлөнтөт. Катаалдык, каржылык сыйлыктар менен жана жетекчиликтин тынч калкка жана кулдарга көрсөтүлгөн эч себепсиз ырайымсыздыктарды, зордуктарды, талап-тоноолорду колдоолору менен жана төмөнкү катмардын согуштук олжолорду бөлүштүрүүгө катышуулары менен акталып кетет, ал эмес капкачан калып калган жана ислам тарабынан тыюу салынган кул ээлөөчүлүк кайра киргизилип жатат.

2. Бири-бирине кепил болуу системасы аркылуу жарамдуу согушчандар тартылган туташ зордук-зомбулукка таянуу, террор

жана тынч калкты коркутуу. Чындыгында такфиристтердин бардыгы кылган кылмыштары үчүн тиешелүү жоопкерчилигин тартат, ошондуктан алар бири-бирин кызыкдар.

3. Эң бийик чегине жеткирилген фанатизм, бул бардык кылык-жоруктарды ички актоо кызматын кылат. Принциптери – “жеңиш бардыгын жоёт”,“максат каражаттарды жана курмандыктарды актайт”, “эч кандай олку-солкулук”, “бейиш бул жерде жана азыр”, “ким биз менен болбосо, ал бизге каршы” такфиристтердин тилинде бул “ким биз менен болбосо, ал капыр, андай болгон соң, анын жаны да малы да адал”, башкача айтканда өлтүрсө да, тоносо да дегенди билдирет.

4. Популизм. Такфиристтердин лидерлери өздөрүнүн жактоочуларына алар эмнени каалаган болсо, ошону айтышат жана эмнени алгысы келген болсо, ошону беришет. Диний курулай чечендиктери, жактоочуларына бир нерселерди берип туруу менен бекемделет.

5. Согушчан билимсиздик, жапайылык, антиинтеллектуализм. Такфиристтер интернетте, алар Иракта жана Сирияда адамзаттын маданий мурастарын кантип жок кылып жатышкандыктарын үстөккө-босток көрсөтүшөт.

Бүгүнкү күндө сырткы душмандардын жана ички кризистердин салмагынан курчуп кеткен ислам дүйнөсүнүн бул өнөкөт оорусуна даба боло турган дары барбы? Идеяны бомба менен жеңүүгө болбосу түшүнүктүү. Сөзгө жана ойго бир гана сөз жана ой каршы тура алат.

Ислам тарыхы улуу Абу Ханифа (ага Алланын мээрими болсун) такфиризмге каршы иштеп чыккан жана ийгиликтүү колдонгон эмдөөдөн дагы таасирдүүрөөгүн билбейт. Ал диний-

укуктук нормалар менен негиздеп, харижиттерди идеологиялык жактан талкалоого жетишкен.

Мисалы, харижиттер, чоң күнөө кылган ар бир мусулман капыр, – деп тастыкташкан. Алардын идеялык оппоненти Абу Ханифа, тескерисинче, “Устаз жана окуучу” деген трактатында: “Куфр” сөзүнүн анык мааниси бар, ал – толук четке кагуу. Арабдар Алла Таала Куранды түшүргөн өздөрүнүн араб тилиндеги бул сөздүн маанисин дал ушундай түшүнүшөт. Жана мусулман эгер четке какпай туруп диний милдетин таштап койсо ал күнөөлүү деп аталат”, – деген. Абу Ханифанын бул формуласы боюнча “Кыбыла адамдарынын эч кимисин” күнөөлөрү үчүн капырлыкка чыгарууга болбойт: эч кимисинин ыйманын четке кагууга болбойт; жакшылыкка (буйрулган нерселерге) үндөп жана жамандыктан (арам нерселерден) кайтарып туруу керек.

Абу Ханифанын диний мурасынын бардыгында, акыркы максатын түзгөн, диний өлтүрүүлөрдү актап болбой тургандыгы жөнүндө идеялар бар. Ошондой идеялардын биринде ыйман менен амал экөө барабар эмес, – деген тезис бар. “Амал ыйман эмес жана ыйман амал эмес; амалын жоготкон ыйманын жоготкон болуп эсептелбейт, анткени ал ыйманга амалсыз ээ болгон”, – деп аныктайт Абу Ханифа өзүнүн трактатында.

Бул баа жеткис, Куран илими менен бекемделген тажрыйба бүгүнкү күндө бизге аба сыяктуу зарыл. Биздин аалымдар бизге акылга сыярлык дин илимин эле калтырбастан, ар бир социалдык көйгөйлөрдү чечүүнүн практикалык жолун дагы калтырып кетишкен. Алла Таала Куранда бизге мындай дейт:

فَاسْأَلُوا أَهْلَ الذِّكْرِ إِنْ كُنْتُمْ لَا تَعْلَمُونَ

**“Эгерде билбесеңер, илим ээлеринен сурагыла”**[25], башкача айтканда, жообун аалымдардан, адистерден, илимге жана тажрыйбага ээ болгондордон сурагыла.

Ислам дининин ханафий мазхабынын, матуридия акыйдасынын аалымдары, Улуу Имамдын теориясын терең өнүктүрүштү. Бекеринен Уралдын Волга жээгиндеги, Сибирдин, Казакстандын жана Орто Азиянын элдери эч качан диний ураандын алдындагы такфиризм жана терроризм сыяктуу коркунучтуу алааматтарды билишкен эмес. Бул бизде мамлекеттик атеизмдин кулашы менен сырттан келген, акыркы он жылдыктын оорусу. Өзүбүздүн мазхабга таянуу менен гана биз Евразия мейкиндигинде жана бүткүл дүйнө жүзүндө тынчтыкты жана мусулман элдеринин гүлдөп, өнүгүп-өсүүсүн камсыз кыла алабыз.



**Шейх Абдулмуним Фуад,**

проф. док. Аль-Азхар университетинин шарият факультетинин деканы

Экстремизм жана такфиризм бир гана Кыргызстанда эле эмес, мусулман өлкөлөрүнүн баарында болуп жаткан көйгөйлүү маселелердин бири.

Бул көйгөйдү чечүү үчүн Куранды жана динибизди бекем кармообуз зарыл. Кыргызстанда өтүп жаткан симпозиум дүйнөдөгү болуп жаткан жан кейиткен көйгөйлүү маселелерди чечүүгө өз салымын кошот деп ишенем.

Бир мусулмандын экинчи бир мусулманды капыр деп айтуусу шариатта эң чоң күнөөлөрдөн. Ошол себептен дүйнөдө

[25] ***(Анбия7)***

болуп жаткан адам өлтүрүү, мууздоо, адамдарга зыян жеткирүү ж. б. у. с. жан кейиткен көрүнүштөргө ислам дини тыюу салат. Алла Таала Куранда Пайгамбарга САВ кайрылып: “...Андыктан аларды кең пейилдүүлүк менен кечир ” деп айткан.

Пайгамбар (с. а. в) хадистеринин биринде: “Ким жердегилерге ырайым кылбаса Алла Таала ал адамга ырайым кылбайт” – деп айткан.

Алла Таала башка бир аятта: “Жакшылыкта, такыбалыкта бири- бириңерге көмөктөшкүлө. Ал эми жамандыкта жана душмандыкта көмөктөшпөгүлө” – деген.

Пайгамбар (с. а. в) башка бир хадисинде: “Чыныгы мусулман бул башка мусулмандар анын колунан жана тилинен зыян тартпаса”

Башка бир риваятта “тилинен башка адамдар зыян көрбөсө” деген. Хадисте айтылган адамдар деген сөз жалпы мусулман жана мусулман эместердин баарын камтып турат. Ошол себептен мусулмандар адамдардын динине, улутуна, уруусуна карабай мамиле жасайт.

Эгерде башка дин өкүлдөрү мусулмандарга душмандык кылбаса, динибиз алар менен жакшы мамиледе болуп, урмат-сый көргөзүүгө үндөйт. Пайгамбарыбыздын САВдын тарыхына көз чаптырсак Мадинага көчүп барганда ал жерде жөөттөр жана христиандар жашачу. Пайгамбарыбыз САВ алар менен келишим түзүп мамиле курган.

Курандагы Марияaccess сүрөсүн карап көрөлү, эгер динибиз бир тараптуу болуп, экинчи тарапты сыйлабаганда Куранда Хадича же Айша деген сүрөлөр болмок.

Динибиз Мариям энебизди сыйлаган ошол себептен толук бир сүрө Мариям энебиздин атына түшкөн.

Жогоруда айтылып өткөн сөздөрдүн бардыгы ислам дини башка дин өкүлдөрү менен болгон мамилени четке какпай тургандыгынын далили. Башка дин өкүлдөрү менен жакшы мамиледе болууга үндөгөн динибиз мусулмандар менен эң жогорку мамиледе болууга буюрат.

Бирөөнүн жаман иш кылып жатканын көрсөк кагып-силкпей жакшы насаат айтуубуз керек. Алла Таала Куранда:

**ادْعُ إِلَى سَبِيلِ رَبِّكَ بِالْحِكْمَةِ وَالْمَوْعِظَةِ الْحَسَنَةِ**

**"Алланын жолуна даанышмандык жана жакшы сөздөр менен чакыргын"[26]** – деп айткан.

Лаа илааха иллаллах келимесин айткан адамды эч качан капыр деп айтпоо керек, анткени ислам динининин айрыкча Ахли суннанын өзгөчөлүгү ушунда турат. Мисалы, бир адам чоң күнөө жасаган болсо хавариждер капыр деп айтышат. Ал эми Ахли сунна болсо капыр эмес деп айтат.

Ахли суннанын сөзүнө Курандан далил: " Ыймандуулардан эки коом бири-бири менен согуша турган болсо, алардын ортосун түзөгүлө".

Эгерде бир мусулманды капыр деп айта турган болсок анын таасири жалпы коомго тиет. Момун-мусулмандардын ортосундагы мамилени үзүп, керек болсо бир үй-бүлөнү ажыратып салат.

Ошондуктан мусулман адамдын маданияты аалымдар айткандай "Мага ачык-айкын далил болмоюнча бир адамды капырга чыгарбайм" –деген сөз менен жашоо керек.

[26]***(Анкабут, 69)***

Алла Тааланын “Билбесеңер билгендерден сурагыла” – деген аятына таянып келген исламды туура кармоону кааласак, Алла Тааланын китебине, Пайгамбарыбыз САВдын (с. а. в.) сүннөтүнө жана аалымдарыбыздын айткан сөздөрүнө баш иели.



**Шейх Жамил Ахмад,**

Деобанд, Даарул ъУлум университетинин шарият факультетинин деканы

Алла Таалага алкыш, мактоо жана Пайгамбарыбызга САВ салам, салават айткандан кийин албетте, ислам дини адам баласын туура жолго баштай турган толук акыркы дин. Адам баласынын жашоосуна керек болгон ар бир иш аракетин үчүн ислам growth динде эң жакшы таалимдер бар. Пайгамбарыбыз САВ (с.а.в) пайгамбар болуп келгенде арабдардын дүйнө жашоосу абдан жаман болчу жана күндөн күнгө жаман болуп бараткан. Жер бетинде алардын колунан кармап, өйдө тартып, жакшылыкка, туура жолго чакыра турган эч бир күч-кубат жок эле. Ал учурда адам баласы өзүнүн жаратуучусун жада калса өзүн да, кайда бараткнын да унутуп, жакшы менен жаманды жана ак менен караны ажырата албай калган заман болчу. Пайгамбарыбызга САВ чейинки пайгамбарлардын чакырыктары жоголуп, алар алып келген нурлар өчүп калган болчу. Ыйманы бар адамдар деле аябай аз калган. Алар да эл арасында эл менен чогуу иштебестен ыйманын сактап калуу үчүн тоо-таштарга качып кетишкен.

Андан кийин Мухаммад (с.а.в) ааламга пайгамбар болуп келди. Жалпы коомдун жаратуучусун таанып, элдин оңолуусуна пикир кылды. Жалпы эл ал учурда бактысыз, бузуку, кулк мүнөздө өтө катуу, жакшылыкты билбеген, талашып-тартышты жакшы

көргөн, үй-бүлөгө жаман мамиле жасашчу. Пайгамбарыбыз (с.а.в) аларга жумшак сүйлөп, тынчтыка чакырып, өз ара достук, махабатка насаат кылды. Анткени Алла Таала Мухаммадды (с.а.в) бүткүл ааламга ыракмат кылып жиберген. Ошондой жумшактык менен элдерге даават кылды. Элдер динди кабыл кылып дин бүткүл ааламга таркады.

Жогоруда айтылган сөздөрдөн маалым болду – Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) жолу адамга жакшы тарбия берет. Жаман сапаттардан тазалап жакшы кулк-мүнөздөр менен кооздойт. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) жиберилүүсү тынчтык, амандык, ыракмат үчүн болгон. Бул тынчтык, амандык менен динди тараткан. Бул дин – ырайымдуулуктун дини. Зулумдук, кан төгүү, күч колдонуунун дини эмес. Алла Тааланын китеби болгон Курани Карим да Алланын ырайымдуу деген сыпаты менен башталат. Ошондой эле Курандагы биринчи сүрөнүн башы да ырайымдуу деген сыпат менен башталган. Мындан сырткары Куранда үч жүздөн ашык аяттар Алланын ырайымдуулугун баяндайт. Биз Алланын пенделери ырайымдуулук, жумшактык, берешендикти артыбызга таштап койбошубуз керек. Себеби биз пайгамбар Мухаммаддын (с.а.в) үммөтүбүз. Пайгамбарыбыз (с.а.в) бүткүл ааламга ыракмат болуп жиберилген.

Чындыгында Алла Таала Пайгамбарыбызды (с.а.в.) тынчтыкка, келишимге жана ошондой эле ислам динине зыян алып келүүчү талаш-тартышты таштоого буйрук берген. Алла Таала Маида сүрөсүндө айткан:

**مَنْ قَتَلَ نَفْسًا بِغَيْرِ نَفْسٍ أَوْ فَسَادٍ فِي الْأَرْضِ فَكَأَنَّمَا قَتَلَ النَّاسَ جَمِيعًا**

**«Кимде – ким бир кишини акысыз эле же болбосо жерде бузукулук кылып өлтүрсө ал бардык адамдарды өлтүргөндөй**

**күнөө табат»**[27] **.** Бул аяттан киши өлтүрүүнүн арам экендиги билинди. Дагы ушул сыяктуу динибизде жек көрүлгөн бөлүнүп – жарылуу, зордук-зомбулуктун зыяндуулугу жөнүндө жүздөн ашыуун аяттар айтылган.

Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) сүннөтү дагы тынчтыка көңүл бурат. Абу Хурайрадан (р.а.) риваят, Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айтты: «Чыныгы мусулман ал – башка мусулмандар анын тилинен жана колунан зыян тартпаган киши. Чыныгы момун – башка адамдардын малдарына жана кандарына эч кандай зыяны тийбеген киши». Башкача айтканда бир да мусулманга, каапырга да зыяны тийбейт. Пайгамбарыбздын (с.а.в) мындан сырткары дагы тынчтык жөнүндө айткан көптөгөн хадистери бар.

Албетте, ислам дини амандыктын, тынчтыктын дини. Экстремизм жана терроризмдин эч бир сөзүнө да амалына да уруксат бербейт. Тескерисинче, булардын амалдыранан кайтарат. Жогоруда айтылган баяндамалардан ислам бир туугандыктын, ырайымдуулуктун, жакшылыктын дини экендиги маалым болду. Ошондуктан ислам дини жакшылык жолуна жана макшы мамилеге гана үндөйт. Ислам дининин Роббиси ал – ааламдын Роббиси. Ислам дининдеги пайгамбар ал – ааламга ырайымдуулукту алып келген. Ислам дининин китеби – ааламдагы бардык коомду тынчтыка, жалаң гана жакшылыкка үндөп насаат кылуучу китеп.

Оо, Аллам! Өзүң ыраазы болгон жана өзүң сүйгөн жолго бизди баштагын жана дүйнө – акыретибизде жакшылыктарды насип кыл. Оомийн.

[27] ***(Маида, 32)***



## Байямеров Эржан Малгажы уулу,

Казакстан Республикасынын баш муфтийи

Урматтуу дин аалымдарыбыз, симпозиумга келген коноктор! Боордош казак элинин атынан кыргыз журтчулугуна салам жолдойм. Бүгүнкү симпозиумдун жумушу натыйжалуу болот деген ишеничтемин. Учурда коомчулук экономикалык, саясый, улут аралык, дин аралык ишеничтер алкагындагы өзгөрүүлөргө күбө болууда. Адамзатынын тарыхында болбогон диний араздашуулар, улут аралык келишпестиктер болууда. Динди саясатка аралаштырып, жаштарды терс багытка буруу аракеттери да болуп келе жатканына күбө болуп турабыз. Динди өз саясый кызыкчылыктары үчүн ийкемдүү кылып алган түрдү радикалдуу топтор ааламдын ар бир жеринен көрүнө баштады. Радикалдуу топтор салттуу диний түшүнүктөрдү жокко чыгаруу менен катар ачык түрдө туура эмес аракеттерди кылып жатышат. Жер бетинде Ислам халифатын орнотобуз деген ураанды таратуучулар, Ирак жана Шам элдеринде куру кыялдын жетегинде жүрүп, диний кагылышуулар менен бүлүк салууда. Динди билим аркылуу эмес, жалган сезим менен түшүнгөн жаштар алардын катарын толуктоодо. Ислам атын жамынган бөлүүнүчүлөрдүн бул аракети салттуу динибизге каршы аракет. Казакстан мусулмандарынын дин башкармасынын негизги жумуш багыттарынын бири коомго керек болгон фатва чыгаруу. Элдин, коомдун биримдигин коргоо багытында диний башкармалык такфирчилер тууралуу фатва чыгарды. Алар адамдарды ишеним маселесинде капыр деп жатышат. Таза Ислам деген сөздөрдү кайталаган жамаат өкүлдөрү жаштарга жаркын келечек көрсөтүмүш болуп, бөлүнүүгө чакырууда. Казакстан мусулмандар диний башкармасы 2013-жылы 7- такфирчилерге каршы чыгарган фатвасында “такфир”- динге кирген жаңылык экени тууралу өкүм берилди. Бул фатва боюнча

сайтка жарыяланды. Элибиздин укук коргоо мекемелери да такфирчилер тууралуу билдирүү жасап, бул- топту экстремисттик уюм деп жарыялады. Ишенимден, чектен чыккан такфирчилердин аракети мусулманчылыкка бүлүк салууда. Диний башкарма согушка эмне үчүн барганын билбеген, максаты айкын эмес жаштарды ушундай фитналарга катышпоого чакырат. Бүгүн да кээ бир мусулман калкы бейпилчилик орнотууга муктаж дин адамдары ушул маселелер боюнча алардагы зордук зомбулук маселелерди тынчтык жолу менен чечүүгө жетишти. Урматтуу коноктор! Аллага шүгүр, азыркы убакта салттуу динибиз элибиздин руханий тирегине айланды. Асыл динибиз көп улуттуу элибизди биримдике чакырып келүүдө. Коомдогу туруктуулук менен тынчтык диний таттуулук менен ынтымактын негизи. Биз, казак калкы табият мыйзамдарын карманып келе жаткан элбиз. Салттуу ислам -деп мусулман үммөтүнүн башын бириктирип, анын ичинде тутунуп келген соңку ардактуу Мухаммед пайгамбарыбыздын САВ (ﷺ доорунан бүгүнкү күнгө чейин үзүлбөй жалгашып жаткан диний жолду айтабыз. Миң жылдан ашык тарыхы бар демократиянын негизи саналган диний-укуктук мектеби Имам Аъзам абу Ханифанын мектеби, мазхабы журтубуздун жүрөр жолу болгон. Казакстан диний башкармасы исламды насыйкаттайт жана биримдигибизди чыңдоо максатында Абу Ханифа мазхабына чакырат. Дин тутуу эркиндиги боюнча мыйзамыбызда мазхабыбызга өтө чоң орун берилди. Диний башкарма 2014-жылды дин менен каада-салт жылы деп жарыялады. Бул экөө эриш-аркак жана өтө жакын. Алла Таала өз пенделерин улуттарга, урууларга бөлүп жараткан, эгер кааласа баарын бир улут кылып жаратып коймок. Маданияты жок улут болбойт. Араб, фарс, түрк, өзбек, кыргыз, казак болсун баарынын бирин биринен өзгөчөлөп турган каада-салттары бар. Ал ар бир улуттун ичкен ашынан, кийген кийминен, конок күтүүсүнөн көрүнүп турат. Ал биздин дин тутууларыбыз, каада-салттарыбыз бири-бири менен жуурулушуп кеткен. Мусулман мүнөздөр каныбызга кирип, боюбузга сиңип

калган. Мисалы, казак элинде улуусу турганда кичүүсү сүйлөбөйт. Эл ичинде эң кадырлуу ата-эне. Казак таттуусун өзү жебей, коногуна сактап отурат. Мындай нерсе кыргыз туугандарыбызда да бар. Ушул сыяктуу каада-салттарыбыз өтө көп жана окшош. Бул туурасында атайын журнал басып чыгардык. Мындай талыкпаган ишти калкыбыз өзүнүн дини жана салт-санаасынан ажырап калбасын деп жасап жатабыз. Биз ахли сунна жолун тутуучу үммөтпүз. Ажылык, курбандык жамаат менен окула турган намаздар дагы башка амалдар мусулмандарды биримдикке тарбиялайт. Абу Зар (р.а.) риваят кылат: Пайгамбарыбыз (с.а.в.) мындай дейт: "Кимде-ким көпчүлүктөн бир сөөмдөй ажыраса, мойнундагы ислам жибин чечип салганы"- деп көпчүлүк менен болууга чакырган. Элибиз асыл динден кубат алган. Көптү көргөн улут урпакты биримдикке тарбиялаган. Мусулманчылык оор келсе таштап сала турган нерсе эмес. Мусулман деген атына заты жарашкан хазрети Умар (р.а.) хутба окуп жатып Алланын Элчисинин сөзүн мындай – деп жеткизген: " Жамаат менен болгула. Бөлүнүүдөн сактангыла. Албетте шайтан жалгыз жүргөн менен бирге", "Кимде-ким Жаннаттын төрүн кааласа жамааттан айрылбасын"-деген.

Урматтуу дин өкүлдөрү! Казакстан мусулмандарынын дин башкармасы өзүнүн сайтында элибизге чыгарылган фатвалардын базасы курду. Бул калкыбыздын диний сабатсыздыгын жоюда өтө чоң салым кошууда. Келечекте орток фатваларды түзүү базасын колго алууну жөндүү деп эсептеймин. Алла Таала мусулман элдерин түрдүү фитналардан бөлүнүүдөн сактасын. Элибиздин эгемендүүлүгү бекем, муратыбызга жетели.

**Доктор Адил Мухаммад Салех**, Бүткүл дүйнөлүк Куран жаттатуу уюмунун генералдык директорунун кеңешчиси, "Малик Абдулазиз" университетинин улуу окутуучусу:

Бул берекелүү жергени (Кыргызстанды) сыйтутуу менен эскертким келет. Ислам эмгеги кылдаттыкты жана сергектикти талап кылат. Аны менен бирге бардык эле ызы-чууну жана тынчсыздыкты пайда кылган иштерден алыс болууну шарттайт. Жумшактык менен сыпаалык бардык эле иште зарыл деп таанылгандай, исламга чакырууда да ошол нерсе зарыл. Ансыз дин эмгегинде көптөгөн кыйынчылыктарды башынан кечирип жаткандар бар.

Андыктан ар бир эле динге чакыруучу адам үчүн мусулмандардын башын бириктирүүчү ишке өтүшү керек, ортого ажырым салган бардык нерседен алыс болуп, адамдарга динди жеңил кылып сунуштоо, башкалар менен болгон мамиледе жакшы күмөндө болуу, мусулман үчүн билүүсү зарыл болгон негизги дин маселелерин элге жеткизүү деген принциптерди тутунушубуз керек. Элдин ортосун бөлбөстөн башын бириктирип, араздаштырбай жакындатып, адамдардын (түшүнүк жагынан) кабылдоо мүмкүнчүлүгүнө жараша дин үйрөтүүнү колго алуу. Аларды дин менен жашоого тепкичтүүлүк менен алып баруу. Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбарыбыз(с.а.в.) алейхи саламдан мындай дегенин айтат: (Албетте дин жеңил, аны ким оорлоткон болсо өзү жеңилет. Андыктан кол кармашкыла, жакындашкыла .... “ Имам Бухарий риваяты.

Оройлук жагымсыз иш, ал эми сыпаалык болсо чакырык чөйрөсүндөгүлөр үчүн жада калса эң катуу душманга да колдонуучу курал, ошондуктан Харун менен Муса пайгамбар да чектен чыккан Фараон үчүн жумшактык менен кайрылуууга Алладан буйрук алган. Алла айтат**:**

**اذْهَبَا إِلَى فِرْعَوْنَ إِنَّهُ طَغَى فَقُولَا لَهُ قَوْلًا لَيِّنًا لَعَلَّهُ يَتَذَكَّرُ أَوْ يَخْشَى**

**“Фараон деген чектен чыкты, ага баргыла да жумшак сөз айткыла, балким эсине келип же коркуп калаар”.**[28]

**Доктор Абдулла аль-Худейр,** Дин иштери жана Вакф боюнча министрдин орун басары Сауд Араб Падышачылыгы.

Жараткандын атын оозанып, өз пенделерине динди толуктап, мыйзамдык нематын ыроолоп, аларга Исламды дин катары сунуп, ал динге өзү ыраазы болгон Аллага мактоолор болсун. Күбөлүк берем шериксиз жана жалгыз. Өзүнөн башка Кудай жок, күбөлүк берем Анын элчиси жана кулу Мухаммад алейхи салам.

Андан соң: Албетте динибиздин чоң өзгөчөлүктөрүнүн бири, анын айкын ачыктыгы. Андыктан ал акыйкат динден ырк бузган күмөндүү нерсени же мусулмандардын ортосуна доо кетирген аракетти табуу кыйын. Эгер ал нерсе пайда болсо дин тарыхы ичинде дайыма Аалымдар андай иштерге бөгөт койуп тосуп келишкен. Мына ошол Аалымдарга таандык сапаттардын бири, адашып айткандарга түз жооп берүү жана тараткан күмөнүнө илим негизинде бөгөт койуу. Күмөндүү иштин көлөмү чоңойгон сайын анын кесепети да артып барат. Ал учурда аны токтотуунун зарылчылыгы да аалымдар үчүн милдеттүүрөөк болот. А эгер ошол таратылган күмөндүн кесепетинен бөлүнүп жарылуу же адам канын акысыз төгүүгө алып барса же шарият сакташ үчүн келген беш нерсеге доо кетирсе же коомдун тынчтыгын бузуп тополоң чыгарса, андай учурда аны токтотпостон, кол куушуруп олтуруусу Аалымдар үчүн жарабас иш болот. Мына ошондуктан, күмөн жараткан ой пикирлердин таркалуусу мусулмандарды олжого жыккан, өзгөчө жаштарды курмандыка тарткан куралдардан болуп калды. Ошол себептен чектен чыккан аша чабарлардын күмөндүү ойлорун токтотуп ага туура жооп берүү улуу милдеттерден.

---

[28] ***(Тоха 43-44)***

## Хадыс Батырбек,



Монголия мамлекетинин Азирети муфтийи:

Араб тилинде «Ислам» сөзү моюн сунуу, баш ийүү маанисин билдирет. Шарияттa бул сөз бир гана Алла Таалага  ибадат кылууболуп саналат.

Алгачкы адам баласы болгон Азирети Адам (а.с.) – алгачкы пайгамбар.  Азирети Адамдан (а.с) Исага (а.с.) чейин келген бардык пайгамбарлар адамдарга Алланын жалгыз экендигин баяндаған жана Алла Таалага кандай ибадат кылуу керектигин үйрөткөн. Бирок,  бул пайгамбарлар жеткизген ыйман негиздери жана дин тутумдары убакыттын өтүшү менен  бурмаланып, түп нускаларын жоготкон.

Мындай көрүнүштөрдөн улам Алла Таала акыркы пайгамбар Мухаммад (с.а.в.)  аркылуу бүткүл адамзатка Ислам динин жиберген. Азыркы күндө дүнүйө жүзүндө чыныгы акыйкат дин– Ислам дини. Калган бардык батыл (жалган) жана мухарраф диндердин Алла Тааланын алдында эч кандай келечеги жок. Жаратуучубуз бир гана Ислам динин адамзатка тычтыктын дини катары жиберген.

Бул туурасында Алла Таала мындай деген:

إِنَّ الدِّينَ عِنْدَ اللَّهِ الْإِسْلَامُ

**«Албетте, Алланын алдында кабыл боло турган дин – Ислам дини гана».**[29]

---

[29]***(Али Имрон сүрөсү 19)***

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммад (с.а.в.) бир сөзүндө мындай дейт: «Бейкүнөө бир адамды өлтүрүү – бардык адамзатты өлтүрүү менен барабар». Ааламда болуп жаткан террорчулук аракеттер менен Ислам дининин эч кандай байланышы жок. Ислам дини – жер бетинде бейкутчулукту, тынычтыкты орнотуу үчүн жиберилген акыркы дин. Белине жардыргыч заттарды байлап, өзгөлөрдүн жанын кыйып, өз өмүрүнө кол салган жанкечтилер өздөрүн «шейитпиз» -деп эсептешет. Шейиттик мартаба бейкүнөө жарандарды өлтүрүү менен келген оңой нерсе эмес. Бул иш аракеттер Ислам үчүн жасалган күрөш эмес, Исламга каршы багытталган күрөш.

Кийинки убактарда ислам дини терроризм менен бирге айтылууда. Бул тырмак алдынан кир издегендей Ислам душмандары үчүн олжо болуп калды. Ошондуктан динибиз кандай жагдайларга дуушар болсо да Исламдын атына кир жугузган ар кандай терс көрүнүштөрдөн мусулман калкы оолак болуулары зарыл. Себеби, белгилүү бир жагдайлар, саясый оюндар күнүгө өзгөрүүдө.

-Ислам – эң туура дин. Адамдын абройу менен касиетине зыян келтиргенден Ислам дини алыс;

-Ислам – акыркы дин. Ислам growth дининен башка дин келбейт. Өкүмдөрү кыямат күнүнө чейин жасалат. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз Мухаммад(с.а.в.) акыркы пайгамбар. Мындан башка пайгамбар келбейт.

-Ислам – ибадаттын дини. Ислам тынчыктын дини.



**Шейх Абдул Илах,**

Иордания Хашимит падышачылыгынын дин иштери жана вакф министринин орун басары

Бисмиллаахир Рохмаанир Рохиим

Сөзүмдү Мээримдүү, Ырайымдуу Алланын аты менен баштайм.

Аллага мактоолор болсун, Пайгамбарыбызга (с. а. в.) салам жана салаваттар болсун.

Сөзүмдүн башында өзүмдүн атымдан жана Иордания мамлекетинин атынан, падыша Хусейн уулу Абдулла II дос болгон Кыргыз мамлекетине салам жолдойм.

Мага бул жерде экстремизм, такфиризм, капырга чыгаруу, мусулман коомунда мусулмандарды капыр деп доомат кылгандар жөнүндө сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берилди. Бул мусулмандардын биримдигин бузган өкүнүчтүү нерсе жана өнүгүүнү, биримдикти талкалоочу жол. Менин урматтуу бир туугандарым! Бул теманын айланасында болуп жаткан бул илимий симпозиумга катышып жатканыма бактылуумун. Алла Тааладан биздин бардык иштерибиздин калыс Алла үчүн болуусун суранам жана Алла өзү ыраазы болгон иштерибизге ийгилик берсин.

Мен исламдагы жихад жөнүндө эмгек жазгам жана анын элге жетүүсүнөн үмүт кылам, анткени ал теманын экстремизм менен байланышы бар.

Бул симпозиумду даярдаган Максатбек ажыга жана диний мекеменин кызматкерлерине ыраазычылыгымды билдирем.

Динибиз мээримдүү, орто дин. Бул үммөт башка үммөттөрдөн ортолугу менен өзгөчөлөндү силерди болсо, бөлөк элдерден орто кылып жаратты. Бул ортолук менен силер шарапаттуусуңар, эң жогорку даражага жеткенсиңер. Курандагы

орто деген сөз эң улуу деген сөз жана тең салмактуу жана ийкемдүү деген маанини билдирет. Бул аябай тереңдеп кетүү менен абдан алыстап кетүүнүн ортосу – “васатыя”. Ал эми эки тарабы болсо шариятта жактырылбаган көрүнүш. Абдан алыстап кетүү бул динден четтөө, ал эми терең берилип кетүү болсо, башкаларды капырлыкка чыгаруу. Бул динди жаман көрсөтүү менен, дин душмандарына мусулмандарга ар түрдүү жалааларды жабууга чоң мүмкүнчүлүк берип, туура эмес, курулай дооматтарды жабуунун натыйжасында, исламга экстремист жана террорист, мусулмандарда кечиримдүүлүк жок – деген жалаалар жабылууда.

Динди жакшы түшүнбөстүк же терең кирип кетип, диндегилерди капыр деп айтуу бул экстремизм, дин душмандарына жардам берүү болуп саналат.

Орто чектен чыгып кетүү бул же динден четтөө, же тереңдеп кетүү. Бул экөө тең шариятка каршы нерсе.

Динде терең кирип кетүүнү Имам Набавий (рахматуллоохи алайхи), шарият талап кылган нерседен ашыкча кылып, тереңдеп кетүү - “гулув” – аябай апыртуу, абдан катуу кетүү деген. Башкача айтканда Алла буюрган чектен чыгып кетүү.

Сөзүмдүн аягында баарыңыздарга Алланын амандыгын, тынчтыгын тилеп кетем.

Ассалааму алайкум ва рахматуллоохи ва баракаатух.

**Юнусов Бахтиёр Алиевич**, Тажик Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы дин иштери, улуттук салтанат, каада-салтты жөнгө салуу боюнча комитетинин юридикалык секторунун башчысы

## Исламдык диний экстремизмге каршы туруу

(Тажик Республикасынын мисалында. Кыскартылган варианты)

XXI кылымдын босогосунда экстремизм жана терроризм адамзатка негизги коркунучтардын бирин түзүүдө. Дүйнөдө өзүн экстремизмдин жана терроризмдин коркунучунан толук корголгонбуз деп эсептеген бир дагы мамлекет же улут жок. Өзгөчө экстремисттик топтор өздөрүнүн саясий жана башка жеке пайдасын көздөгөн максаттарына жетүү үчүн динди жамынышат. Диний экстремизм бөлөк экстремизмдерге салыштырмалуу кеңири таралып жатат, натыйжада коомдун бөлүнүүсүнө, аягы аябай кайгылуу бүтүп жаткан диний душманчылыктын козголуусуна алып келип жатат.

Диний экстремизм ишмердигин диний чөйрөдө эле жүргүзбөстөн, көпчүлүк учурда светтик мамлекетке, учурдагы мамлекеттик жана коомдук түзүлүшкө, өлкөнүн учурдагы мыйзамына каршы абдан оор формада, диндик башкарууну орнотууга багытталат.

XIV кылымдан бери Борбордук Азия элдеринин маданияты, жашоосу, үрп-адат, салты ислам менен тыгыз байланышкандыктан, исламдык диний экстремизмди жана ага каршы туруунун ыкмаларын изилдөө, биздин аймактын мусулмандарынын эң маанилүү милдеттеринин бири болуп эсептелет. СССР кулап, Борбордук Азия мамлекеттери эгемендүүлүгүн алган соң, улуттук маданий баалуулуктарды кайра жаратуу процесси менен катар эле, исламга коомдогу идеологиялык боштукту толтуруу мүмкүнчүлүгү

ачылды. Бирок бул мүмкүнчүлүк салттуу исламга эле жол ачпастан, исламдагы, биздин коомдун маданий-тарыхый дүйнө таанымына мүнөздүү болбогон ар кандай агымдарга да кеңири жол ачып берди.

Демократиялык коомдогу исламдык диний экстремизмге каршы туруу чаралары мамлекеттин жалгыз өзүнүн эле милдети болбостон, жалпы коомчулуктун иши болуп эсептелет. Коомдо, диний экстремизмди мамлекеттик органдардын жана жарандык коомдун институттарынын биргелешкен күчү менен гана нейтралдаштырууга болот. Исламдык диний экстремизмге каршы турууда мамлекеттик органдардын, жарандык коомдун институттарынын ишмердүүлүгү адамдын жана жарандын укугун жана эркиндигин, конституциялык түзүлүштүн негиздерин, мамлекеттин биримдигин камсыздоого, экстремизмди таап ашкерелөөгө, анын кесепеттерин жоюуга жана ошондой эле анын пайда болуу себептерин жана шарттарын аныктоо үчүн профилактикалык иштерди жүргүзүүгө багытталууга тийиш.

## Исламдык диний экстремизмге каршы туруунун саясий-укуктук системасын жөнгө салуу

Тажикстандын эгемендүүлүк жылдарында, республикада исламдык диний экстремизмге каршы турууну кошо камтыган, экстремизмге каршы туруунун жеткилең укуктук базасы иштелип чыккан.

Республикадагы экстремизмге каршы туруунун укуктук базасы республикада таанылган, Тажикстан республикасынын конституциясынын эл аралык-укуктук нормаларына негизделет.Тажикстан республикасынын конституциясынын 8-беренесинде, расалык, улуттук, социалдык жана диний душманчылыкты, же болбосо конституциялык түзүлүштү кулатууну пропагандалай турган коомдук бирикмелердин жана саясий партиялардын ишмердүүлүгүнө жана куралдуу топторду

уюштурууга тыюу салынат. Конституциянын нормаларынын негизинде ылайыктууу мыйзамдык актылар кабыл алынган.

Саясий партияларды, коомдук жана диний бирикмелерди, бөлөк уюмдарды, ошондой эле кызмат адамдарын жана жарандарды экстремисттик ишмердүүлүктөрү үчүн жоопко тартуу, саясий партиялардын, коомдук жана диний бирикмелердин ишмердүүлүктөрүн жөнгө салуучу мыйзамдарда жана ошондой эле Тажик республикасынын Кылмыш кодексинде жана башка мыйзамдык актыларда белгиленген.

## Исламдык диний экстремизмге каршы туруудагы коомдук институттардын ролу

Исламдык диний экстремизмге каршы туруунун эл аралык жана улуттук тажрыйбасы жалаң эле жөнгө салына турган жана тыюу салына турган чаралар эле каралбастан, алдын ала көрүлүүчү мүнөздөгү чараларда карала турган экстремизмге каршы туруунун комплекстүү чараларынын керектигин көрсөттү. Бул үчүн коомдогу экстремизмдин өнүгүүсүнө өбөлгө түзө турган шарттарды жок кылуучу, укуктук аспектти эле камтуучу эмес, бирок анын саясий-укуктук, социалдык-экономикалык, идеологиялык, пропагандалык, маалыматтык жана башка аспекттерин да камтый турган жалпы мамлекеттик комплекстүү программаны иштеп чыгуу зарыл шарт болуп эсептелет. Мындай экстремизм сыяктуу коркунучтуу саясий-экономикалык кубулуштун алдын алуу ишинде, коомдук институттар жана диний бирикмелер өзгөчө ролду ээлеш керек.

Азыркы коомдун бөлүгүн түзгөн диний бирикмелер, диний экстремизмге каршы туруунун иш-чараларын жүргүзүүдө, жалаң эле мамлекетке шылтап, четте калбаш керек. Экстремизмдин таралышына ириде алар өздөрү каршы туруп, коомчулуктун диний чөйрөсүн коргош керек. Диний бирикмелердин руханий негизин түзгөн, Куран жана Сүннөттөн илими бар диний ишмерлер болсо,

экстремисттердин идеологдоруна каршы туруудa, коомдун зор пропагандалык потенциалын түзгөн коомдун категорияларынан болуп эсептелишет.

Диний экстремизмге каршы туруунун жүрүшүндө, жүктү жарандык коомдун бир катмарына эле жүктөп коюу максатка ылайык келбейт, бирок руханий жол башчылардын жана диний бирикмелердин өздөрүн активдештирүү бул күрөштүн жүрүшүндө талашсыз нерсе. Анткени диний экстремизмдин өзү диний баалуулуктарды туура эмес пропагандалоонун жана негиздөөнүн жыйынтыгы болуп эсептелет. Мындай диний кошулмасы бар, келишкис көз караштар менен идеяларга каршы турууда, туура диний илими бар адамдар талап кылынат.

Борбордук Азия мамлекеттеринде мечит, жалпы диний салт-санаалар аткарыла турган коомдук исламдык сыйынуу үйүнө барабар эле, намаз окула турган жана башка диний муктаждыктардын аткарылышын камсыздай турган негизги жай болуп эсептелет.

Мечиттердин имамдары жана имам-хатибдери бардык күч-аракеттерин ар кандай радикалдык идеялардын мечитке кирип кетпөөсүнө жумшоого тийиш, болбосо диний экстремизмдин таралуусу демейдегиден тезирээк жүрөт. Жума намаздарынын алдындагы хутбаларда жана намаз окуучуларды көтөрүмдүүлүккө, өз ара түшүнүшүүгө, адеп-ахлакка, сүйүүгө, сабырдуулукка жана бири-бирин урматтоого чакырууда Куран аяттарын жана Мухаммад (с.а.в.) пайгамбарыбыздын хадистерин туура түшүндүрүү, исламдык диний экстремизмге каршы турууда бир топ жакшы натыйжа берет. Мечитте ыйманга чакыруу хутбаларынын жүрүшүндө, жаштарды руханий өсүүгө, патриоттуулукка, илим алууга, өз улутун үйрөнүп билүүгө, коомдун жыргалчылыгы үчүн эмгектенүүгө чакыруу сөздөрү дагы айтылып турууга тийиш.

Мамлекеттин укуктук системасынын чегинде жарандарга өздөрүнүн диний муктаждыктарын канааттандырууга мүмкүнчүлүк берген исламдын либералдык, лоялдык жана көтөрүмдүүлүк мектептерин пропагандалоо жана колдоо, диний экстремизмге каршы туруудагы эң туура ыкмалардан болуп эсептелет. Абумансури Матуридинин акыйдасына таянган ханафий мазхабынын диний тажрыйбасы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга сый-урмат менен мамиле жасаган. Мындай түшүнүктүн негизинде исламга эзелтеден мүнөздүү көтөрүмдүүлүк жана ачыктык жатат. Жөнөкөй мусулманга исламдын чыныгы тынчтыкты сүйгөн, жакшылыкка чакыруу түшүнүгүн жеткирүү керек. “Инналлооха юхиб-бул мухсиниин” (Алла жакшылык кылуучуларды жакшы көрөт).

Диний экстремизмдин пайда болуучу, өбөлгө түзүүчү себептерин жок кылууда диний бирикмелер менен бирге эле жарандык коомдун бөлөк институттарынын да ролу чоң.

Мындан тышкары экстремисттик жана террористтик актылардын глобалдык кесепеттери, массалык маалымат каражаттарынын шыкагы менен бардык жерде исламофобия – исламды жек көрүү өсүп жатат. Террористтердин жоопкерчилигин исламга же мусулмандарга жүктөө, бул күнөөсүздү дүйнөлүк деңгээлде күнөөлүү деп табуу менен барабар.

## Жаштарды адеп-ахлактык жана патриоттуулук духта тарбиялоо

Экстремисттик идеялардын алдын алууда мамлекеттик түзүлүштүн жана бардык эле, диний бирикмелерди кошкондо, жарандык коомдун институттарынын негизги милдеттеринин бири болуп, жаштарды адеп-ахлактуулук, чыдамдуулук, өз ара түшүнүшүүнүн жана патриоттуулуктун духунда тарбиялоо болуп эсептелет.

Социалдык-экономикалык жана миграциялык көйкөйгөйлөрдүн курчуп жаткан учурунда, бир топ чет өлкөлүк исламдык экстремисттик уюмдардын жана кээ бир мамлекеттердин өзүнчө кызматтарынын жергиликтүү калкка жат исламдын радикалдык формадагы идеологияларын таратууну активдештирүүлөрү, жаштардын арасында радикалдык маанайлардын күчөөсүнө өбөлгө түзөт. Коркунуч дал ушул жерде катылып жатат, анткени экстремисттер өздөрүнүн социалдык базаларын жаштардын эсебинен кеңейтүүгө аракет жасашат. Бүгүнкү күндө Тажикстанда эле эмес, Борбордук Азиянын бөлөк мамлекеттеринде да көптөгөн жарандар, негизинен жаштар, мыйзамсыз жолдор менен араб өлкөлөрүнүн шектүү окуу борборлорунан илим алып жатышат. Көпчүлүк учурда бул борборлор ислам мамлекеттеринин өздөрү тарабынан да көзөмөлдөнбөйт. Алардын көпчүлүгүнүн идеологиясы жана диний көз караштары салттуу исламдын өкүлдөрүнүн жана коомдун диний эмес турмушунун кызыкчылыктарына карама-каршы келет.

Укук коргоо чаралары жана профилактык иш-чаралар аркылуу жарандардын диний илим алуу үчүн чет мамлекеттерге баруу процесстерин жөнгө салуу зарыл. Бул чаралар исламдык диний экстремизмдин таралуусунун сырткы факторун жоюуга жардам берет жана жаңы радикалдык-экстремисттик идеялардын

Борбордук Азия өлкөлөрүнүн мейкиндигине таралуусуна бөгөт коёт. Белгилеп кете турган нерсе, исламдык диний экстремизмге каршы туруунун бул чарасы, өлкөнүн ичинде диний билим берүүнүн системасы өнүкмөйүнчө жана жаштар арасында диний сабатсыздыкка каршы күрөш жүрмөйүнчө натыйжалуу болбойт. Мына ушул максаттан алып караганда, азыркы учурда, диний экстремизмден арылуу үчүн, күчтөрдү бириктирүү керек, ал эми бул болсо, жаштар менен руханий-адеп-ахлактык жана психологиялык иштерди жүргүзүү жана жаштардын өзүн-өзү ийгиликтүү көрсөтүүлөрү үчүн жетиштүү социалдык-экономикалык шарттарды түзүп берүү дегендик.

**Корутунду ордуна.** Бүгүнкү күнү биздин ар бирибизге, дүйнөдө саясий жана диний абалдын күн санап өзгөрүлүп турганы белгилүү. Дүйнөнүн ар кайсы аймактарында идеологиялык жана диний түшүнүктөрдүн кагылышуусунан келип чыгып жаткан согуштук жана саясий жаңжалдар, эл аралык экстремизмдин жана терроризмдин чектен тыш таралуусу, социалдык-экономикалык көйгөйлөрдүн курчуусу, өзүбүздүн аймактын тынчтыгын камсыздоо тууралуу тереңирээк ойлонууга мажбурлап жатат. Ошондуктан бул коркунучка, ириде өзүбүз каршы туруубуз керек жана ак-ниетибиз менен куруучулук көз караш жана салттуу көтөрүмдүү ислам катары, ханафий мазхабынын негизи, биздин бүгүнкү коомубуздун негизи болуп калуусуна аракет кылуубуз керек.

1 Авторлор коллективи. “Абийир эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндө”. Тажикстан Республикасынын мыйзамына комментарийлер. А.Халикзоданын редакциялыгында. Душанбе. Дакики -2015 ж.79 б.

**Шайх Жаасим Сууд,** Кувейт мамлекетинин келген конок

Бисмиллаахир рохмаанир рохиим

Мактоолор Аллага болсун, салаваттар пайгамбарыбыз Мухаммад салоллооху алейхи ва салламга болсун. Кимге Алла хидаят берсе аны эч ким адаштыра албайт, ал эми кимди адаштырса аны эч ким түздөй албайт. Күбөлүк берем Алла Таала жалгыз жана Мухаммад алайхиссалам анын элчиси жана кулу. Кыргызстан мусулмандарынын Азирети Муфтийи Максатбек ажы Токтомушевге саламдар айтканым мен үчүн жыпар жыттай. Бул эл аралык симпозиумду уюштургандарга чоң ыраазычылыгымды билдирем. Ассалаам кайрымдуулук фонду аркылуу бизди чакырганыңыздар үчүн Ассалаамдын атынан ыраазычылыгымды билдирем. Кувейт мамлекети экстремизмге, терроризмге эң биринчи каршы чыккандардын бирөөсү. Куранга жана сүннөткө каршы чыккан жолдордон жаштарды биринчилерден болуп туура багыт көрсөткөн Кувейт болот. Урматтуу катышуучулар Алла Таала асман-жер инсаниятты жаратуусунда кемчиликсиз жараткан. Кооз сүрөттө жараткан. Акылы бар, денеси бар, руху бар, сезими бар, каалоо-кумарлары бар. Эки тарапты тең салмакта кармоо керек. Ошондуктан таваазу кичи пейилдик ал орточолук. Сыроотул мустакыым да орто жол дегени. Биз качан динден четтеп кетүү менен терең кирип кетүүнү билсек гана орто жолдо болобуз. Алла Таала: “Эй китеп ээлери диниңерге абдан терең кирип кетпегиле. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айткан: “Силер диниңерде абдан терең кирип кетпегиле, себеби силерден мурунку коомдор абдан терең кирип кетип ойрон болушкан”. Терең кирип кетүү бир нерседе апыртуу же чектен чыгып кетүү деген сөз. Акыйкат - динде абдан терең кирип кетүү эмес, динди терең түшүнүп ортодо болуу. Бирөөнүн терең кирип кеткенин Куран сүннөт менен билебиз. Бирөөнү терең кирип кетиптир деген сөздү айтуу илимдүүлөрдү гана колунда. Муну аныктап тактоо үчүн негизги коюлган усулдар

бар. Терең кирип кетүүнүн натыйжасы адамдарды жек көрүү. Алланын сүйүктүү Пайгамбары (с.а.в.) айткан: "Имам болсоңор жеңил окугула , себеби адамдар арасында карылар, ооруулулар бар. Адамдарга оор кылып, мечиттен качырып албагыла", – деген. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) айткан: "Бул дин жеңил, аны оор кылбагыла бир күнү тажап каласыңар. Биздин динибизде катуу берилип үйлөнбөй же дененин талабын кандырбай таштап коюу жок. Алың акысы бар өзүңдүн акың бар денеңдин акысы бар. Өмүрүңдү пайдасыз нерсеге кетирбе. Бүгүн көрүп жатабыз мындай туура эмес түшүнүктөр менен мусулмандардын арасын бөлүп жатат. Жашоодо бул нерсеге күбөбүз көп жерде. Терең кирип кетүүдө дагы көрүнүштөр бар. Алар пайдасыз керек болбогон нерселерди сурай берүү. Кээ бир нафил болгон нерселерге терең кирип кетип абзел нерсени таштап салуу. Негизги усулдарды кармабастан майда маселеге терең берилип кетүү. Өзүнүн пикиринде бекем болуп алып башкалардыкын кабыл албагандык. Алла милдеттүү кылбаган нерселерди адамдарга сен милдеттүүсүң деп жүктөө. Ал оройлук, кополдук, жаман мамилелер. Терең кирип кетүүгө себептер бар. Ошондой туура эмес пикирдегилер менен бирге болуп калуу. Башкаларды күч менен жолуна киргизүү. Кээде адам акылдуу бош ошону туура багытка колдонбогондук. Адамдын зарыл болгон нерсесин көрө билбестиги. Устазсыз багыт кармагандык. Чыныгы туура жол көрсөткөн аалымдардан албай, таанproblem кишилерден илим алуу. Өзүнчө фатва бере баштоо. Сүннөт жолун билбей четтөө. Динде абдан терең кирип кетүүдөн Пайгамбарыбыз(с.а.в.) тыйчу. Ошондуктан Пайгамбарыбыз (с.а.в.) буларды ушул пикирден тыйып салып, ортодо болгула деген. Тафриит дегени такыр эле намаз окубай кош көңүл болуп калуу. Амур Мааруф кылбоо. Балдардын тарбиясына көңүл бурбай коюу. Алла койгон себептерди аткарбай эле, мен тобокел кылдым деп олтура берүү. Бул да чоң жалкоолук. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) дайыма дубада мени жалкоолуктан, алсыздыктан, сакта – деп айтчу. Ал эми илимсиздик бул эң жаман оору. Андан эң негизги

сыроотыл мустакыым Туура жол. Биз ортону түшүнмөйүн туура жолду түшүнө албайбыз. Ачык-айкын туура жол бул Алланын сыроотул мустакыым жолу. Бул жол Алланын каарына калгандар менен адашкандардын жолу эмес, чыныгы туура жол. Бакара сүрөөсүндө Алла мындай дейт: “Алла кимди кааласа хидаят берип туура. Кээ бирде важибдерди таштап коюп кээ бир чочун болгон нерселерди сүннөт деп пайда кылуу. Биздин бул аша чапкан чөйрөдөн чыгуу үчүн, эң муктаж болгон нерсебиз- таалим жана тарбия. Жеке адамды жана үй-бүлөнү жана коомчулукту туура жолго багыттоо. Тарбия боюнча бардык мекемелер кызматташуусу зарыл. Алланын Элчисинин (с.а.в.) чакырыгына баш ийишип, анын сахабалары бардык тармактарда өз салымдарын кошушкан. Сөзүмдүн аягында Алла Тааламдан жалбарып суранарым: Алла өзү мусулмандарды мындай жаман экстремизм сыяктуу көрүнүштөрдөн сактасын. Мусулман жаштарын туура эмес жолдордон өзү сактасын. Дагы бир жолу бизди сыйлап чакырганыңыздар үчүн чоң ыраазычылыгымды билдирем, чоң ыракмат көңүл бурганыңыздарга. Ассалааму алейкум ва рохматуллоохи ва барокаатуху.

**Жалалидин Нурдин,**

Өзбекстан мусулмандарынын азирети Муфтийинин өкүлү

Бисмиллаахир рохмаанир рохиим

Альхамду лиллаахи Роббиль ъааламиин. Вас солаату вассалааму ъалаа Росуулиллаах.

Мээримдүү, Ырайымдуу Алланын ысмы менен баштайм. Мактоолор ааламдардын Роббиси Аллага болсун. Анын саламы жана салаваттары Алланын Элчисине болсун.

Урматтуу симпозиумдун катышуучулары, исламды жамынып алган бузукулар, өздөрүн салафтарбыз, – деп атай турган мазхабсыздык халифаттык, такфирлик, жихаддык, шахиддик жана ушул сыяктуу түрдүү агымдар чала сабат фатваларына таянып алып динибизди талкалап жатышат. Мунун натыйжасында адамдар динибизди уруш, жаңжал, чыр-чатак деп түшүнүшүп, башка диндер менен уруш чыгарууга себеп болушууда.

Мен жогоруда атап кеткен 5-6 нерсенин ичинен шейиттик туурасында токтолуп өтмөкчүмүн. Шейитпиз деп өздөрүн өлтүрүп, жок кылышууда. Негизинде бул туура эмес түшүнүк, өздөрүнүн жанына зыян жеткирүү. Бул нерсе Куран жана Сүннөткө каршы келип, жанын кыйгандык болуп эсептелет. Дүйнөнүн кээ бир мамлекеттеринде мусулмандын өзүн-өзү өлтүрүүсүнө шейиттик деп баа берүү эң бир адашкандык делет.

Жогоруда аталып кеткен күчтөр тарабынан жасалган иштер, келтирилген далилдердин бардыгы ислам аалымдары тарабынан айыпталган жана негизсиз деп табылган. Мисалы, алар Ханиф казатында Барроо ибн Маликтин (р. а.): “Мени көтөрүп ичине ыргыткыла, мен эшикти ачам”, – деп сахабаларга айткан сөзүн далил кылышат. Барроо ибн Маликтин (разияллооху анху - р. а.) бул тандаган жолу коркунучтуу жол деп эсептелип, бирок анын тирүү калуусуна элүү пайыз болсо да, ишеним бар болчу. Ал эми өзүнө жардыруучу зат байланган кишинин тирүү калуусунун миңден бир пайыз да ыктымалы жок. Натыйжада бул экөөнү бири-бирине салыштырып болбойт.

Ошондой эле алардын, сахаба Абу Айюбдун (р. а.) айткан хадисиндеги мусулман адамдын душмандын колуна туткунга түшүп калуусу боюнча кыяс кылуулары (окшоштуруулары) да орунсуз. Анын эки негизги себеби бар: 1. Каршы тараптын ичине кирген киши өзүн өлтүрбөйт, душмандын колунан өлүүсү мүмкүн, а бирок аман калуу да ыктымалы бар. 2. Душмандын ичине кирүү

согуш учурунда болот. Ал эми тынч жашоочулардын ичине кирип алып, өзүн-өзү жардыруу айыпталган.

Абу Хурайра (р. а.) айтат: “Биз Мухаммед (с.а.в.)  менен Хайбар согушуна катыштык. Пайгамбарыбыз (с.а.в.)  бир киши жөнүндө, ал тозок ээлеринен деди. Уруш катуу болгондуктан жарадарлар көбөйүп кетти. Кээ бирлери кыйналып жатты. Жарааттарына чыдай албай, окторду сууруп, өздөрүн өзү өлтүрдү. Бул нерсе мусулмандарга катуу тийди. Ошондо алар: “О, Алланын Элчиси, Алла сиздин сөзүңүздү тастыктады. Баланча өзүн-өзү өлтүрдү”, – дешти.

Мурунку аалымдар да туткунга түшүп да өзүн-өзү өлтүрүүнүн арам экендигин айтышкан.

Ибн Хазм айтат: “Аалымдар, өз мүчөлөрүн кесип, кийинки жашоосуна зыян жеткирүү болбойт, – деген”.

Эми сөзүмдү жыйынтыктап жатып, төмөндөгүлөрдү сунуштайм:

1. Экстремизм жана такфиризм менен күрөшүүнүн программасын иштеп чыгуу.

2. Программанын кыскартылган вариантын ЖОЖдорго жана орто мектептин жогорку класстарынын окуу программасына киргизүү.

3. Бардык имам-хатибдер өздөрүнүн хутбаларында бир айда бир жолу бул темага токтолсо жана бул теманын мазмуну ошол мамлекеттеги ар бир жашоочуга жеткирүү деген ойду айткым келет.

Ассалааму алайкум ва рахматуллоохи ва барокаатух.



## Шейх Мухаммад Таккий Усмани

Урматтуу Муфтий, урматтуу сыйлуу коноктор! Сиздерге Алла Тааланын тынчтыгы, ыракматы жана берекеси болсун! Биринчиден, бизди бул керемет жерге топтогон Алла Таалага мактоолор болсун! Бул керемет жерден Алла Таала Имам Сарахси, Имам Коозихан жана башка илим, даанышмандык булактары болгон көптөгөн аалымдарды чыгарган. Мага да ушундай кереметтүү жерди көрүүнү буюрган Алла Таалага дагы бир ирет мактоо, шүгүрлөрдү айтам! Ошондой эле кыргыз элине, Кыргыз өкмөтүнө, президентке да ыраазычылыгымды билдерем. Бул жыйынга чакырган Азирети муфтий Максатбек ажыга да чоң ыраазычылык билдирем. Урматтуу коноктор! Бардыгыбызга маалым болгондой бул жыйын, симпозиум экстремизм, терроризм, такфиризм деген теманын айланасында болуп жатат. Мен өз сөзүмдө бир нече багыттарга токтоломун жана силер жакшы көңүл буруп, бардыгыбызга пайдасы тиет деген үмүттөмүн. Эч кимге жашыруун эмес, эч ким жокко чыгара албайт бардыгыбызды өкүнткөн терроризм, экстремизм, такфиризм деген туура эмес түшүнүктөр, булар жаңы пайда болгон көрүнүштөр. Мындай чогулуштарда бул туура эмес жамааттардын келип чыккан себеби эмнеде экендиги тууралу ой жүгүртүп, аныктоо бардыгыбыздын милдетибиз. Ошондой эле аларды жоюу, токтотуунун жолдорун да изилдеп аныкташыбыз зарыл. Негизи бул туура эмес пикирлер динибиздин душмандары тарабынан мусулман элди бузуу үчүн ойлоп чыгарылган бузуку, жаман ойлор. Бул жаман ойлорду мусулмандарды жаман көрсөтүү үчүн эл арасына таратып, сиңиртип жатышат. Ошол дин душмандарынын туура эмес ой, азгырууларынан улам мусулмандардын жаш жигиттери аларга алданып, алардын азгырууларына сугарылышып, каапырлардын олжолору болуп калууда. Кайсы бир аракет, иш-чара болбосун, ошол аракеттен кимге пайда тийген болсо, демек ал иш-

чараны ошол пайдалана турган адамдар баштаган болот. Ошондуктан бул болуп жаткан туура эмес иш-чарадан кимдер пайда көрүп жатат экендиги тууралу ой жүгүртүш керек. Бул туура эмес болуп жаткан аракеттен диндин душмандары гана пайдаланууда. Алардын пайда алуулары эки жол менен болот: 1) Бул туура эмес аракеттер менен мусулмандардын биримдигин бөлүп-жарып, мусулмандардын ынтымагын ыдыратуу менен, мусулмандарды бирин-бири өлтүрүгө, бири-бирине курал-жарак көтөрүүгө алып барат 2) Ислам динин, мусулмандардын жүзүн жалпы элге жаман көргөзүү менен болот. Мен бул симпозиумга катышуучулардан, сыйлуу коноктордон мындай чогулууларда ачык-айкын сүйлөшүүбүздү суранам. Мойнубузга алышыбыз керек бул туура эмес көрүнүштөрдүн пайда болуусу биздин да кемчилигибиз, бул багытта кем кызмат кылгандыгыбыздан улам. Жашыруун эмес аларга кошулуп, алардын азгырууларына сугарылып калган жаш жигиттердин арасында кээ бирлери, алар дүйнөнүн пайдасын үмүт кылбастан, Алланын ыраазычылыгын максат кылгандар да бар. Бирок алар ислам динибиздин өкүмдөрүн терең билбегендиктен, илимсиздиктен, диндин акыйкат, нурлуу болгон таалим-тарбиясынын жоктугунан, ошол диндин душмандарынын олжолору болуп калышты. Бул туура эмес көрүнүштөрдүн дагы бир себеби көптөгөн мусулмандар жашаган шаарларда мектеп, университет, ар түрдүү окуу жайларда ислам дининин так, даана таза таалим-тарбиясы берилбегендиктен. Ислам мамлекеттеринде биздин балдарыбыз мектептерге барган кезде, аларга ал жерде ислам дининин өкүмдөрү, ишенимдери, таалим-тарбиясы берилбегендиктен, баягы адашкан, алданган бузукулар келишип мына ислам дини, дин мындай болуш керек, жихад деген мындай деп туура эмес жолдомолорду айтышкандыктан, биздин жаштар дин душмандарына олжо болуп калууда. Ошондуктан аябай зарыл мусулмандар жашаган шаарларда, мектептерде, окуу жайларда туура тарбиялай турган, туура таалим бере турган, диндин кандай экенин абдан терең, таза түшүндүрө турган

программалар түзүлүш керек. Себеби, жаштар акыйкат дин деген эмне, динде ишеним кандай, диндин нурлуу багыты эмнеде, жихад деген эмне, шариаттагы өкүмдөрдү ишке кандай ашыруу керек экендигин билиш керек. Ошондуктан менин сунушум мусулман эли жашаган шаарларда ислам динин туура түшүндүргөн терең программаларды ишке ашырыш керек. Эми экинчи токтоло турган нерсе: аалымдар, диний осуят кылган имамдар элдерге жихад, таблиг, даават кылуу, жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтаруунун жол-жобосун кененирээк түшүндүрүп бериш керек. Алар элге айтышсын албетте, жашоолорун дин илимдери, динди үйрөнүү үчүн өмүрлөрүн арнаган адамдар айтып кетишкен: «Мусулман адамды эч бир ачык-айкын анын каапыр экендигине далил болбой туруп каапырлыкка чыгаруу эч качан туура эмес, болбойт». Ханафий аалымдары айтышкан: «Кайсы бир кишинин 99 сөзү каапырлыкка далалат кылса, бир гана сөзү мусулман экендигине далалат кылса, ошол бир эле сөзү 99 сөзгө караганда басым жасалып, аны мусулман деп эсептейбиз». Ошондой эле жихад дегенди туура түшүндүрүп берүү аалымдардын милдети. Туура эмес багыттагылар карманган «Кимде-ким Алла Таала түшүргөн нерсе менен өкүм кылбаса, алар каапырлар» деген аятты аалымдар, илимдүүлөр туура даана түшүндүрүп бериш керек. Туура, акыйкат түшүнүктөрдү массалык маалымат каражаттар аркылуу да элге жеткириш керек. Элди туура жолго үгүттөгөндөрдүн милдеттери да ушулар. Эми эң акыркы айта турган нерсе: биз мойнубузга албай коё албайбыз Алла Тааланын каалосу, берген мүмкүнчүлүгүнөн жаш муундарыбыздын арасында ислам динине болгон кызыгуу көбөйүүдө. Ошол жаштарыбыз Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) сүннөт жолуна эргешип жашагылары келет, шариаттын өкүмдөрү менен жүрүүнү каалашат, алар устазсыз эле, өздөрү Куран окушат, хадистерди окушат, интернет аркылуу фикх китептерин окушат. Бирок кийин алар окуп чыгып жалпы коомду карашса, калган элдер башка нерселерге чөгүп баратканын көрүшөт. Ислам динине карама-каршы нерселерди

кылып жаткандарын көрүшөт. Элдин арасындагы арам ичимдиктерди, чочконун этин, жарым жылаңач жүргөндөрдү көрүшөт. Бул нерселер баягы окуп алгандарын жүрөктөрүндө катуу бир капачылыкты, жаман нерсени ойготот. Аны көргөн душмандар пайдаланышып, буларды туура багытка алып келүү куралсыз мүмкүн эмес деп, аларды азгыра башташат. Шек жок, албетте, мындай түшүнүк эң туура эмес. Эгер биздин мусулман коомубуз туура, таза ислам динин үйрөнүп жашай турган болсо, андай туура эмес пикирлер өздөрү талкаланып жок болот. Эми ушундай туура түшүнүккө келүү акырындык менен болот. Мен токтолгум келген сөздөр ушулар мен үмүт кылам мындай чогулуштардан бардыгыбыз пайда алып чыгабыз, Алла Таала бардыгыбызга ийгиликтерди берсин! Сөзүмдүн акырында көңүл бургандарга, катышып, уюштургандарга дагы бир жолу ыраазычылыгымды билдирем!



**Шейх-уль-Ислам Талгат Сафа Тажудин,**

Орусия мусулмандарынын борбордук диний башкармалыгынын (РМБДБ) төрагасы

Докладдын башында өзүнүн көп кылымдык тарыхы ар дайым Орусия менен тыгыз байланышта болгон жана Алла Таалага шүгүр, жер шарынын эки эң чоң геосаясаттык аймагы болгон Борбордук Азия менен Орусиянын бири-бирине болгон көз карандылыктарын акыйкатта аныктаган ошол көп кырдуу байланыш бүгүнкү күнгө чейин сакталып келе жатат, азыркы глобалдык процесстердин катарында Борбордук Азия аймагында  болуп жаткан экстремизм жана такфиризм көйгөйлөрүн талкуулоого арналган бул маанилүү эл аралык симпозиумду уюштургандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мусулмандарынын диний башкармалыгына жана республиканын

дин иштери боюнча Мамлекеттик комиссиясына чоң ыраазылыгымды билдирип кетүүгө уруксат бериңиздер.

Мага бир тууган Кыргыз Республикасынын борборуна чогулган бул маанилүү мусулмандардын эл аралык илимий-практикалык симпозиумунун бардык катышуучуларына жана конокторунаОрусия мусулмандарынын Борбордук диний башкармалыгынын жана анын төрагасы урматтуу Шейх-уль-Ислам Талгат Сафа Тажудиндин атынан алардын ысык саламын жана эң жакшы каалоо-тилектерин айтып коюу урматы насип болду! Ал Улуу Жаратуучубуздан бүткүл мусулман үммөтүнө абдан маанилүү болгон өзүнүн алдына бүткүл дүйнөлүк жана бүткүл аймактык ченемде эң көйгөйлүү маселелерди дагы бир жолу талкуулоону максат кылган чогулушка, толук ийгилик насип кылуусун тилеп дуба кылат.

Бул көйгөйлүү маселелердин аябай эле татаалдыгы, анын жалаң эле мусулмандар үчүн эмес, бүткүл дүйнө коомчулугу үчүн бүгүнкү күндөгү көйгөйлүүлүгү менен аныкталат. Анткени экстремизмдин жана анын терсаяктык жана такфиризм сыяктуу кесепеттери, азыркы мусулман үммөтү үчүн, уламдан-улам чоңоюп бара жаткан рак шишиги сыяктуу болуп жатат. Алар менен каршы күрөш жүргүзүүдөөзүбүздүн эле тагдыр эмес, бүткүл адамзаттын тагдыры да биздин чечкиндүүлүгүбүздүн деңгээлине байланыштуу.

Мындай тагдыр чечилүүчү күрөштө биздин ийгилигибиз, биз өзүбүздүн биримдигибизди касиеттүү Куранда жана Мухаммад (с.а.в.) пайгамбардын таза Сүннөтүндө камтылган исламдын чыныгы жана бурмаланбаган негизине канчалык деңгээлде тургуза алабыз, мына ага байланыштуу болгон жана мындан ары да боло бермекчи.

Мына ушундай нечендеген кылымдар менен сыналган чыныгы жолду көрсөтүүчү негиздер менен гана мусулмандар бүгүнкү дүйнөлүк согушчан кудайсыздыктын исламга, ошону

менен бирге эле даңктуу ата-бабаларыбыз аздектеп бизге мурас кылып калтырып кеткен Ыйык динибизге жана Кудуреттүү Алла Тааланын каалоосу менен, ар түрдүү мамлекеттерди жана калктарды бөлүп турган географиялык чектерден ийгиликтүү өтүп жаткан кайталангыс жалпы дүйнөлүк цивилизацияны кура алган биздин мусулмандык жашоо салтыбызга койгон чабуулуна татыктуу сокку ура алышмакчы.

Мындай укмуш-ижаздын сыры эмнеде? Мунун сыры, анткени ислам цивилизациясын куруу, бардык калган цивилизациялардан айырмаланып, жер шарынын өзүнчө бир географиялык аймагы менен же өзүнчө бир калк менен эле чектелип калган эмес, жок, бирок башынан эле Ыйык Куран жана Пайгамбарыбыз САВдын (с.а.в.) Сүннөтү бириктирген мусулмандардын эң бекем, руханий бир туугандык биримдигине, алардын Улуу Алла Тааланын чакырыгына олку-солкулуксуз эргешүүлөрүнө негизделген:

**وَاعْتَصِمُوا بِحَبْلِ اللَّهِ جَمِيعًا وَلَا تَفَرَّقُوا وَاذْكُرُوا نِعْمَةَ اللَّهِ عَلَيْكُمْ إِذْ كُنْتُمْ أَعْدَاءً فَأَلَّفَ بَيْنَ قُلُوبِكُمْ فَأَصْبَحْتُمْ بِنِعْمَتِهِ إِخْوَانًا وَكُنْتُمْ عَلَى شَفَا حُفْرَةٍ مِنَ النَّارِ فَأَنْقَذَكُمْ مِنْهَا كَذَلِكَ يُبَيِّنُ اللَّهُ لَكُمْ آيَاتِهِ لَعَلَّكُمْ تَهْتَدُونَ**

**“Бардыгыңар Алланын жибин бекем кармагыла жана бөлүнбөгүлө жана Алланын силерге берген нэматын эсиңерден чыгарбагыла, силер качан душман болгон чагыңарда Ал силердин жүрөгүңөрдү жакындатты жана силер Анын мээрими менен бир бир тууган болдуңар! Силер оттуу жардын кырында элеңер жана Ал силерди ал жерден куткарды. Алла өзүнүн аяттарын силерге ушинтип түшүндүрөт, балким силер түз жол менен кетээрсиңер!”**[30]

Бул мусулмандардын биримдигине болгон улуу Чакырыктан ар кандай эрктүү же эрксиз баш тартуу, фитнага жол ачат.

[30]***(Аали Имран,103).***

Мындай бир пикирдеги жыйынтыкка Орусиянын жана КМШнын башка мамлекеттеринин мусулмандары эң ишкердүү катышкан бүткүл дүйнөлүк мусулмандардын бир катар форумдарында келишкен. Мисалга, алар өткөн жылдын март айында “Такфиристтик идеялардын жана сабатсыз фатвалардын улуттук кызыкчылыкка жана эл аралык мамилелерге тийгизген коркунучу” аттуу Каир конференциясына, ал эми ошол эле 2014-жылдын ноябрь айында “Экстремисттик жана такфиристтик агымдар аалымдардын көз карашында” аттуу белгилүү Кум шаарында өткөн Бүткүл дүйнөлүк конгресске катышты.

Бул айтылган мусулмандардын эл аралык чогулуштарынын жалпы башкы жыйынтыктары төмөндөгүлөргө такалат: такфиризмдин мусулман үммөтүнө тийгизген эбегейсиз коркунучу ушунчалык, ал исламдын туусун жамынуу менен мусулмандардын руханий биримдигин, сырткы душмандардын чакырыктарына каршы туруу жөндөмдүүлүгүнөн ажыратып, ичинен талкалайт.

Такфиризм исламды экстремисттик түшүнүүдөн жана анын негизин түзгөн эрежелерине болгон эң сабатсыз мамиленин кесепетинен келип чыгат. Буга ИГИЛдин баш кесерлеринин өздөрүислам деп эсептеген нерселерди өлүм коркунучунун астында кыйнап, таңуулагандыгы жана көпчүлүккө көрсөтүп телевизиондук камералардын алдында эч жазыксыз адамдардын канын төккөн жапайы кылык-жоруктары өкүнүчтүү күбө.

Орусиялык мусулмандарда “бул баш кесерлер деги Ыйык Куранды окушту бекен, а эгер окушса эмне үчүн алар бүткүл бүгүнкү дүйнөнүн алдында Курандын адамды сүйүү, ырайымдуулук, боорукерлик деген улуу принциптерин булгап, аны жаманатты кылат, эмне үчүн ачык бетпактык менен анын негизин түзгөн :

**لَا إِكْرَاهَ فِي الدِّين**

**“динде кыйноо жок”** [31] **,** деген насааттарына каршы чыгат?”, – деген мыйзамдуу суроо туулат.

Мен бүгүнкү эл аралык симпозиумдун катышуучулары Ыйык Куранда камтылган “өздөрүнүн ишин өз ара кеңешип чечишет”(Шуура, 38), принцибин жетекчиликке алуу менен, себебин моюнга алып коюу керек, исламдын сырткы душмандарынын гана амалдарынан турбаган Жакынкы Чыгыш жаңжалын терең талдоого алуусунан күмөн санабайм.

Биз өзүнүн баскынчылыгын өздөрүнүн аймагынан тышкары алыска – Кавказ жана Борбордук Азия аймактарына чейин жайылтууга ачык кыялданган, жихадчы-такфиристтердин кылмыштуу идеяларына жол көрсөтүүчүлүк кызматын кылган “ИЛИМ”, “Боко харам” жана буга окшогон террористтик топтордун адам сыягынан чыккан жат кылмыштарына чечкиндүү түрдө каршы чыгабыз.

Бүгүнкү күндө дүйнөлүк ислам үммөтүнүн милдети, өздөрүн мусулманбыз деп атаган баш кесер-такфиристтердин алдында бир гана өздөрүнүн катарын баш коштуруу эмес, бирок ошол душмандарга каршы күрөш жүргүзүүдө акыл-эстүү ой жүгүрткөн бардык адамдар менен, алардын улутуна же тутунган динине карабастан кызматташуунун жолун табууда турат.

Бул күрөштө дүйнөлүк мусулман үммөтүнүн бардык мүчөлөрүнүн, бардык дүйнөлүк коомчулуктун күч-аракетин бириктирүү гана ишенимдүү ийгиликке алып келет.

Бүгүнкү күндүн эң башкы көйгөйлүү маселесин чечүүдө Алла Таала бизге жардам берсин!

[31] ***(Бакара,256)***



**Сайид Мукаррам Абдул Каадыр Зоода,**
Тажикстандын муфтийи

Бисмиллаахир рохмаанир рохиим. Мактоолор Аллага, салаваттар Пайгамбарыбызга(с.а.в.) болсун жана анын саламдары баарыбызга болсун жана саламым муфтий Максатбек Ажы Токтомушевге, президиум аалымдарга болсун. Өзүмдүн атымдан мени менен келген шериктеримдин атынан жалпы эле Тажикстан элинин атынан Азирети муфтий Максатбек ажыга жана жалпы кыргыз элине, кыргыз өкмөтүнө саламымды айтам. Бүгүнкү күндө эл арасында эн чоӊ фитна экстремизм жана такфиризм. Динде түшүнүгү тайкы аз болгон адамдардын бир нерсени бекем кармап алуусу бул такфиризм. Мунун кесепети ислам ааламына тиет. Мына бул жолду кармап, өздөрүн гана момунбуз дегендер башка мусулмандарды капыр дейт. Алар жетекчилерди да, илимдүүлөрдү да сыйлабайт, өздөрүнчө бөлүнүп алышат. Илимдүүлөрдү да, алардын илимин да сыйлабайт. Мына акыркы жылдарда булардын кесепетин коомчулук көрүп жатат. Бул коркунучтуу тема жөнүндө мусулман аалымдары токтобостон айтып келе жатат. Буларга көӊүл буруп түшүндүрүү аалымдардын иши. Мына бүгүнкү симпозиум да муну түшүндүрүүгө багытталган. Бул такфиирий жолун кармангандар башкаларды каапыр дешет. Өздөрүнүн туура эмес түшүнүктөрү менен көптөгөн жаштарды азгырып, мамлекетке жана коомго коркунуч пайда алып келүүдө. Ар бир жеке кишиге жана коомду коркутуу жолдорун пайдаланып келе жатат. Алар бейпил жашоодогуларды коркутуп келүүдө. Сөзүмдүн аягында Алла Таалам жакшылыгын берсин. Бул үммөттү орто жакшы үммөт кылсын. Алла аманчылыгын берсин, тынчылыгын берсин. Кыргыз жана кошуна тажик эли дайым ынтымакта, жакшылыкта бирге бололу. Ассалааму алейкум ва рохматуллоохи ва барокаатуху.






I МЕЖДУНАРОДНЫЙ СИМПОЗИУМ
"ЭКСТРЕМИЗМ И ТАКФИРИЗМ КАК УГРОЗА СОВРЕМЕННОМУ ОБЩЕСТВУ"
(ПРИЧИНЫ И ПУТИ РЕШЕНИЯ)
الملتقى العلمي الدولي الأول تحت عنوان
«العنف والتطرف والفكر التكفيري وآثارها السلبية على المجتمع»
(الأسباب وطرق العلاج)
مدينة بشكك — عاصمة جمهورية قرغيزيا
















УПРАВЛЕНИЕ
КЫРГЫЗСТАНА
ДР. РАИД БИН ХАЛАФ БИН
МУХАММАД


























I МЕЖДУНАРОДНЫЙ СИМПОЗИУМ
"ЭКСТРЕМИЗМ И ТАКФИРИЗМ КАК УГРОЗА СОВРЕМЕННОМУ ОБЩЕСТВУ"
(ПРИЧИНЫ И ПУТИ РЕШЕНИЯ)
الملتقى العلمي الدولي الأول تحت عنوان
(الأسباب وطرق العلاج)

Жыйынтыгында “Экстремизм жана такфиризмдин коомго келтирген коркунучу” аттуу I Эл аралык симпозиум төмөндөгүдөй резолюция кабыл алды.

## РЕЗОЛЮЦИЯ

### Бисмиллахир Рохмаанир Рохиим

### Мээримдүү жана ырайымдуу Алланын ысымы менен

Бүткүл ааламдын Роббиси Алла Таалага көптөгөн мактоолор, жалпы жандуу заттарга мээрим болуп жиберилген Мухаммед (с. а. в.), Пайгамбарыбыз САВга, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына салам-салаваттар болсун.

Алла Тааланын Курани Каримде айткан төмөнкү аятына терең маани берели: «Эй, адамзат! Биз силерди бир эркек менен бир ургаачынын ортосунан жараттык. Бири-бириңер менен таанышкыла деп силерди коомдорго жана улуттарга бөлдүк. Шек-күмөнсүз Алланын даргөйүндө силердин эң барктууңар – такыбаңар. Чындыгында Алла Таала (баарын) Билүүчү, (баарынан) Кабардар!» (Хужурат сүрөсү, 13-аят). Алла Таала дагы бир аятта мындай дейт: «Эй, Китеп ээлери ! Ортобузду (түзөп), өз ара бир келишимге келели: Жалгыз Аллага кулдук кылалы, Ага эч нерсени шерик кылбайлы. Бири-бирибизди теңирге айлантып, Аллага шерик кошпойлу” – деп айткын...» (Аали Имран сүрөсү, 64-аят).

- Мусулмандар мусулманчылыкты сактап калуу үчүн өз динин туура түшүнүп, ислам динин сактоодогу болгон өз милдеттерин аткарып, жалпы адамзатка динди жеткирүүдө билим деңгээлдерин жогорулатуу;

- Жалпы мусулмандарга жакшы үлгү болуу; мусулмандарга жана алардын башчыларына даанышмандык менен туура багытты көрсөтүүчү насыйкаттарды айтып туруу;

- Туура эмес түшүнүктөрдү оңдоп, түзөө. Мусулмандарды адаштыруучу жана динди бурмалоочу чакырыктардан сактоо үчүн ислам негиздеринен чыккан дин аалымдарынын жана алдыңкы доордогу мусулмандардын багытына таянган туура багыттагы илимди таратуу. Динди аша чабуу менен карманган же аябай эле кайдыгер көз караштардан алыс болуу;
- Мусулмандар баары туура деп билген маселелерде биргеликте, дин принциптерин даңазалап, жалпыга пайдасы тийген тармакта чогуу иштешүү. Талаш маселелерде адептүүлүктү сактап, мусулмандардын өз кызыкчылыктарын сактоо үчүн ижтихад маселелеринде бири-бирин капыр, бузуку же бидаатчы деп атоодон алыс болууларын эскертүү.
- Фатва чыгаруучу мекемелер ортосундагы бирге иштешүүнү бекемдеп, учурда пайда болгон жаңы окуяларга бирдиктүү фатва берип, өз алдынча эч кандай мурда айтылбаган жекече фатва берүүдөн алыс болууларын эскертүү.
- Жаштар ортосундагы байланышты күчөтүү. Алардын ортосундагы ажырымды азайтып, өз ара кенен аң-сезимдик деңгээлде маек куруугa чакырып, алардын ар түрдүү суроолоруна жооп берип орто багытты кармануугa салым кошуу;
- Мусулмандардын биримдигин сактап калуу. Мусулман үммөтүн, мазхабдык, уруулук же улуттук негизде бөлүп жаруучу аракеттердин алдын алып, исламий биримдиктин бардык түрлөрүн бекемдөө;
- Мусулман коомчулуктардын ортосундагы талаш-тартыштарды Куран, Сүннөттүн жана мусулмандардын алгачкы доорундагы абалдын негизинде чечүү. Адилеттүү ислам чечимин түзүп, мусулман жаштарын алардын мазхабдык айырмачылыктарына карабастан баарын ар түрдүү араздашуу, согушуулардан алыстатуу;
- Терроризмдин булактарын жок кылуучу масштабдуу стратегия түзүү; мусулман үммөтүнүн жана башчыларынын

ортосундагы өз ара ишенимдүүлүктү бекемдеп, мусулмандардын жалпы көйгөйлөрүн чечүүгө көмөк көрсөтүү, коррупция менен күрөшүү, жакырчылык менен жумушсуздукту азайтуу жана коомдун бардык катмарынын жарандык укуктарын сактап берүү;

- Моралдык жана физикалык күчтөргө жеткирүүчү ыкмаларын колдонуп, жаратылыш жана адамдык ресурстарды туура пайдаланып, мусулман мамлекеттердин ортосунда тынчтыкты, ынтымакты бекемдөө;
- Орто жана калыс багытты камсыз кылуучу илим-билимдик жана тарбиялык программаларды ошондой эле диний тарапты кайрадан бир ирет карап чыгуу;
- Ислам динине жана адамгерчиликке чакырган туура адеп-ахлакты орнотуу. Ислам динине, принциптерине жана адеп-ахлагына каршы келген терс көрүнүштөгү маалыматтарды таратууну токтотуу;
- Маалыматтарды таратуудан мурун туура жана анык экендигин тактап, максаттуу кабарларды берүү. Маалымат каражаттарынын сөзү бүткүл дүйнөгө жетээрин туура эске алуу менен, терроризмди колдогон маалыматтарды таратуудан баш тартуу;
- Мусулман коомчулугундагы ар түрдүү ооруларды айыктырууга салым кошуу. Жоопкерчиликти сезип, туура эмес, адаштыруучу же жеке адамга таандык көз караштарды таратпоо. Коомчулук арасында бейкүнөө адамдардын канын төгүү ошондой эле башкаларга зулумдук кылуу шариятта тыюу салынгандыгын, арам экендигин жайылтып, ислам жана мусулмандар тууралуу бурмаланган маалыматтардын тарап кетүүсүнө алдын ала бөгөт коюу.
- Терроризм бул дүйнө жүзүнө тараган коркунучтуу феномен. Терроризмдин дини да, мекени да жок. Исламды терроризм менен күнөөлөө бул зулумдук жана курулай доомат. Курандагы ачык-айкын аяттар Курани Каримдин жалпы жандуу заттарга мээрим

болуп түшүрүлгөнү жана зордук-зомбулуктун, зулумдуктун бардык көрүнүштөрү менен күрөшкөнү мунун баары терроризмди исламга жабыштыруу бул чыныгы жалаа экендигин тастыктайт.

- Динге байланышы жоктугу, радикалдык терроризмдин эң негизги себептеринен. Себеби, ал зордук-зомбулуктун баарын алып келет.
- Ар бир адам төрөлгөндөн тартып адеп-ахлактуу болууга даяр. Аны түз жолдон бурмалап, бузукулукка тартуу туура эмес.
- Терроризм жана диний радикализм менен күрөшүү исламды жамандоо жана ага каршы согуш жарыялоо менен болбойт. Тетирисинче, мусулман мамлекеттери, аалымдары жана исламий уюмдар менен биргеликте иштешүү, терроризмге каршы күрөшүү менен болот.
- Ислам дини эркиндикти сыйлап, урматтайт. Бирок ал эркиндик жоопкерчилик менен байланыштуу болуп, өз чегинен ашып башка бирөөлөрдү жамандоого же дин өкүлдөрүн, динде ыйык тутулган нерселерди жамандоого шылтоо болбош керек.
- Биз баарыбыз бир дүйнөдө жашайбыз. Баарыбыз бир коомчулукта жашаган соң бири-бирибизден таасирленип инсандык маданиятты чогуу курууга жана баарыбыздын окшош кызыкчылыгыбызга жетүүгө умтулушубуз керек.
- Адамдар өз ара байланышып, таанышып туруулары, бул инсаниятын эң зарыл муктаждыгы. Бирок бул байланыш, аралашуу эки тараптын бирөөсүн жокко чыгаруу, жашоодон жоготуу менен болбойт.
- Мурун тарыхта болуп өткөн каталар боюнча бир-бирибизди кечиришибиз керек, бирок бирөөнүн укугун тебелебестен, ошол окуялардан пайдалуу сабактарды үйрөнүүшүбүз талап кылынат.
- Азыркы учурда бирдей стандартта жана туура таразалаганда гана адилеттүүлүктү орнотсо болот.
- Адамдык маданиятыбызда баарыбыз макул болгон жерлерде чогуу иштешип, бир-бирибизге жамандык кылбайлы.

- Кайсы бир жерде зордук-зомбулук, басып алуу болсо, ошол зулумдукту токтотолу. Кайсы бир адамдардын укуктары тебеленгенде, алардын укуктарын кайтарып берүүгө аракет жасайлы. Алла Таала бизди кадыр-барктуу кылып койгон өз даражабызды эстеп, ошондой бололу.

Симпозиумдун катышуучулары жогоруда белгиленген маселелерди толугу менен колдоп кабыл алышты. Ошондой эле резолюцияда белгиленген максаттарды биргеликте ишке ашыруу үчүн эл аралык деңгээлде кызматташуу жөнүндө макулдашылды.

## VI Глава
## Экстремизмдин алдын алуу боюнча Кыргызстан мусулмандарынын Дин башкармасынын жүргүзүп жаткан иштери

**Экстремизм жана терроризмге каршы жүргүзүлгөн иш чаралар боюнча маалымат**

1. Экстремизм, радикализмдин алдын алуу боюнча КМДБсы жана анын аймактык түзүмдөрү жалпысы болуп **818 иш чара** өткөргөн.

*Ар бир иш чара Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 7-февралындагы №24 ПЖ «Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат жөнүндө КР Коргоо Кеңешинин чечимин ишке ашыруу тууралуу» Жарлыгын аткаруу максатында өткөрүлгөн.*

2. Эң чоң иш чара 2015-жылдын 16-17-апрель күндөрү Бишкек шаарында КР Президентинин 2014-2020-жылдарга КРнын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы жөнүндө жарлыгынын алкагында Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармасы, Ыйман фонду жана Кыргыз Республикасынын дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы тарабынан уюштурулуп өткөрүлгөн “Экстремизм жана такфиризмдин коомго келтирген коркунучу” аттуу I эл аралык симпозиум болуп саналат



3. Симпозиумга 17 өлкөдөн 50 өкүл жана жалпы 650 делегат катышты. Атап айтканда Казакстан, Тажикстан, Россия, Белоруссия, Украина, Татарстан, Монголия, Пакистан, Индия, Сауд Арабия, Кувейт, Мисир, Иран, Иордания ж.б. мамлекеттеринен, белгилүү аалымдар, муфтийлер, диний жана коомдук ишмерлер, илимий кызматкерлер, мугалимдер, мамлекеттик бийлик органдары жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү болушту. Мындан сырткары аймактык казылар, жергиликтүү дин кызматкерлери да катышты.



4. Радикализм, экстремизмдин алдын алуу жана ага каршы күрөшүүдө **имамдардын** мүмкүнчүлүгүн чыңдоо багытта **29тренинг**өтүлдү. **575 имам** катышты.




Имамдардын жана дин кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу максатында республиканын ЖОЖдорунун дин таануу жана теологиялык факультеттеринин жана атайын окуу борборлорунда уюштурулган тренингдер. Тренингдерге мамлекеттик түзүмдөрдүн адистери тартылууда.





Медресе окуучуларына  18 тренинг өттү. 920 талаба катышты.



КМДБ өлкө аймагындагы диний окуу жайлардын студенттеринин окутуу программасынын жакшырышына өзгөчө көңүл буруп, алардын материалдык базасын бекемдөө аракетин көрүп келет. Ошондой эле медресе окуучуларына ар кандай терс диний агымдардын алдын алуу жана билим сапатын жогорулатуу максатында бирдиктүү окутуу программасы киргизилди жана алардын окуу системасы оптималдашууда.



5. Ар бир облустун губернатору, акимдери, жалпы активдери жана имамдары менен бирге 9 жыйын өттү.



Кыргызстан мусулмандарынын Азирети муфтийи КР Коргоо Кеңешинин чечимдерин аткаруу жана облус аймагындагы дин кызматкерлери менен жолугушуп ар кандай көйгөйлүү маселелерди жеринде талкуулоо максатында КР Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү менен жана шаар мэрлери менен жолугушту.



6. Жаштарга, аялдарга журналисттерге 5 тренинг өткөрүлдү.



Өлкөбүздө жаштардын, аялзатынын жана өзгөчө ЖМК өкүлдөрүнүн орду чоң. Андыктан бул жаатта КМДБ ар бир кесип ээлери менен жолугушуп, аларга атайын уюштурулган тренигдерди өткөрүштү.

7. Облустук казыяттар мечиттерде коомчулукка түшүндүрүү иштери боюнча 468 иш чара өткөрүштү.

Кыргызстан мусулмандарынын облус аймактарындагы казыят кызматкерлери жер-жерлерде бир катар түшүндүрүү

иштерин жүргүзүшүп, ар кандай терс диний агымдардан оолак болууга чакырды.



8. 2015-жылы ЖОЖдордон тартып мектептердин арасында, райондук администрацияларда, эл арасында жалпысы болуп масштабдуу түрдө **350 иш чара** өткөрүлдү.



*КМДБнын кызматкерлери менен казыят кызматкерлери ИИМдин өкүлдөрү менен биргеликте окуучулар арасында жана ЖОЖдордо, эл арасында бир катар туура чакырыктарды жасашып, экстремизмдин алдын алуу иш чараларын өткөрүштү.*



**Негизги темалар экстремизм, радикализм, мектеп рекетчилиги, ж.б**

*Коомчулуктагы бирден-бир көйгөй болгон мектеп окуучулар арасындагы өзүн-өзү өлтүрүү жана рекетчилик сыяктуу көрүнүштөр бир катар көйгөй жаратып келген. Бул көрүнүштөрдүн алдын алуу жана окуучуларга таалим-тарбия, акыл-насаат, шарият маселелери боюнча дин кызматкерлери профилактикалык иштерди жасашты. Ал эми экстремизмдин алдын алуу боюнча окуучулар тарабынан «Биз экстремизмге каршыбыз»,-аттуу атайын акциялар уюштурулду.*



## 9. **Ханафий мазхабы жана ахли сүннөт ишеними**

*Өлкө башчысынын жарлыгына ылайык жана КРнын 2014-2020-жылдарга карата кабыл алынган концепциясын ишке ашыруу алкагында имамдар жана дин кызматкерлери арасында атайын Ханафий мазхабы жана ахли сүннөт ишеними боюнча курстар,трениgдер, сабактар уюштурулду.*








10. Жалпысы 2015-жыл ичинде Ханафий мазхабын жана ахли сүннөт ишенимин элге түшүндүрүү боюнча ар бир райондун мечитинде лециялар уюштурулду. Орто эсеп менен ар бир райондо ***500дөн 700 чейин***адам катышты. Жалпысы ***38 500*** адамга ханафий мазхабы боюнча түшүндүрүү берилди.

*Кыргыз Республикасынын бардык аймагында жайгашкан мечиттерде, медреселерде дин кызматкерлери жарандар арасында Ханафий мазхабын жана ахли сүннөт ишенимин элге түшүндүрүү боюнча иштерди жүргүзүү менен сабактарды уюштурушту.*





Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы «Ыйман» фонду менен биргеликте үстүбүздөгү жылдын

- ✓ 3-14-август күндөрү Бишкекте,
- ✓ 17-28-августа Кадамжайда, Кызыл-Кыяда, Ош шаарында,
- ✓ 1-12-сентябрда Жалал-Абадда,
- ✓ 26-сентябрдан 7-октябрга чейин Ысык-Көлдө
- ✓ жана 16-24-октябрда Нарын облусунда имамдардын билим деңгээлдерин жогорулатуу боюнча **12 күндүк семинарларды өткөрдү**.

Жалпысы болуп **1600 имам** окутулуп,имамдардын билим деңгээлдерин өркүндөтүүкурсунан өткөрүлдү.







2014-жылы Ыйык Мекке шаарынын имамы Махир Муайкилийдин катышуусунда конференция өткөрүлдү.

## 16-майда улуттук филармонияда «ислам-экстремизм жана терроризмдин алдын алуучу дин» - аттуу эл аралык конференция болуп өттү

*16-майда Токтогул Сатылганов атындагы улуттук филармонияда Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы уюштурган «Ислам-экстремизм жана терроризмдин алдын алуучу дин»-аттуу Эл аралык конференция болуп өттү.*

Конференция Ыйык Мекке шаарынын Аль Харам мечитинин имамы шейх Махир бин Хамад Аль-Муъайкилинин катышуусунда өткөрүлдү. Аталган конференцияда Кыргызстан мусулмандарынын Азирети муфтийи Максатбек ажы Токтомушев, мамлекеттик дин комиссиясынын директору Молдалиев Орозбек Абдысаламович, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын орун басары Зулпукаров Төрөбай Закирович, Сауд Арабия падышалыгынын ыйгарымдуу элчиси Абдурахман Жумъа, КИУнун ректору жана Аалымдар кеңешинин төрагасы Абдышүкүр Нарматов катышышты. «Ислам-экстремизм жана терроризмдин алдын алуучу дин»-аттуу Эл аралык конференцияны Азирети муфтийдин орун басары Ракиев Замир кары алып барды.

«Ислам-экстремизм жана терроризмдин алдын алуучу дин»-аттуу Эл аралык конференцияда шейх Махир бин Хамад Аль Муъайкили өзүнүн докладында «Ислам тынчтыкты көздөгөн, адилеттүүлүктүн жана теңчиликтин дини» экенин баса белгиледи.

«Ислам дини – адеп-ахлактуулуктун, ыймандуулуктун, таза жашоонун жана тынчтыктын дини» экендигин КМДБнын Азирети муфтийи Максатбек ажы Токтомушев өз докладында баяндады.

Конференциянын катышуучулары өздөрүнүн жылуу сөздөрүн сүйлөшүп, жыйындын соңунда 30 параны жатка айтуу боюнча баш байгеге ээ болгон Өмүрова Гулнаранын агасына ажылык сапарга эки кишилик жолдомону сыйлуу коногубуз Ыйык Мекке шаарынын Аль Харам мечитинин имамы шейх Махир бин Хамад Аль-Муъайкили өз колу менен тапшырды.







## Колдонулган адабияттар


1. Курани Карим
2. Сахих аль-Бухарий
3. Сахих –аль Муслим
4. Тирмизий
5. Абу дауд
6. Ыйык Куран  кыргызча котормосу Baski Erkam Matbasi – 2006

## Мазмуну

Олуттуу маселе .......................................................................... 3
Кириш сөз.................................................................................. 5

I Глава
Имамдын ролу жана жоопкерчилиги жөнүндө................................. 7
Имам кандай болуу керек? ............................................................ 8
Имамды дайындоо ....................................................................... 10
Имамдын жоопкерчилигине кирген иштер..................................... 11
Жоопкерчиликтен качуу күнөө иш ................................................ 12

II Глава
Ислам тынчтыктын дини ............................................................. 14
Чатакташкандардын амалы коркунучта ........................................ 17

III Глава
Ислам дини экстремизмге жана терроризмге каршы.................. 23

IV Глава.
Экстремизм, радикализм, терроризм ............................................. 29
Экстремизмдин укуктук аныктамасы ............................................ 29
Экстремизмдин кеңири жайылган түрлөрү..................................... 31
Диний экстремизмде кездешкен айрым белгилер: ......................... 32
Радикализм ................................................................................. 32
Фундаментализм.......................................................................... 33
Фанатизм .................................................................................... 33
Терроризм................................................................................... 33
Экстремизмдин теологиялык аспектиси ........................................ 33
Зордук - зомбулук, экстремизмге каршы туруу жолдору ............... 38
Экстремизмге каршы турууда Пайгамбарыбыздан
САВ сабак................................................................................... 39

V Глава
Жихад жана анын Исламдагы түшүнүгү .......................................... 43
Жихад сөзүнүн мааниси жана өкүмдөрү ........................................ 43
Жихад кылуунун максаты .............................................................. 48
Исламдык диний экстремизмге каршы туруу .................................. 81
Исламдык диний экстремизмге каршы туруунун саясий-укуктук системасын жөнгө салуу ..................................................................... 82
Исламдык диний экстремизмге каршы туруудагы коомдук институттардын ролу ................................................................... 83
Жаштарды адеп-ахлактык жана патриоттуулук духта тарбиялоо .. 86

VI Глава
Экстремизмдин алдын алуу боюнча Кыргызстан мусулмандарынын Дин башкармасынын жүргүзүп жаткан иштери .......................................................................... 118
16-майда улуттук филармонияда «Ислам-экстремизм жана терроризмдин алдын алуучу дин» - аттуу эл аралык конференция болуп өттү ................................................................ 130
Колдонулган адабияттар ................................................................ 132

Форматы: 60х84/16.   Меловка кагазы.
Көлөмү: 8,5 б.т.   Нускасы: 2000

---

«Maxprint» басмасында басылды.

Адрес: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru